Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

# 7

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
7-класстары үчүн окуу китеби

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү
министрлиги тарабынан басууга сунушталат

Жаңы басылышы

**Ташкент – 2022**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 94(100)(075.3)
КБК 63.3(0)я72
Д 78

**АВТОРЛОР:**

**Турсун Салимов**, **Лазиз Насруллаев,**
**Нурхаят Хакимов, Санжар Кушбеков, Бахадыр Махмудбаев**

**ПИКИР ЖАЗГАНДАР:**

**Ш. Эргашев** – Өзбекстан Республикасынын Илимдер академиясынын Тарых институтунун ага илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты;

**Д. Ураков** – ӨзУУ Тарых факультети “Дүйнө тарыхы” кафедрасынын мүдүрү, тарых илимдеринин доктору;

**Я. Тайранов** – ТМПУ Тарых факультети “Дүйнө тарыхы” кафедрасынын мүдүрү, тарых илимдеринин кандидаты;

**А. Бийкузиев** – ӨзУУ Тарых факультети “Дүйнө тарыхы” кафедрасынын окутуучусу, тарых илимдери боюнча философия доктору (PhD);

**А. Исмаилов** – Өзбекстан Республикасынын Илимдер академиясынын Өзбекстан тарыхы мамлекеттик музейинин Илимий катчысы, педагогика илимдери боюнча философия доктору (PhD);

**Ж. Мустафаев** – НМПУ “Тарыхты окутуунун методикасы” кафедрасынын ага окутуучусу;

**З. Базаров** – Ташкент облусунун Паркент районундагы 5-АМЖБМ 1-категориялуу тарых мугалими.

**ШАРТУУ БЕЛГИЛЕР:**

 Сен билип аласың.

 Тарых чөнтөк дептериңе жаз!

 Эстеп көр!

 Менин тарыхый изилдөөлөрүм.

 Тарыхый талдоо!

 Билгичтер үчүн!

 Эсте сакта!

 Терминдердин түшүндүрмөсү.

 Ойлоп көрүп, жыйынтык чыгар!

 Суроо жана тапшырмалар.

*Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.*
*Оригинал макет жана дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелген.*

ISBN 978-9943-8371-5-7
© Республикалык билим берүү борбору, 2022



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Ардактуу окуучу, Сен 6-класста миңдеген жылдарга созулган дүйнө жана Өзбекстан элдеринин байыркы тарыхын окуп үйрөндүң. Адамзат тарыхын доорлоштуруу принцибине карай, Батыш Рим империясынын кулашы менен дүйнө тарыхында жаңы доор башталган. Ал V кылымдын аягынан XV кылымдын аягына чейин созулган. Анда жерге ээлик кылуучу коомдун кандай пайда болгону, кандайча өнүккөнү, элдердин жашоо мүнөзү, эмгек мамилелери, боштондук үчүн алып барылган күрөштөр менен бирге баскынчылык жана талоончулук жортуулдары жөнүндө да баяндалат.

Бул доордо Европа, Азия, Африка жана Америка материктеринде көптөгөн маанилүү окуялар болуп, маданияттын өнүгүүсүндө укмуш ийгиликтерге жетишилген. Борборлошкон ири мамлекеттердин пайда болушу кол өнөрчүлүк продукцияларын өндүрүү, соода, илим-билим жана маданияттын өнүгүүсүнө түрткү болгон. Чыгыш жана Батыш мамлекеттери дипломатиялык, соода жана маданий байланыштар себеп өндүрүш, илим-билим жана маданияттын ийгиликтеринен өз ара бөлүшүштү. Дүйнөнүн түрдүү аймактарында өзүнө мүнөздүү орто кылымдар цивилизациялары пайда болгон. Европада негизинен христиандык, Азия ислам жана буддизм диндери тарап, коомдун, илим-билим жана маданияттын өнүгүүсүнө абдан чоң таасирин тийгизген.

Жерге ээлик кылуу мамилелери адамзат тарыхында маанилүү орунга ээ болуп, ал Европада феодалдык, Азияда болсо жерге ээлик кылуучу коом деп аталат. Өкүмдарлардын өз жакындары, мансап ээлери жана дин кызматкерлерине жер-мүлктөрдү тартуулоосу натыйжасында жерге ээлик кылуу мамилелери келип чыгып, калк феодалдар (ири жер ээлери) жана көз каранды дыйкандар катмарына бөлүнгөн. Тартууланган жерлердин мурастык мүлккө айлануусу феодалдардын бийлигинин артышына, бул болсо, өз кезегинде, мамлекеттерде саясий баш аламандыктардын болушуна алып келген.

Ардактуу окуучу, орто кылымдар тарыхы жөнүндөгү маалыматтарды биз материалдык жана жазма булактар аркылуу алабыз. Материалдык булактарга тарыхый музейлердеги эмгек жана согуш куралдары, кийим-кече жана тагынчактар, тыйындар, айкелдер, сүрөттөр, о.э., үй-жайлар, сарайлар, чептер, ибадатканалар да кирет. Жазма булактарга тарыхый жылнаамалар, салык, айып пул, сот, алды-сатты, карыз милдеттемелерине тиешелүү расмий документтер, император, король жана султандардын буйруктары, саякатчы окумуштуулар жана элчилердин күндөлүктөрү, тарыхчы аалымдардын чыгармалары мисал болот, алар тарыхый жараян жана окуялар жөнүндө так маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Орто кылымдарда баштап бардык документ жана китептер каллиграфтар (сулуу жазгычтар) тарабынан жазылган, XI кылымда Кытайда, XV кылымдын ортолорунда Европада китеп басып чыгаруучу станоктордун жаратылуусу жазма булактардын санынын кескин артышына алып келген. Бул болсо орто кылымдар тарыхы жөнүндө көбүрөөк маалымат алууга шарт түзөт.

Бул мезгилде болуп өткөн окуялардын маанилүү жактары эсепке алынып, колуңдагы китепке V–XIII кылымдардын тарыхы киргизилди. Орто кылымдар тарыхынан кийинки доорлор жөнүндө 8-класстын дүйнө тарыхы китебинен билип аласың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КИТЕП МЕНЕН ИШТЕЙБИЗ

Ардактуу окуучу! Китептин ар бир темасы “Сен билип аласың”, “Эстеп көр!”, теманын негизги тексти жана “Суроо жана тапшырмалар” сыяктуу бөлүктөрдөн турат. Мисалы, “Сен билип аласың’’ бөлүгүндө өздөштүрүшүң керек болгон негизги маалыматтар менен таанышасың. “Эстеп көр!” бөлүгү Сага өткөн сабактардын маалыматтарын кайталап, жаңы билимдерди өздөштүрүшүң үчүн зарыл болгон жагдайды түзөт.

Теманын негизги текстинде “Тарых чөнтөк дептериңе жаз!”, “Менин тарыхый изилдөөлөрүм” сыяктуу бөлүктөр кошумчаланат. “Тарых чөнтөк дептериңе жаз!” бөлүгүндө кызыктуу кошумча маалыматтар берилет. “Менин тарыхый изилдөөлөрүм” аркылуу сен түрдүү мамлекеттерге таандык тарыхый окуяларды анализдөөнү, салыштырууну жана аларга карата ой билдирүүнү үйрөнөсүң.

Темалардын негизги текстинде “Тарыхый талдоо!” бөлүгүн да кезиктиресиң. Анда сен көңүл бурушуң зарыл болгон теманын эң маанилүү маалыматтары, о.э, кызыктуу окуя-кубулуштарга көңүл бурулат.

Ар бир теманын аягында “Суроолор жана тапшырмалар” берилген болуп, аларды аткаруу аркылуу жаңы теманы канчалык жакшы өздөштүргөнүңдү аныктоого болот.

Бул бөлүктө оболу, маанилүү идея жана корутундулар берилет. Мындан сырткары суроолорго жооп берүү үчүн, китептин тексти гана эмес, о.э, кошумча, мисалы, интернет маалыматтары, жазма булактар, илимий-публицистикалык чыгарма жана китепчелерден пайдалануу зарыл болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



# I БӨЛҮМ

# ОРТО КЫЛЫМДАРДА ЕВРОПА ЭЛДЕРИ (V-XIII кылым)






Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 1-тема

# Герман уруулары жана Рим империясы



*Герман уруулары согуш талаасында*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **герман уруулары, алардын жайгашуусу жана айыл-чарбасы жөнүндө;**
- **урук-уруучулук салттары, диний ынанымдары, уруулар союздаштыгынын пайда болушу жөнүндө;**
- **Рим империясынын экиге бөлүнүшү, кризиске учурашы жана анын себептерин;**
- **герман урууларынын Рим империясы аймагына жасаган баскынчылыктары жана анын кесепеттери жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**ЭСТЕП КӨР!**

- **Рим империясы өзүнүн күч-кудурет чокусуна качан жана кандай жетишкен?**
- **Байыркы дүйнөнүн кандай империяларын билесиң?**

## ГЕРМАН УРУУЛАРЫ

Рим империясынын түндүк аймактарында жашаган герман урууларынын жер которуулары (б.з.ч. IV–VI кылымдар) Европа тарыхында маанилүү окуялардан бири болгон. Бул уруулар жөнүндөгү алгачкы жазма маалыматтар Юлий Цезардын "Галлия согушу жөнүндө эскерүүлөр" жана Рим тарыхчысы Корнелий Тациттин "Германия" аттуу чыгармаларында берилген.


Герман уруулары Европанын түндүгүндө жана Рейнден Эльба дарыясына чейинки аймактарда жашашкан. Алар бийик бойлору, көк көздөрү, кызгылт чачтары, согушчандыгы жана тапкычтыгы менен түштүк элдеринен айырмаланып турушкан. Германдардын туруктуу жана бири-бирине жакын курулган кыштактары болбогон. Ар бир үй-бүлө жайлоо жана токойлор менен курчалган өзүнчө кожолукта жашап, дыйканчылык жана чарба менен алектенген. Уруулук жамаат деңгээлинде жашаган германдарда жерге карата жамааттык жерге ээлик кылуу тартиби бар болуп, уруу жамааттары чогуу токойдогу дарактарды кыйып, жаңы жерлерди ачышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



*Герман урууларынын турмушу*



Жерге алгач жөнөкөй жыгач соконун жардамында иштөө беришкен, жер семирткич салышпаган.


Кийинчерээк орун которуп эгүү усулу жана сокодон темир сокого (плуг) өтүү эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн артышына, түшүмдүн артышына алып келген. Алар жаныбарлардын терисинен кийим тигип кийишкен, кылыч, калкан, балта жана найзалар менен куралданышкан, согуш жана аңчылыкты жакшы көрүшкөн. Күндөлүк турмушунда болсо нандан көрө сүт, быштак жана этти көбүрөк жешкен. Кол өнөрчүлүктө негизинен курал-жарак, аспап-шаймандар, кийим-кече жана идиштерди жасашкан. Ушундайча аларда карапачылык, токуучулук, зергерлик, тери жана жыгачка иштөө берүү тармактары өнүккөн. Алар темир, алтын, күмүш, жез, коргошун казып алууну да билишкен. Байыркы Рим менен соода-сатык кылуу герман урууларынын турмушунда маанилүү роль ойногон. Алар римдиктерге кулдарды, чарба малдарын, тери, янтарь жеткирип беришкен болсо, римдиктер аларды чопо, айнек, бронза идиштер, алтын жана күмүш жасалгалар, куралдар жана баалуу кездемелер менен камсыздаган.

Германдар жамаасы мамлекет пайда болгонго чейин уруулук баскычын баштан өткөргөн. Ошондуктан саясий түзүлүштүн негизин уруу түзүп, урууну эл жыйынында шайлап коюлган **конунгдар** (ак сөөк адамдар) башкарган. Алар өз уруулаштарын буйруктан көрө жеке үлгү, ынандыруу аркылуу башкарышкан. Уруунун бардык куралданган эркин өкүлдөрү катыша турган ***элдик жыйын*** жогорку бийлик органы болуп эсептелген. Ал маал-маалы менен чакырылып, эң маанилүү маселелерди: уруу башчы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE








сын шайлоо, уруу ичиндеги келишпестиктерди жоюу, согуш жарыялоо жана тынчтык орнотуу сыяктууларды чечкен.

Урууну жаңы жерлерге көчүрүү маселеси да уруу жыйындарында чечилген. Германдар коомунда акырындап аскердик бөлүмдөр (дружина), алардын башчылары барган сайын жогорку беделге жетише баштаган. Ушул жараянда мүлктүк катмарлануунун күчөшү (IV–V кылымдар), өз ара жана сырткы согуштардын көбөйүп барышы өзгөчө роль ойногон. Натыйжада саясий курулушта да өзгөрүүлөр башталып, IV–V кылымдарда алеман, гот, франктардын ири уруулук союздары калыптанган.

Байыркы германдар643 дининде өзгөчө көңүл бурууга татыктуу кечилдер, заңгыраган ибадатканалар, ири иш-чаралар болбогон. Алар табият күчтөрүн – асман, чагылган, шамал жана жерди ыйык деп билишкен. Герман урууларынын социалдык-саясий турмушундагы өзгөрүүлөр жана Рим империясы менен түздөн-түз мамилелери алардын диний ынанымынын өзгөрүп баруусуна алып келген. Уруулардын арасында үгүттөө аркылуу христиандык дини тарап, социалдык өнүгүү ого бетер тездеген.

*Герман аскерлери*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ГЕРМАНДАРДЫН БАТЫШ РИМ ИМПЕРИЯСЫНА ЧАБУУЛДАРЫ

IV кылымдан Рим империясы өзүнүн мурдагы кудуретин жогото баштаган. Бул жараяндын бир топ себептери болуп, алардан эң негизгиси кулдардын эмгегинин төмөн даражада болгондугу болчу. Тарыхтан белгилүү болгондой, кулдар өндүрүш темптеринин өсүүсүнөн кызыкдар болушпаган. Империянын кризиси, кулдардын санынын көбөйүшүндө негизги орун туткан, сырткы басып алуучулук согуштарынын болбостугу көйгөйдү ого бетер курчуткан.

Башкаруу бийлигин, о.э, кошуунду тамак-аш, кийим-кече, согуш куралдары менен камсыздоо зарылчылыгы салыктардын жылдан-жылга ашуусуна алып келген. Бул болсо жөнөкөй шаардыктар жана дыйкандардын арасында да нааразылык маанайын күчөткөн. Кризис 395-жылы Рим империясынын экиге: Батыш жана Чыгыш бөлүктөргө бөлүнүшү менен аяктаган. Күчтүү кризисти баштан өткөрүп жаткан Батыш империяга герман уруулары: вандалдар, вестготтор (батыш готтор), остготтор (чыгыш готтор), англдар, сакстар, франктар жана башка уруулардын чабуулдары күчөгөн.


*Рим армиясы*

Элдердин улуу жер которууларын чыгыштан Европага жортуул баштаган көчмөн хунн уруулары тездештирген. Хунндардын куугунунан качып Рим империясынын аймагына өткөн вестготтор империянын кошуундарын талкалаган. Ушул жеңилүүдөн соң империя өзүн оңдой албаган. Ошол себеп Вестготтор 410-жылы кол башчылары Аларих жетекчилигинде “түбөлүктүү шаар” наамын алган Римди ээлеген. Вестготтор шаарды үч күн талашкан. Элдин каршылыгы жана тамак-аш запастарынын түгөнүшү варварларды шаарды таштап, түштүк Галлияга чегинүүсүнө мажбур кылган. Дал ошол вестготтор 418-жылы түштүк-батыш Галлияда алгачкы варвар королдугу – Вестгот королдугун түзгөн. Көп өтпөй вандал жана алан уруулары түндүк Африкада, остготтор – Италияда, франктар – Галлияда, англ-сакстар – Британия аралдарында жайгашып, өз мамлекеттерин түптөшкөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Герман урууларынын Рим империясына бастырып кириши*

### БИЛГИЧТЕР ҮЧҮН!

*Батыш Рим империясындагы аскердик башчылардан бири Одоакр 476-жылы өз кошууну менен козголоң көтөрүп, соңку император Ромул Августулду тактыдан оодарып, монастырга жиберген. Императордук ордендерин Константинополго жиберүүнү буюрган. Бул дата тарыхта Европада кулчулук коомунан жерге ээлик кылуу мамилелерине (феодалдык коомго) өтүүнүн башталгандыгын билдирген.*

Остготтор Италияда борбору Равенна болгон күчтүү королдук түзгөн. Алардын королу Теодорих байыркы маданиятты сактоо жана Римди кайра калыбына келтирүүнү максат кылган. Анын премьер-министри римдик аристократ, мыкты философ Боэций эле. Боэций өз ара согуштарды токтотууга аракет кылса да, остготтор менен римдиктердин ортосундагы ыркысыздыкты жоюунун айласы болбогон. Келишпестиктер остготтор эң жакшы жерлерди ээлеп алганы үчүн гана эмес, оболу дин, үрп-адаттар, тилдеги айырмалар себеп болгон. Остготтор менен римдиктердин ортосундагы келишпестиктер, Византиянын басып алуулары VI кылымдын ортолоруна келип, остгот королдугунун кулашына алып келген. Бирок тез арада Түндүк Италияга дагы бир герман уруусу лангобарддар бастырып кирген. Алар Лангобард королдугун түзүшкөн.

### ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Конунг – уруу башчысы, аристократтардын жогорку өкүлү.**

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Герман уруулары жөнүндө кандай түшүнүккө ээ болдуң? Алар жөнүндө кимдер маалымат жазып калтырган?**
2. **Рим империясынын күчсүздөнүүсүнө кайсы факторлор себеп болгон?**
3. **Ойлоп көр: эмне үчүн герман уруулары Рим империясынын бай маданиятын кыйраткан?**
4. **Герман уруулары каерлерде өз мамлекеттерин түптөшкөн?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 2–3-тема

# Франктар мамлекети: королдуктан империяны көздөй



*Франктар*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- франк уруулары, королдуктун түзүлүшү жана король Хлодвиг;
- мамлекеттик башкаруу жана христиандыктын кабыл алынышы;
- Карл Мартелл менен Пипин Кысканын доорунда өткөрүлгөн реформалар;
- Улуу Карлдын аскердик жортуулдары, кең аймактарды басып алып, империяга негиз салуусу;
- “Жаңы Рим империясы”нын талкаланышы жана Капетингдер династиясы жөнүндө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**ЭСТЕП КӨР!**

- **Элдердин улуу жер которуулары кандай башталган?**
- **Герман королдуктары каерде жана кандай түзүлгөн?**
- **“Империя” термини эмнени билдирет?**

*Улуу Карл тарабынан уруулардын баш ийдирилиши*

## ФРАНК УРУУЛАРЫ

Герман уруулары курган мамлекеттердин арасында туруктуу жана узак жашаганы Франктардын королдугу болгон. Франк уруулары алгач Рейн дарыясынын ылдыйкы бөлүгүндө жашашкан. Алар да башка герман уруулары сыяктуу урук-уруулук тартибинде жашап, дыйканчылык жана чарбачылык менен алектенишкен. Талоончулук согуштары франктардын да мүлктүк катмарлашуусун тездетип, аскердик аристократтар менен дружиналардын таасирин күчөткөн.



*Франктардын тыйыны*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Хлодвигдин жолун улантуучулар*

## ФРАНКТАРДЫН КОРОЛДУГУ

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Хлодвигдин буйругуна ылайык, Сали франктарынын эски адат-мыйзамдары топтолуп, латын тилинде "Сали акыйкаты" жазылган. Анда айтылгандай, жер-мүлк эркектер тарабынан гана мурас катары муундан-муунга өткөн, түрдүү кылмыштар үчүн төлөм жана жаза түрлөрү көрсөтүлгөн. Мыйзамдарда социалдык теңсиздик өз ордун тапкан болуп, аристократтар, эркин франктар, көз каранды кишилер же кулдар кылган кылмыштары үчүн түрдүү төлөмдөргө тартылган.*

Франктардын V кылымдын ортолорунан Рим империясынын аларга коңшу аймактары – Сена жана Луара дарыяларынын бассейндерине чабуулдары күчөгөн. Франктар мамлекети Түндүк Галлияда түзүлгөн. Анын негиздөөчүсү Меровейлер уруусунан чыккан Сали франктарынын жол башчысы **Хлодвиг** болгон. Анын кошууну 486-жылы Суассон шаарына жакын жерде Рим кошуунун жеңген, андан соң вестготторду баш ийдирип, Түштүк Галлияны да ээлеген.

Меровейдин небереси Хлодвиг франктардын алгачкы королдугу – Меровингдер династиясына негиз салган. Ал бардык тактыга талапкерлерди жок кылып, элдик жыйындарды чакырбай коёт. Королдун сарайы башкаруу борбору болуп эсептелген. Королдуктун аскердик күчү көп сандуу дружина болгон. Аймактарды башкаруу графтарга тапшырылган.

Франктар Галлияны башкарып турганда жергиликтүү рим-галл аристократтарынын жер-мүлктөрүнө тийишпеген. Анча көп сандуу болбогон франктарга Рим императоруна тиешелүү жана бош жерлер бөлүп берилет. Натыйжада франктардын бийлигин тааныган жергиликтүү аксөөктөр Хлодвигге мамлекетти башкарууда жардам берип, акырындык менен франк аристократтары менен кошулуп кетишкен. Франктарда мамлекеттин эли аралаш латын-герман тилинде сүйлөшкөн, ал кийинчерээк француз тилинин негизине айланган. Жазуу үчүн латын тили гана колдонулган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ХРИСТИАНДЫКТЫН КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ


Франктардын бутпарастык (көп кудайлык) диндери аларды Галлияда бийлик жүргүзүүсүнө дээрлик жардам бербеген. Элдин арасында жогорку бедел жана таасирге ээ болгон христиан чиркөөсүнүн Франк жетекчилерине чоң жардам бериши мүмкүндүгүн түшүнүшкөн. Чиркөөнүн ар кандай бийлик кудайдан деген ишеними да королго жаккан. Хлодвиг жаңы динди кабыл алуу аркылуу мамлекетти башкарууда рим-галл элин бириктирүү мүмкүндүгүн түшүнгөн. Король 496-жылы Рим чиркөөсүнүн тартиптери боюнча христиан динин кабыл алган. Андан соң королдун дружинасы жана жөнөкөй франктар да кабыл алышкан. Бул иш-чара король бийлиги жана Рим папасы (католик чиркөөсүнүн башчысы) башчылыгындагы батыш чиркөө союздаштыгын камсыздаган.

Хлодвигди христиан динин түшүнүп кабыл алган жана үлгүлүү динчил болгон деш кыйын. Бирок жасалган бул иш-чара келечекке кызмат кылышы көздө тутулган болчу. Ошол убактан франктар жана рим-галлдыктар акырындык менен бири-бирине жакындашып, бирдиктүү элге айлана баштаган. Христиандык менен таанышуу франктарга Рим маданиятынын түрдүү багыттарын, жашоо мүнөзүн өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн берген.

Хлодвигдин мамлекеттин аймактарын уулдарына бөлүп берүүсү кийинчерээк мамлекеттин талкаланып кетүүсүнө себеп болгон.

**ЭСТЕ САКТА!**


*Франктар түзгөн мамлекет алгач аны башкарган династиялардын аты менен аталган. X кылымда борбор шаар Париждин айланасындагы аймак Ил-де Франс аталышынан келип чыгып, Франция деп атала баштапат. Өтмүштө журтубузда аны Фарангистан, элин болсо фарангдар дешкен.*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Карл Мартелл Пуате согушунда*

## КАРЛ МАРТЕЛЛ

Карл Мартеллдин доорунда франк королдугуна кооп туудурган чыр-чатактарга чек коюлган. Франктардын аймагына Пиреней тоолорунун артынан Араб халифаты кошуунунун баскыны башталган. 732-жылдагы жети күнгө созулган Пуате салгылашуусунда Карлдын атчан кошууну арабдардын чабуулун токтотууга жетишкен. Бул жеңиштин урматына Карлга – “Мартелл” (Балка) каймана аты (псевдоним) берилген.

Сырткы душмандардын чабуулдарын кайтаруу үчүн франктар кошуунду реформалоо жана күчтүү атчан кошуун түзүүгө мажбур болгон. Согуш аянттарында аттуу кошуун негизги роль ойногондуктан, элдик жөө аскерлер согушта кийинки орунда турган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БЕНЕФИЦИЙДИН РЕФОРМАСЫ

Дайыма согушка даяр аттуу кошуун түзүү максатында Карл Мартелл өзүнө аскердик кызмат өтөшү шарт болгон кишилердин санын көбөйткөн. Ал аттуу кошуун аскерлерине дыйкандар пайдаланып жаткан ижара же жамааттык жер аянттарынан бөлүштүрүп бере баштаган. Аскердик кызмат үчүн берилген жерлер ***бенефиций*** – (“тартуу”, “жакшылык”) – алгачкы орто кылымдарда Батыш Европада король же ири феодал тарабынан вассалга кайсы бир милдетти, көбүнчө аскердик кызматты аткаруу шарты менен берилүүчү жер деп аталган. Жер мураска эмес, аскердик кызмат өтөө мөөнөтүнө берилген. Эгерде аскер аскердик кызматты аткарбай койсо, бенефиций алып коюлган.

Феодду алуу менен байланыштуу бардык шарттар жер берүүчү жана алуучунун ортосундагы келишим менен бекемделген. Феод ээлерин ***феодал*** деп атоо адат түсүнө кирген. Бенефиций реформасынын натыйжасында мезгилдер өтүп феодалдар катмары калыптанып, орто кылым рыцарлыгынын негиздери түзүлгөн.

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Мезгилдер өтүп бенефиций аскердик кызматты өтөө шарты менен мураска өткөрүлө баштаган. Натыйжада X кылымда бенефиций* ***феодго*** *– келишимге көрө аскердик кызмат жана башка милдеттерди аткаруу шарты менен берилген мурастык жер-мүлккө айланган.*

**МЕНИН ТАРЫХЫЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРҮМ**

1. **Бенефиций реформасынын максат жана себептерин аныкта.**
2. **Реформанын мазмунун мүнөздө.**
3. **Алынган натыйжаларды тарых чөнтөк дептериңе жадыбал түрүндө жаз.**

Карл Мартеллдин уулу Пипин Кыска атасы жүргүзгөн чиркөө жерлерин конфискациялоо саясатынан баш тартууну чечкен жана чиркөө менен жакындашуу саясатын ишке ашырган. Анткени Меровинг королдорун тактыдан түшүрүп, өзү король болушу үчүн папалардын жардамына муктаж болгон. Акыр аягы Пипин Кыска өзүнүн максатына жеткен: Меровингдер династиясынан болгон соңку королду тактыдан түшүрүп, Рим католик чиркөөсүнүн папасына король болуу каалоосун билдирген жана андан колдоо сураган. 751-жылы Суассон шаарындагы франк аристократтарынын чогулушунда Пипин франктардын королу деп жарыяланган. Ошентип, Каролингдер династиясы расмий түрдө (751–987-жылдар) бийлик жүргүзө баштаган. Чындыгында династиянын негиздөөчүсү Пипин Кыска болсо да, мезгилдер өтүп тарыхчылар династиянын эң белгилүү өкүлү Карлдын атынан династияны Каролингдер династиясы деп аташкан.

Көп өтпөй германдардын лангобард уруулары Римди курчоого алганда папа Пипинге жардам сурап кайрылган. Пипин Италияга жортуул баштап, лангобарддар королун баштап басып алган шаарларын жана борбордук Италияны папага берүүгө аргасыз кылган. Ошол аймакта 756-жылы папанын светтик (дүйнөлүк) мамлекети (азыркы Ватикан) пайда болгон.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**БИЛГИЧТЕР ҮЧҮН!**

*Франктар Пипинди "кыска" деп аташкан – анын бою чындап эле кыска болгон (135 см), бирок айтымында король физиологиялык жактан күчтүү болуп, узун кылычтан чебердик менен пайдаланган.*





*Улуу Карлдын таажы кийүү аземи*

## УЛУУ КАРЛ

Улуу Карл Пипиндин уулу болуп, франктар мамлекетин (768–814) 46 жыл башкарган. Карл узун бойлуу, күчтүү жана чыдамкай адам болгон. Орто кылымдарда Улуу Карл жөнүндө көптөгөн уламыштар жана ырлар жазылган. Жазуучу жана жылнаамачылар анын аскердик эрдиктери, адилеттүү жана даанышмандыгын мактaшкан. Анын латынча аты (Karolus)нан Европа мамлекеттеринин өкүмдарлары өздөрүн король деп атай башташкан. Көптөгөн аскердик жортуулдарга башчылык кылып, ири империя түзгөнү, мамлекетте жаңы мыйзамдарды иштеп чыгып, агартуу жана маданиятка демөөрчүлүк кылганы үчүн тарыхчылар тарабынан Карлга "Улуу" деген наам берилген.

Карл бийлик жүргүзгөн жылдарда 53 жолу аскердик жортуулдарга чыккан. Ал чоң кошуун менен узак жортуулдарды баштап, Рим папасына жардамдашуу үчүн эки жолу Алп тоолорунан ашып, Италияга бастырып кирген. Карл лангобарддарды жеңип, алардын королун туткунга алган. Италиянын чоң бөлүгү Франктар мамлекетинин мүлкүнө айландырылган. Карл арабдардын башкаруусундагы Испанияга бир нече жолу жортуулдар жасаган. Басып алынган чакан аймакта Испан маркасы түзүлгөн.

Франк кошуундарынын эң узакка созулган жана оор согуштары Рейн жана Эльба дарыяларынын аралыгында жашаган сакс урууларына каршы (772–804) алып барылган. Карл катаалдык менен маалым даражада сакстардын христиан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



динин кабыл алуулары жана өз бийлигин таануусуна жетишкен. Саксонияны бир нече графтыктарга бөлүп, аларды башкарууга франк жана сакс аристократтарын дайындаган. Аристократтар, епископтор жана монастырлар басып алынган мамлекетте чоң жер-мүлктөргө ээ болушкан.

## КАРОЛИНГДЕР ИМПЕРИЯСЫ

Улуу Карл бийлигинин соңку жылдарында франк королдугун мурдагы Рим империясынын аймактары менен салыштырууга болот эле. Бул жагдай Карл кеңешчилеринин арасында аны, байыркы римдиктерди туурап, император деп жарыялоо идеясынын пайда болушуна алып келген. Мындай мүмкүнчүлүккө 800-жылда жергиликтүү Рим аристократтарынын папа Лев III гө каршы козголоң көтөрүү аркылуу жетишкен. Римдиктер тарабынан кол салууга учураган папа католик чиркөөсүнө туруктуулугун көрсөткөн Карл сарайына башпаанек сурап барууга аргасыз болгон. Ал Улуу Карлдан жардам сураган. Папанын өтүнүчүнө макул болгон Карл кошуун жиберип козголоңду бастырган.

Рим папасы ыраазычылык катары 800-жылдын декабрында Римге келген Карлга олуя Пётр ибадатканасында императордук таажысын кийдирген. Мына ошентип Карлдын мөөрүндө көрсөтүлгөн "Жаңы Рим империясы" түзүлгөн, анын борбору Ахен шаарында болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Всё учебники представлена на сайте UZEDU.ONLINE



## МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

Карлдын сарай өкүлдөрү жана мансап ээлери ошол маалда министрлердин милдетин да аткарышкан. Король сарайынын жогорку кызмат орундары катары: финансы, салык, аскердик багыт, ашкана, аткана жана башка кызмат орундары болгон. Ири урууларды *герцогдор* (немисче “шайланган аскердик жолбашчы”, кийинчерээк мурастык уруу башчысы) башкарган. Мезгилдер өтүп герцог эң жогорку аристократтык наамына шайланат. Чоң болбогон аймактарды император дайындаган *графтар* (немисче “король дайындаган мансап ээси”) башкарган, бул термин да аристократтар наамына айланган. Карл өз мамлекетинин чек араларын чыңдоо максатында *маркалар* (немисче “чек ара аймагы”) түзгөн, аларды *маркграфтар* (немисче “чек ара аймагынын акими”) башкарган.

Карл сарай өкүлдөрү менен мамлекетти айланып, аймактардагы чыныгы жагдайды көрүп, ошол аркылуу мамлекетти башкарган. Император жылына эки жолу – дүйнөлүк жана илимий аристократтардын жогорку кеңешмесин өткөргөн, алардын макулдугу менен указ чыгарган. Аймактарда графтардын башкаруусу уланган, бирок аларды көзөмөлдөө үчүн империянын бардык аймактарына өзү ишенген адамдардан – “өкүмдардын өкүлдөрүн” жиберген. Империянын негизги кошууну аттуу бөлүмдөр болгон.

Чиркөө епископтору, ири монастырь аббаттары император указдарынын аймактарда аткарылуусуна аракет кылышкан. Карл өз сапарлары учурунда графтар, епископтордун иш-аракетин өзү текшерген. Эгерде кызматына кыянат мамиле кылганы аныкталса, айыпкерлер дароо кызматынан четтетилген. Империя аймагынын абдан чоң болушу аны тынымсыз көзөмөлдө кармоону татаалдаткан. Жадагалса, графтар да өз аймактарында жеке бийликти орнотууга, кызмат ордуларынын мураска калуусуна умтулушкан. Бул жараян болсо мезгилдер өтүп борборлошкон башкаруунун күчсүздөнүүсүнө, империянын урашына жол ачкан. Европа өкүмдарларынын арасында Карлдын бедели жогору болгон. Анын сарайына алыс-жакын мамлекеттердин элчилери келип турушкан. Тарыхый жылнаамаларда жазылышынча, халифа Хаарун ар-Рашид элчилери аркылуу Карлга баалуу белектер катары Иерусалимдеги Иса пайгамбардын мүрзөсү жайгашкан жерди символикалуу түрдө тартууга берген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИМПЕРИЯНЫН КУЛАШЫ

Басып алуулар аркылуу куралган Улуу Карлдын Жаңы Рим империясы өнүгүүнүн түрдүү даражасындагы уруулардан түзүлгөн болуп, узак өкүм сүрүшү кыйын эле. Карлдын өлүмүнөн көп өтпөй империянын кулоо жараяны башталган. Анын неберелери доорунда Верден шаарында 843-жылы түзүлгөн келишимге ылайык империя үчкө бөлүнүп, алардын негизинде кийинчерээк үч – Франция, Германия жана Италия мамлекеттери түзүлгөн. Верден келишиминен кийин Каролингдер империясынын батыш бөлүгү Улуу Карлдын небересине берилген, натыйжада Батыш Франк королдугу пайда болгон. Бул аймактагы элдин негизги бөлүгү түндүк роман тилинде сүйлөшкөн рим-галлдардан тургандыктан, француз элинин калыптануу жараяны тездешип, аймак Галлия эмес, Франция (“франктар мамлекети”) деп атала баштаган. Бул мезгилде Каролингдер бийлигинин алсыздыгы башка элдердин тынымсыз кол салууларына шарт жараткан. Натыйжада ири феодалдыктар биригип, мамлекетти баскынчылардан коргой башташкан. Каролингдердин соңку өкүлү Людовик V каза болгондон соң, аристократтар жана чиркөө кызматкерлери 987-жылда Робертиндердин үй-бүлөсүнөн болгон граф Гюго Капетти Франциянын королу деп жарыяланган. Ошентип Францияда Капетингдер династиясына негиз салынган. Бирок Капетингдердин бийлиги баштап күчтүү болбостон, королдук IX-X кылымдарда эле бир топ өз алдынча ээликтер – Нормандия, Аквитания, Бургундия герцогдуктары, Тулуза, Шампан, Фландрия графтыктарына бөлүнүп кеткен. Алардын ар бири өз алдынча болуп, кээде королдон да күчтүүрөөк кошуун жана чоң жер-мүлктөргө ээ эле. Король өз домени (жер-мүлк) – Париж жана Орлеан шаарларын өз ичине алган Ил-де Франц герцогдугунда гана бийлик жүргүзгөн.

Францияда X-XI кылымдарда айыл чарбасы, кол өнөрчүлүк жана сооданын өсүшү башталган. Эмгекти бөлүштүрүүнүн өнүгүп баруусу себеп аймактардын өз алдынча жашоосу аяктаган. Соода-сатык аларды бири-бирине байланыштырып койгон. Аймактардын арасындагы экономикалык мамилелерди өнүктүрүү зарылдыгы феодалдык бытырандылыкты аяктоону талап кыла баштаган. Чиркөө жана феодалдардын өз башымчалыгынан жабыркаган шаар эли королду колдоп-кубаттоосунун натыйжасында анын кудурети артып барган. Бул күчтөргө таянган капетингдер XII кылымдын башында өз доменинде тартип орнотуп, мүлктөрүн көбөйтүшкөн жана акырындык менен Францияны бириктире баштaшкан. Король Людовик VI королдук жеринде турган барондун чептерин өзүнө баш ийдирүүгө жетишкен. Анын уулу Людовик VII (1108–1137) болсо Аквитания герцогдугунун мураскору – Элеонорага үйлөнүү аркылуу өз доменин кыйла кеңейткен. XIII кылымдын баштарына келип, Франциянын дээрлик бүткүл аймагында Филипп II нин бийлиги орнотулуп, король бийлиги кыйла бекемделген.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Франк королдугунун түзүлүү жараянын айтып бер.**
2. **Франктардын христиандыкты кабыл алууларын кандай баалайсың?**
3. **Жаңы Рим империясы, сенин оюңча, неге узак жашабады?**
4. **Верден келишиминен кийин кандай саясий өзгөрүүлөр болду?**




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-тема



# Британиядан – Англияга



*Англ-сакстар*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **Британиянын түпкү эли жөнүндө;**
- **англ-сакстар: коргоочудан басып алуучулукка карай;**
- **норманндардын чабуулдары жана аларга каршы күрөш;**
- **король Альфред жана анын ишмердүүлүгү;**
- **норманндардын XI кылымдагы басып алуулары.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## БРИТАНИЯНЫН ТҮПКҮ ЭЛИ ЖӨНҮНДӨ

Улуу Британия Европанын түндүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Бул аймакта б.з.ч. I миң жылдыкта кельт уруулары – бриттер жашаган. Б.з.ч. 43-жылдан баштап Британия аралдарынын чоң бөлүгүн римдиктер басып алган, ошону менен Түштүк Британиянын үстүнөн алардын 400 жылдык башкаруусу башталган. Рим империясы Британия аралдарын багындырганда аралдын түштүгүндө кельт, бритт, түндүгүндө – азыркы Ирландия жана Шотландияда – скотт, пикт уруулары жашаган.

**ТАРЫХ ЧӨНТӨК ДЕПТЕРИҢЕ ЖАЗ!**

*Лондон 43-жылы аралды Рим империясы багындаргандан кийин Темза дарыясынын жээгинде курулган жана төрт кылым бою римдиктердин башкы шаары болгон.*

## АНГЛ-САКСТАРДЫН БАСКЫНЫ

Римдин Британиядагы легиону 407-жылда Италияга кайткандан соң аралдагы римдик эл да материкке кайткан. Бул учурда аралдагы бритт, кельттердин өз ара согуштарынан пайдаланган түндүк аймактардагы пикт жана скотт уруулары аларга каршы чабуул башташат. Алардан коргонуу максатында бриттер Германиянын ички (түндүк) бөлүгүндө жайгашкан англ, сакс жана ют урууларынан жардам сурашкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Германдар алгач үч кемеде келишкен. Бирок жергиликтүү элдин аскердик жактан алсыздыгынан пайдаланып, англ-сакстар жүздөгөн, миңдеген уруулаштарын “коргоочулардан” “басып алуучуларга” айланууга үгүттөшкөн.



## КОРОЛЬ АРТУР



Аралдагы соңку римдиктерден Амвросий Аврелиан VI кылымдын башында бриттерди бириктирип, англ-сакстарга каршы дээрлик жарым кылым бою күрөшкөн. Кельт урууларынын эсинде бул жеңиштер жөнүндөгү маалыматтар кылымдар бою сакталган. Бирок уламыштарда баскынчыларга сокку берген каармандын аты өзгөргөн. Дастанчылар аны Арториус же Артур деп аташкан.

*Тегерек стол рыцарлары*

## АЛГАЧКЫ ФЕОДАЛДЫК МАМЛЕКЕТТЕР

Амвросий Аврелиандан соң бриттерде татыктуу жол башчынын жоктугу англ-сакстар тарабынан аралдын чоң бөлүгүнүн басып алынуусуна шарт түзгөн. Аралда жайгашкан англ-сакс уруулары болсо V-VI кылымдарда жергиликтүү бриттердин калган бөлүгүн баш ийдирип, өздөрүнүн алгачкы феодалдык королдуктарын түзүшкөн. Жергиликтүү бриттер аралдын түндүк-батыш бөлүгүнө сүрүп чыгарылган. Басып алуу коркунучунан көптөгөн бриттер жана кельттер франктар мамлекетинин Арморика аймагына көчүп өтүп, ал жерге Бретан наамын беришкен. Бриттердин бир бөлүгү согушта курман болгон, калгандары кийинчерээк германдар менен аралашып кеткен. Британияда кельт, бритт тилдери эмес, багындыруучу *англдар тили* үстөмдүүлүккө жетишкен. Алар түрдүү диалекттерде сүйлөшкөн, бирок жылдар өтүп англдар жашаган Мерсия диалектиси барган сайын кеңири колдонула баштаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Ошол себеп кийинчерээк багындыруучулардын сүйлөшүү тили англис, мамлекет болсо **Англия** аталышын алган. Баскынчылардын көптөгөн уруулары жана баш ийдирилген элдин калган бөлүгү бирдиктүү элге бириге баштаган. Тарыхта алар англ-сакс наамын алган.

## МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

Англ-сакс королдуктары монархиялык мамлекеттер болсо да аларда король бийлиги алсыз болчу. Король аристократтардан турган “Акылмандар кеңеши”не көз каранды эле. Кеңеш мыйзамдарды тастыктаган жана мамлекеттин жогорку сот органы болуп эсептелген. Жадагалса, кеңеш королду шайлашы жана аны тактыдан түшүрүшү да мүмкүн эле. Мамлекетте графтыктар түзүлүп, аларды королдун өкүлү – шерифтер башкарган. Ушундай түрдө англис коому акырындык менен феодалдык башкарууга өткөн. Анда ири жер ээлери – *лорд*дор пайда болгон. Жаңы түзүлгөн королдуктар тынымсыз бири-бирине каршылаш болушкан. 829-жылда Уэссекс өкүмдары Экберт аралдагы бардык королдуктардын калкын бүтүн бир мамлекетке бириктирип, өзүн король деп жарыялаган. Ошентип IX кылымдын башында англ-сакс мамлекеттери бириктирилип, мамлекет бирдиктүү түрдө **“Англия”** деп атала баштаган.

### БИЛГИЧТЕР ҮЧҮН!

### ТЕГЕРЕК СТОЛ УЛАМЫШЫ

*Уламышка караганда, король Артур кеңешмелерде катышуучулар бири-бири менен эң жакшы жай маселесинде тартышпоосу жана өздөрүн тең укуктуу сезүүсү үчүн тегерек столду ойлоп тапкан. Анткени феодалдардын ортосунда столдун төрүнө отуруу үчүн тез-тез тартышуулар болуп, бул жадагалса куралдуу кагылышууларга айланып кетчү. Тегерек стол Камелот шаарындагы эң чоң залда эле. Анын айланасындагы орундуктарда рыцарлардан өз эрдиги менен айкөл жана адал адамдардын чөйрөсүнө кирүү укугуна ээ болгон жана жогорку рыцарлык орденине жетишкендери отурганы айтылган. Булактарда рыцарлардын саны түрдүүчө келтирилген, алардын көпчүлүгүндө 24 болгону жазып калтырылган.*

*Азыркы күндө Винчестерде дал ошол 24 мүчөдөн турган топтун кеңешмеси азыр да өткөрүлүүдө, бул салт жүздөгөн жылдар бою үзгүлтүксүз уланып келатат.*

*Король Артурдун тегерек столунда рыцарлар менен мамлекеттик башкаруу, аскердик жортуулдар, мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо, жарандарды баскынчылардан коргоо сыяктуу маанилүү маселелер талкууланган.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## НОРМАННДАРГА КАРШЫ КҮРӨШ

Бириккен англ-сакс королдугу түзүлөөрү менен норманндарга каршы кескин күрөш баштоого аргасыз болгон. Норманндардын жол башчылары согушчандыгы менен айырмаланып турган.



### ЭСТЕ САКТА!

***Викингдер*** *– VIII кылымдын аягы – XI кылымдын ортолорунда Европа мамлекеттеринде деңиз жолу аркылуу соода-сатык алып барган, каракчылык жана баскынчылык жортуулдарын жасаган скандинавиялыктар (Дания, Норвегиялык уруулар) болгон. Батыш Европада аларды* ***норманндар****, Руста* ***варягдар*** *деп аташкан.*

838-жылы Экберт баскынчылардын Англияга жасаган чабуулдарынан бирин кайтара алган. Бирок ички чыр-чатактардан алсызданган англ-сакс королдуктары баскынчыларды токтото албаган. Натыйжада норманндар 842-жылы Лондонду басып алып, талап-тоношкон жана өрттөп жиберишкен. Ушундан соң көптөгөн скандинавиялыктар түндүк-чыгыш Англияга орношуп алып, бул өлкөнүн өнүгүүсүнө таасир этишкен. Даниялыктар кыйла тыгыз жайгашкан болуп, бул аймак бүткүл орто кылымдар бою *Данияга караштуу аймак* деген аталыш менен айтылган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Викингдердин Англияга чабуулу*

## КОРОЛЬ УЛУУ АЛЬФРЕД

Норманндардын чабуулу король Улуу Альфреддин (871-900) доорунда кайтарылган. Ал көп шаарларды курдуруп, чек араларды бекемдеген, деңиз кемелеринен аскердик флот түзүп, кошуунду реформалаган. Элдик аскерлерди норманндарга каршы тура алуучу, мыкты аскердик даярдыктан өткөн аскерлер менен алмаштырган. Англияда биринчи жолу өзүнчө туруктуу салык алымдарын киргизген, бул салык *“даниялыктар акчасы”*, б.а. даниялыктарга каршы күрөшүү үчүн топтоло турган салык деп аталган. Король Альфред 879-жылы норманндарды өзүнүн кол астындагы англис жерлеринин кол тийгистигин таануучу келишим түзүүгө мажбур кылган. Король Альфреддин доорунда англис жерлеринде тынчтык орноп, илим-билим өнүккөн, маданий өсүү башталган.

Король Альфред өтө билимдүү, окумуштуу адам болуп, илим-билимге демөөрчүлүк кылган. Анын доорунда сабаттуу чиркөө кызматкерлерин даярдоо үчүн епископтуктардын алдында жаңы мектептер түзүлгөн. О.э, *“Англосаксон жылнаамасы”* түзүлүп, маанилүү окуялар жылма-жыл жазып барылган. Эгерде 250 жыл бою жазылган бул жылнаама болбогондо, тарыхчылар Англиянын орто кылымдар тарыхы жөнүндө чектелген маалыматтарга ээ болушмак. Альфред тарабынан англ-сакс королдуктарынын байыркы мыйзамдары, чындыктары топтолуп, бир жыйнак түрүндө басып чыгаруу буюрулган. Кийинчерээк ага *“Альфред чындыгы”* наамы берилген. Альфред латын авторлорунун чыгармаларын англ-сакс тилине которткон, өз мамлекетинин элин сабаттуу кылууга умтулган падыша болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## ДЕНЛОНУН КАЙТАРЫЛЫШЫ

Король Альфреддин өлүмүнөн соң анын мураскорлору Денло (Дания мыйзамдары аймагы)го чабуул баштаган жана аны кошуп алышкан. Бул мезгилге келип, Денлого орношкон даниялыктар жергиликтүү эл менен кыйла жакындашып, аралаша баштаган эле. Кийинчерээк Англияда дагы ички келишпестиктер башталып, мамлекет күчсүздөнгөн. Бул доордо Дания королдугу тез өнүгө баштаган.

## БИРИККЕН КОРОЛДУК

XI кылымдын башында норманндар Англияга кайра чабуул баштаган. Дания королу Канут 1013-жылы англис жээгине кошуун түшүрүп, аны көп кыйынчылыктарсыз басып алган. Канут ошол учурда Англиянын королу деп да жарыяланган. Ал Англия менен чогуу Шотландия, Норвегия жана Швецияны өз ичине алган ири мамлекет курган. Бирок анын өлүмүнөн соң түзгөн ири мамлекети талкаланып кеткен. Ошондон соң англис тактысына Эдуард келген жана англ-сакстар бийлигин кайра калыбына келтирген.



*Король Вильгельм I*

## ВИЛЬГЕЛЬМ БАГЫНДЫРУУЧУ

1066-жылы Франциянын түндүгүндөгү Нормандия герцогу Вильгельм I норманд жана француз рыцарларынан турган кошуун менен Англиянын жээктерине түшкөн. Ал англ-сакстарды даниялыктардан куткармакчы экенин айтып, бирок чындыгында болсо Англияны баш ийдирүүгө аракеттенген. Ошондуктан ал англис чиркөөсүндө өз таасирин кеңейтүүнү максат кылган Папа тарабынан колдоп-кубатталып, англ-сакс кошуундарын жеңген жана өзүн Англиянын королу деп жарыялаган.

Нормандиялыктардын бийлиги орнотулгандан соң, көптөгөн англ-сакстар өз мүлктөрүн жоготушкан. Бардык жерде жаңы аристократтардын таш шаарлары курулган. Вильгельм I эң жакшы жерлер жана токойлорду королдун коруктары деп жарыялаган. Англистер козголоң көтөрүп, англис эмес, тескерисинче эски француз тилинде сүйлөй турган королго каршылык көрсөтө баштамкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*1066-жылдагы Вильгельм I менен англ-сакстардын ортосундагы Гастингс согушу*

Вильгельм I нин мураскорлору королдун бийлигин бекемдөөнү улантышкан. Алсак, кенже уулу Генрих I нин доорунда королдук соту күчөгөн, о.э, королдук финансы башкармасы да түзүлгөн.

Генрих I нин уул перзенти болбогондуктан анын өлүмүнөн соң такты үчүн күрөш күчөп кеткен. Узакка созулган бул күрөштө кызынын уулу Генрих II (1154-1189) жеңген.

Генрих II нин доорунда экономикалык жана аскердик реформалар өткөрүлгөн. Барондорго аскердик кызматтын ордуна казынага "Калкан акчасы" салыгын төлөөсүнө уруксат берилген. Бул реформа королго үзгүлтүксүз жалданма кошуун түзүү мүмкүнчүлүгүн берген. Ушундай түрдө Англияда королдор бийлиги күчөп барган.


## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Британиянын түпкү эли жана ал жерге баскынчылык кылган герман уруулары жөнүндө айтып бер.**
2. **Король Артур деген ким, ал жөнүндө эмнелерди билесиң?**
3. **Улуу Альфреддин ишмердүүлүгү жөнүндө эмнелер эсиңде калды?**
4. **Норманндардын чабуулдары жөнүндө билгендериңди айтып бер.**
5. **Эмне себептен Британия кийинчерээк Англия деп атала баштаган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 5-тема

# Ыйык Рим империясы



*Генрих VII*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **герман королдугунун түзүлүшүн;**
- **Оттон I ни королдон императорго айланышын;**
- **эмне үчүн жаңы мамлекет Ыйык Рим империясы деп аталганын;**
- **герман императорлору жана католик чиркөөсү: атаандаштыгын жана күрөшүн.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



## ГЕРМАНИЯ КОРОЛДУГУ

Каролингдер династиясынын Чыгыш Франк королдугундагы башкаруусу 911-жылда аяктаган. Бул убакка келгенде король бийлиги күчсүздөнүп калган эле. Жергиликтүү аристократтар 919-жылы герцогдордун эң кудуреттүүсү болгон Саксония герцогу Генрихти Чыгыш Франк мамлекетинин өкүмдары кылып шайлашкан. Бул дата Германия королдугунун пайда болгон жылы болуп эсептелген.

Бул учурда Германияга түндүктөн норманндар, түштүктөн көчмөн венгерлер кол салып турган. Алысты көздөп, акыл менен иш баштаган Генрих мамлекетти күчөтүүгө аракет кылган. Венгерлер менен 9 жылга тынчтык келишимине кол коюп, күчтүү атчандар кошуунун түзүүгө киришкен. Анын буйругу менен айылдардагы ар 9 кожолуктан бирден адам аскердикке даярдануу үчүн бургдарга (шаарларга) көчүрүлгөн. Ушундай түрдө атчандар кошууну күчөтүлүп, Генрих I нин мураскору Оттон I 955-жылы Лех дарыясынын жээгиндеги согушта венгерлердин атчан кошуунун жеңген. Ошондон соң венгерлер өз чабуулдарын токтотуп, отурукташкан жашоо шартына өткөн, христиандыкты кабыл алып, немистердин таасирине өтө баштаган. Кийинчерээк венгер феодалдары немистердин славяндарга каршы жүргүзгөн күрөштөрүндө бир нече жолу шериктеш болушкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Король Оттон I*

## ЫЙЫК РИМ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

Венгерлерди жеңген Оттон I эң кудуреттүү королго айланган. Ал королдук орденине канааттанбай, 962-жылы Италияга жортуул жасап, Рим папасы Иоанн XII тарабынан император деп жарыялануруга жетишкен.

Оттон I негизги көңүлүн чыгышка эмес, Италиянын түштүгүнө караткан, анткени Италия герман императорлорунун "дүйнөгө өкүмдар болуу" пландарында негизги орун туткан. Улуу Карл сыяктуу Оттон да өз империясын Римдин улантуучусу деп эсептеп, аны Рим (кийинчерээк Ыйык Рим) империясы деп атаган.

**ЭСТЕ САКТА!**


*Ыйык Рим империясы 962-жылдан 1806-жылга чейин өкүм сүргөн. Христиан католик чиркөөсү демөөрчүлүгүнүн астында болгондуктан ага "ыйык" деген наам берилген.*

Императорлор, айрыкча Оттон I нин небереси Оттон III өз кол астына бүткүл христиан дүйнөсүн бириктирүүнү максат кылган. Ал Римди Ыйык Империянын туруктуу борборуна айландырууга умтулган жана жадагалса байыркы Рим императорлорунун сарайынын ордуна өзүнө сарай курдурган. Бирок римдиктер ага каршы баш көтөрүп чыккан жана императордун сарайын курчап алышкан. Ошондон кийин Оттон III Римде калуудан коркуп, Равеннага көчүп өткөн. Ыйык Рим империясында эч качан өкмөт отуруучу туруктуу бир борбор болбогон. Бул учурда империянын курамына Германия жана Түндүк Италия кирген. Бирок императорлордун Италиядагы таасири алсыз болгондуктан, анда туруктуулукту камсыздоо үчүн ар бир жаңы король бул жерге жортуул жасап, Римде императорлуктун таажысын кийген, бийликтин символдорун кабыл алган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МАДАНИЙ ӨСҮҮ

Оттон I нин доорунда Германияда маданий өсүү башталган, бул адатта “Оттон Кайра жаралуу доору” деп аталган. Император сарайында адабий ишмердүүлүк кеңири жүргүзүлүп, кол жазмалар даярдалган, скриптория (устакана)лар ачылган, латын тилин үйрөнүү өнүккөн. Оттон I нин уулу Оттон II Византия ханышасына үйлөнүп, Византия менен маданий мамилелерди чындоого салым кошкон. Мамлекетте уул балдардын жана кыздардын мектептери пайда болгон. Мугалимдердин арасында билгич кечил Герберт айырмаланып турчу. Ал келечектеги король Оттон III гө устаттык кылган.

### ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!

*Замандаштары “дүйнөнүн укмушу” деп ат койгон Оттон III нүн мезгилинде салтанаттуу сарай иш-чаралары иштеп чыгылган, императордун бийлигинин символдору: таажы, бут (идол) айкели салынган алтын шар, империянын таягы жаратылган.*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ЧИРКӨӨНҮН МАМИЛЕЛЕРИ



Otton III

Императорлор өз ишинде немис чиркөөсүнүн жардамына таянган, ага демөөрчү болуу менен бирге көзөмөлдө да кармап турушкан. Чиркөөгө көптөгөн жер-мүлк жана мүмкүнчүлүктөр берген. О.э, өкүмдарлар өздөрүнө туруктуу болгон чиркөө кызматкерлеринен епископ жана аббаттарды дайындашкан. Императорлор жадагалса Рим папаларын дайындап, кааласа кызматынан четтетишкен. Ошентип чиркөө королдук кызматына өткөрүлгөн жана анын негизги таянычына айланган. Императорлордун чиркөөнү мамлекеттик аппараттын бир бөлүгүнө айландырууга аракеттенүүлөрү көп өтпөй анын күчү дүйнөлүк (светтик) көз караштан жогору деп эсептеген папалардын наразылыгына себеп болгон. XI кылымдан папалар христиан чиркөөсүнүн үстүнөн көзөмөлдү кайра колго алуу үчүн императорлорго каршы күрөш башташкан. Христиан дүйнөсүн башкаруу үчүн император жана папалардын ортосунда узакка созулган бул күрөш империянын алсырашына алып келген.

**ТАРЫХ ЧӨНТӨК ДЕПТЕРИҢЕ ЖАЗ!**

*Оттон I Римге көптөгөн епископтордун катышуусунда өзүнө макул келбеген папалардан бирин соттоп, кызмат ордунан четтеткен. Оттон III болсо өзүнүн устаты чиркөө кызматкери Гербертти Силвестер II наамы менен Рим папалыгына шайланыусуна жетишкен. Булактарда жазылышынча, Герберт кедей үй-бүлөдөн болуп, билимге умтулуусу себеп арабдар Испаниясындагы Курдоба (Кордова) жана Ишбилия (Севилья) шаарларына барып окуган. Император үй-бүлөсүнө жакындык ага архиепископ, кийин папалык кызмат ордуна жол ачкан.*

## ФЕОДАЛДЫК БЫТЫРАНДЫЛЫК

Ар бир жаңы король императорлук таажысын кийүү үчүн Римге сапарга барууну зарыл деп билген. Көбүнчө мындай сапарлар узакка созулган согуштарга айланып, королдор узак убакытка Германиядан кетүүсү керек эле. Мисалы, 996-жылда Римге барып таажы кийген император Оттон III өз өмүрүн Рим империясын кайра калыбына келтирүүгө арнап, ошол жерде өмүр бою калууну чечкен.


Германияда узак убакыт императорлордун жоктугу, натыйжада, ири феодалдардын эгемендүүлүккө умтулуусунун күчөшүнө жана династиялык келишпестиктерге алып келген.

Саксониялыктар династиясына таандык болгон акыркы император Генрих II (1014-1024) кыйла этияттык менен саясат жүргүзгөн. Ал Италиядагы чоң феодалдар жана шаарлыктардын өзүнө вассалдыгы менен чектелген. Өзү болсо Германияда жашап, түрдүү макулдашуулар аркылуу немис герцогдорун баш ийдирип, 1018-жылда Римде император катары таажы кийген. Көп өтпөй жаңы император Германияга кайтып келген жана Италиянын шаарларын немис епископтору башкарган. Анын өлүмүнөн соң Италиянын негизги бөлүгү немис королдорунун таасиринен чыгып кеткен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## САЯСИЙ ӨНҮГҮҮ

1137-жылда Германияда Штауфендер династиясы бийликке келген, анын эң таанымал өкүлү Фридрих I Барбаросса (1152–1190) эле. Анын доорунда Ыйык Рим империясы саясий жактан өзүнүн эң жогорку чокусуна жана аскердик кудуретине жетишкен. Фридрих I эр жүрөк жана таш боор кол башчы болуу менен бир катарда, таланттуу саясатчы, мамлекетти башкаруу ишин өтө жакшы өздөштүргөн өкүмдар эле. Фридрих I Венгрия, Чехия, Польша жана Дания королдору тарабынан өз бийлигинин үстөмдүүлүгүн тан алдырууга умтулган. Жадагалса Англия жана Франциядан күчтүү болууга аракет кылган. Император түрдүү дипломатиялык усулдар аркылуу Германиядагы герцог жана графтардын өз ара согуштарына чек коюп, мамлекетте тынчтык орнотуу жана империянын аймактарын кеңейтүүгө да жетишкен.

Алгач Фридрих I өз баскынчылыгын кресттүүлөрдүн жортуулдары себеп байып кеткен Италия шаарларына караткан, беш жолу жортуул жасаган жана ал жерлерде өз бийлигин орнотууга аракет кылган. Императорго Римде шаар эли менен папанын ортосунда башталган күрөш жардам берген. Мындан пайдаланган Фридрих I 1155-жылы Римге барып таажы кийген жана император деп жарыяланган. Император Италияны толук баш ийдирүү жана өзүнө көз каранды аймакка айландыруу саясатын жүргүзө баштаган. 1158-жылы чоң кошуун менен жортуул баштап, Италиянын түндүк шаарларын баш ийдирген. Бирок Милан шаарынын башчылыгында Ломбардия шаарлары баскынчыларга каршы козголоң көтөргөн. Фридрих I козголоңду басторуу учурунда Милан элин кырып, шаарды кыйраткан. Бирок Милан XII кылымдын 60–70-жылдарында кайра калыбына келип, жаңы согушка даярдык көрө баштаган. 1176-жылы Леняно согушунда императордун кошууну италиялыктар тарабынан талкаланган. Фридрих I Түндүк Италия шаарларына эркиндик укугун берүүгө жана эгемендүүлүгүн таанууга мажбур болгон. Италиянын түндүгүндөгү чоң жер-мүлктөр колдон кеткен болсо да, Фридрих I уулу Генрихти Сицилия ханышасы Констанцияга үйлөндүрүү аркылуу, Сицилия аралдарынан сырткары Италиянын түштүк бөлүгүн да өзүнө камтыган күчтүү королдукту колго киригизген. Кийинчерээк анын мураскорлору Сицилияда калып, ошол жерден туруп империяны башкарышкан. Бул болсо Германияда немис герцогдорунун өз башымчалыгын күчөтүп, династиянын кризисин ылдамдаткан.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Карл Мартелл, улуу Альфред жана Генрих I лердин аскердик реформаларынын себептерин салыштыр, окшош жана айырмалуу жактарын айтып бер.**
2. **Эмне себептен Оттон I түзгөн империя “Ыйык Рим империясы” деп аталган?**
3. **Сенин оюңча, эмне үчүн Оттон III нү “дүйнө укмушу” дешкен?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 6-тема

# Византия: Батыш менен Чыгыштын арасында



*Император Константиндин форуму*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **395-жылдагы бөлүнүүдөн соң Чыгыш Рим империясынын тагдыры кандай болгону жөнүндө;**
- **Византиянын алгачкы орто кылымдар Европасындагы орду кандай болгону жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



**ЭСТЕП КӨР!**

- **Эмне себептен Рим империясы Батыш жана Чыгыш бөлүктөргө бөлүнгөн?**

Византия дээрлик миң жыл бою Европанын эң кудуреттүү мамлекети болуп калган, жана байыркы доор жана Рим империясынын салттарын уланткан.

## ВИЗАНТИЯНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

Император Феодосийдин уулдары 395-жылы Рим империясын эки эгемендүү мамлекетке бөлүп алышкан: бири – борбору Рим шаары болгон Батыш Рим империясы, экинчиси – борбору Константинополь шаары болгон Чыгыш Рим империясы (аны гректер колониясынын атынан Византия деп да аташкан). Чоң уулу Аркадийге империянын салыштырмалуу бай аймактары тиет, ага Балкан жана Кичи Азия жарым аралдары, Сирия, Палестина, Египет кирген. Эли негизинен гректер, сириялыктар, армяндар, еврейлер, египеттиктерден турган. Гректер салыштырмалуу көпчүлүктү түзгөндүктөн, жылдар өтүп империяда латын тилинин ордун грек тили ээлеген. Европада Византиянын элин гректер деп аташкан, бирок алар өздөрүн грекче ромейлер–римдиктер деп аташкан. Византияда кулчулук сакталып калса да, элинин чоң бөлүгүн салык төлөөчү эркин дыйкандар түзүшү, жасалма сугарууга негизделген талаалардан мол түшүм алынышы мамлекеттин экономикалык туруктуулугун камсыздаган. Империяда VI кылымда да Константинополь, Александрия, Антиохия, Эдесса сыяктуу ири соода жана кол өнөрчүлүк борборлору өнүккөн. Бул факторлор “элдердин улуу көчүүлөрү доорунда” да экономиканы, күчтүү кошуунду, Рим салттарына таянган мамлекетчилик жана байыркы маданиятты сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Константинополь жана Александрияны көркөм имараттар, көп кабаттуу үйлөр, айкелдер жана фонтандар орнотулган аянттар коздоп турган. Шаарларда кол өнөрчүлүктүн айнек жасоочулук, нооту, жибек кездемелер токуу, зергерлик, архитектура багыттары өнүккөн. Испаниядан Кытайга карай болгон аймактардагы мамлекеттердин соодагерлери ромейлердин базарларына шашылышкан. Константинополду шарттуу мааниде Азия менен Европаны байланыштырган "алтын көпүрө" деп аташкан. Византиялык соодагерлер Батыш базарларында кооз кийимдер, тагынчак-жасалга, курал-жарак, сейрек кездешүүчү идиштер жана чиркөө буюмдарын сатып алышкан. Константинополь Европанын эң ири шаарына айланган, Византиянын алтын тыйыны (numisma) кылымдар бою ишеничтүү эл аралык акча болуп эсептелген.




## ВАСИЛЬЕВДИН БИЙЛИГИ

Чыгыш Римди ***Васильев*** (грекче – "падыша") башкарган. Васильевтер Европа, Байыркы Азия жана Түндүк Африканы башкаруу укугун римдиктерден алган. Император (Васильев) мансап ээлерин дайындаган, мыйзамдар чыгарган, кошуунду башкарган, согуш жарыялап, тынчтык келишимин түзгөн. Бирок ал мансап ээлери жана кошуун менен эсептешүүгө мажбур болгон, атүгүл император даражасынын мураска берилүүсү толук тастыкталбаган эле. Даражанын ыйыктыгы императордун кол тийгистигин билдирбеген: империянын миң жылдык тарыхында аларды тактыдан кулатуулар жана өлтүрүүлөр тез-тез кездешип турган.



*Айя София (Олуя София)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## ЮСТИНИАНДЫН ДООРУ

Византия өз кудуретинин туу чокусуна Юстиниан I (527–565) доорунда жетишкен. Ал чындап эле кедей дыйкан үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Аталаш агасы Юстин кошуунда жөнөкөй аскерликтен аскер башчы даражасына көтөрүлүп, императорлук тактысын ээлеген. Юстин жээни Юстинианды сарайга алып келип, анын жакшы билим алышын камсыздаган. Аталаш агасынын өлүмүнөн соң Юстиниан тактыга отурган. Ал жанына таланттуу аскер башчылар, юристтер, тарыхчыларды топтогон. Анын доорунда архитектуранын укмуш үлгүлөрү: Константинополдогу Айя София (Олуя София), Ревеннадагы (Италия) Сан-Витале ибадатканалары курулган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Юстиниан I*



*Византиянын тыйыны*

Императордун буйругу менен юристтер байыркы Рим мыйзамдарынын жыйнагын жаратышкан. Бирок император таш боор жана ушакчыларга өтө ишенчээк болчу.

Юстиниандын максаты Рим империясынын 395-жылга чейинки чек араларын кайра калыбына келтирүү болгон. Бул максатын ишке ашыруу үчүн ал Түндүк Африканы, узак согуштардан соң Италиянын чоң бөлүгүн басып алса да, анын басып алынган өлкөлөрдө кулдукту кайра калыбына келтирүүгө болгон аракети жергиликтүү эл тарабынан колдоп-кубатталбаган. Анын батышка согуштар, чыгышта Иран менен салгылашууларынын натыйжасында казынанын бошоп калышы элди кыйратып, кошуунду алдан тайдырган.


## ДУШМАНДАРДЫН КУРЧООСУНДА

Юстиниандын өлүмүнөн соң Византиянын аймактары акырындык менен кыскарып барган. Лангобарддар дээрлик бүткүл Испанияны тартып алган. Император Ираклий I Иранга каршы күрөшүп, Хусрав II нин кошуунун жеңсе да, согуш ар эки жакты алсыздаткан, бул болсо арадан көп өтпөй арабдардын Египет, Сирия, Палестинаны басып алуусуна, Балкан жарым аралында Болгария падышалыгынын пайда болушуна шарт жараткан. Империяга кийинки кылымдарда славяндар, аварлар, печенегдер (бижанактар), венгерлер, болгарлар, норманндар, селжук түрктөрү баскынчылык жортуулдарын жасап, Константинополь да бир нече жолу курчоого алынган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Империянын абалы канчалык оордосо, “дипломатия өнөрү” – сүйлөшүүлөр жүргүзүү, союздар түзүү чебердиги өзгөчө мааниге ээ боло баштаган. Ошондуктан заманбап дипломатиянын негиздерине дал ошол Византия дипломатиясынын көптөгөн эрежелери кирген.

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Византия императорунун сарайы өзүнүн салабаттуулугу жана коздугу менен чет элден келген конокторду таң калтырган. Шаан-шөкөттүү кабыл алуулар учурунда Васильев берметтер менен кештеленген кооз кийимдерде болгон; кочкул кызыл түстү император өз кийимдеринде гана пайдаланышы мүмкүн эле. Салтанаттуу аземдер императорду өз элинин жана чет элдик коноктордун оюнда жетишип болбой турган абройго, беделге көтөргөн.*



*Константинополдун чоң сарайы (кайра калыбына келтирилген)*

**СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Византия империясы кандай пайда болгон?**
2. **Чыгыш Римди кризистен асырап калган факторлорду айтып бер.**
3. **Васильев бийликти кандай башкарган?**
4. **Юстиниан I нин императорлугу жөнүндө эмнелерди билесиң?**
5. **Чыгыш Рим империясынын кийинки тагдырынан эмнелер эсиңде калды?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 7-тема

# Славян мамлекеттеринин түзүлүшү



*Варягдар*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **байыркы славяндар;**
- **славян жазуусунун пайда болушу;**
- **алгачкы славян мамлекеттеринин пайда болушу;**
- **Киев Русу мамлекетинин түптөлүүсүнүн шарт-жагдайлары;**
- **Киев Русуна христиандыктын кирип келиши;**
- **Даанышман Ярославдын реформалары жана Киев Русу мамлекетинде маданияттын өнүгүшү жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Славян мамлекеттери VII-XI кылымдарда түзүлгөн. Христиан дининин кабыл алынышы славяндарды Европа элдеринин үй-бүлөсүнө кошулушун камсыздап, алардын падышалары - княздарынын бийлигинин бекемделишине, маданиятынын өнүгүшүнө алып келген.

## БАЙЫРКЫ СЛАВЯНДАР

Славян урууларынын ата-бабалары Эльба дарыясынын жогорку агымынан Днепрдин орто бассейнине чейинки аймактарда жашаган. Бул аймактан славяндардын бир бөлүгү Эльба аркылуу түндүк-батышка, дагы бир бөлүгү Чыгыш Европага, үчүнчү бөлүгү түштүккө жылып, VI кылымда Дунай дарыясынын жээгине жеткен. Алардын баары бир тилде сүйлөшүп, өздөрүн славян (sloven) деп аташкан, бул "түшүнүктүү бирдей тилде сүйлөшүүчүлөр" деген маанини билдирет.



*Славян аскерлери*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!

*Түрдүү багыттарда аракеттенүү учурунда славян уруулары батыш, чыгыш жана түштүк топторго ажырашкан:* ***батыш славяндарга*** *– поляктар, чехтер жана словактар кирген;* ***чыгыш славяндар*** *– орус, украин жана беларус элдеринин ата-бабалары;* ***түштүк славяндарга*** *– болгарлар, сербдер, хорваттар, черногорлор, словендер, түндүк македониялыктар таандык болгон.*




Славяндардын негизинен дыйканчылык менен алектенишкен. Чарбачылык, балыкчылык, аңчылык, бал аарычылык (жапайы балды чогултуу) да айылчарбасында маанилүү орун туткан. Мех, бал жана бал аарынын момун коңшу урууларга сатышкан.

Славяндардын социалдык турмушу байыркы германдардыкы менен көп жактан окшош болгон. Алсак, коомдогу уруу-урукчулук режими, элдик жыйындын өзгөчө мааниге ээ экени, аскердик дружинага таянган княздык бийликтин күчөшү, атак-даңк жана аскердик олжолорго жетишүү үчүн коңшуларынын үстүнө баскынчылык согуштарын уюштуруу сыяктуулар. Тарыхый өнүгүү доорунда славяндарда алгач уруулук союздар, кийинчерээк алгачкы мамлекеттер пайда болгон.



*Кирилл жана Медофий*

## СЛАВЯН ЖАЗУУСУНУН ПАЙДА БОЛУШУ

Азыркы Чехия мамлекетинин ордунда IX кылымдын башында Улуу Моравия мамлекети пайда болгон. Анын алгачкы князы немис епископунан христиан динин кабыл алган, бирок анын мураскору немис руханийлеринин таасиринен кутулуу максатында православ чиркөөсү патриархынан Византияга дин боюнча устаттар жиберүүнү сураган. Моравияга 863-жылы эки дин өкүлү – Кирилл жана Мефодийлер келген. Алар славян алиппесин жаратып, Инжилди славян тилине которо баштаган. Грек жазуусунун негизиндеги славян жазуусу кийинчерээк “кирилл жазуусу” наамын алган.

Боордош дин өкүлдөрүнүн жолун жолдоочулар алардын иш-аракетин Болгария, Сербия, Хорватияда улантышкан. Кирилл жазуусу Руска да жайылган. Славян жазуусунун пайда болушу, Инжилдин которулушу славяндар маданиятынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Улуу Симеон I*

## БОЛГАРИЯ

Итил (Волга) дарыясынын жээгинде жашаган түркий болгар уруулары элдердин жер которуулары учурунда батышка жылып, Дунай дарыясынын туштугүндөгү Византия аймактарында жашаган славяндарды өздөрүнө баш ийдирген. Алгачкы славян мамлекети болгон Болгар падышалыгына 681-жылы падыша Аспарух тарабынан негиз салынып, бийликчил династия менен аталышын басып алуучулардан алган. Бирок сан жагынан аз болгон болгарлар акырындык менен славяндарга аралашып кетишкен. Болгарлар Византиянын таасиринде христиан динин кабыл алган. Болгария эң күчөгөн доордо падыша Симеон (893-927) коңшу Византия империясы менен жеңиштүү согуштарды алып барган. Бирок XI кылымдын башында Византия күчсүздөнө баштаган Болгарияны басып алган. Мамлекет XII кылымдын аягында гана эгемендүүлүккө жетишкен.

## ЧЕХИЯ ЖАНА ПОЛЬША

Улуу Моравия кыйрагандан соң, анын аймагындагы славяндарды чех уруусу баш ийдирип, X кылымдын башында Чехия мамлекетине негиз салган. Тез арада Чехияда немис епископторунун таасиринде христиан дини тараган. Мамлекет XI кылымдан Ыйык Рим империясынын курамына кирсе да, бирок өз эгемендүүлүгүн сезилерлүү даражада сактап калган. Кийинчерээк герман императору Генрих IV (1085) Рим папасынын каршы күрөшүндөгү жардамы үчүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Польшанын князы Мешко I*

чех князына королдук таажысын тартуулаган. Ушундай түрдө мамлекетте король бийлиги күчөп барып, XIII кылымда Чехия мамлекети Европадагы эң күчтүү мамлекеттердин бирине айланган.

Польша мамлекети X кылымдын ортолорунда пайда болгон. Князь Мешко I 966-жылы христиандыкты немис епископторунан кабыл алган. Польша чиркөөсү 1000-жылы архиепископтук даражасын алып, немис чиркөөсүнөн өз алдынчалыкка жетишкен. Мешко I нин мураскору Болеслав I Эр жүрөктүн башкаруусу учурунда королдук таажысына жетишкен. Христиандыктын Римден же Константинополдон кабыл алынуусу славяндардын кийинки саясий багыты, жазуусу жана маданияты, салттарынын калыптануусуна өз таасирин тийгизген. Алсак, Польша, Чехия, Хорватияда Римдин таасири жана латын жазуусунун үстөмдүгү орнотулган болсо, Болгария, Сербия жана Киев Русунда Константинополдун таасири жана кирилл алиппеси жетекчилик кылган. Бул таасир искусство жана архитектурада да даана байкалган.

## КИЕВ РУСУ МАМЛЕКЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ

Чыгыш славян урууларынын аймагында түзүлгөн мамлекет Русь деп аталган. Жылнаамаларда жазылышынча, чыгыш славян урууларынын жетекчилери IX кылымдын экинчи жарымында мамлекетти башкаруу үчүн Рюриктер үй-бүлөсүнөн князь чакырууну чечишет. Бул сунуш ошол мезгилде Европада кеңири баскынчылыктарды уюштуруп жаткан викингдерге каршы чара катары гана эмес, о.э, славян урууларынын арасындагы атаандаштыкты жоюуга да каратылган эле. Сунуш боюнча келген ага-инилер алгач, Новгород, Белоозеро жана Изборскто князьдык кылышкан. Маалым убакыттан соң алардан Рюрик гана калып, анын мураскорлору Русту көп кылымдар бою башкарышкан. Рюриктин улантуучусу Олег 882-жылы Киевди ээлеп, Киев Русу мамлекетине негиз салган жана Днепр бассейниндеги славян урууларын баш ийдирүүнү улантканн. Князьдар Игорь жана Святославдардын доорунда алардын аскердик дружиналары печенег, хазар урууларына каршы, о.э, түштүктө Византияга каршы коргонуу согуштарын жана басып алууларды уюштурушкан.



Святославдын мураскору Владимирдин доорунда князьдык ички жана сырткы душмандарга каршы күрөштү улантканн. Владимирдин аты Русь тарыхында өзгөчө орун туткан. Мунун себеби болсо анын аскердик ишмердүүлүгү менен эмес, 988-жылы Византия провослав чиркөөсүнүн салттарына ылайык христиандыкты кабыл алып, элге да ошол динди кабыл алдыруу менен байланыштуу.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЯРОСЛАВ ДААНЫШМАНДЫН ДООРУНДАГЫ РУСЬ (1019–1054)

Владимирдин өлүмүнөн соң мураскорлордун ортосундагы бийлик үчүн күрөштө тун уулу Ярослав үстөмдүк кылган. Княздын аскердик багыттагы алгачкы ийгилиги бижанактарды (печенегдерди) толугу менен жеңгени болгон. Бирок анын "Даанышман" наамына ээ болушу жаратмандыгы менен байланыштуу. Ал Волганын жээгиндеги Ярославль шаарына негиз салган. Анын доорунда мамлекеттин аймактары кыйла кеңейген.

Княз архитектуралык имараттардын курулушуна өзгөчө көңүл буруп, Киевдеги Олуя София ибадатканасын курдурган. Ал азырга чейин жакшы сакталган. Кийинчерээк ушул аталыштагы ибадатканалар Полоск жана Новгород шаарларында да курулган. Монастырлардын алдында мектептер ачылган. Новгород жана Киевде жылнаамалар түзүлө башталган. Латын жана грек тилдериндеги чыгармаларды Русь тилине которуу иштери жолго коюлган. "Русь акыйкаты" аттуу мыйзамдар түзүлүп, Ярославдын мураскорлорунун доорунда ага жаңы статьялар киргизилген. Ярослав жана анын мураскорлорунун доорунда Киев Русу княздыгынын негизги сырткы душмандары кыпчак уруулары (рустар аларды "половецтер" дешкен) болуп калган. Кыпчактар Жайык (Урал) дарыясынан Дунайга чейинки аймактарды ээлешкен. Днепр дарыясынын бассейниндеги кыпчактар биригип, XI кылымдын аягында Русь князы Владимир Мономахтын кошуундарына каршы согуштарды алып барышкан. Мономах Киев Русу княздыгынын башына келгенден соң (1113–1125), согуш аракеттерин кыпчактар жашаган аймактарга көчүргөн. Княздын өлүмүнөн соң карама-каршылык кайра башталып, княздык саясий бытырандылыкка жүз бурган.



### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР


1. **Кирилл жана Мефодийлердин иш-аракети славян маданиятынын өнүгүшүндө кандай орун туткан?**
2. **Эмне үчүн Болгар падышалыгы Болгарияга айланган?**
3. **Чехия жана Польша мамлекеттеринин өнүгүүсүндөгү жалпылыкты аныкта.**
4. **Рим же Византиянын жашоосунун кандай өзгөчөлүктөрү славян мамлекеттерине таасир этконин мүнөздөп бер.**
5. **Сенин оюңча, Русь элинин христиандыкты кабыл алуусу кандай мааниге ээ?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## Улуу Кытай дубалы

"Чангченг" сөзү Кытай тилинде – "Узун дубал" деген маанини билдирет. Бул дубал планетабыздагы эң узун дубал болуп, анын курулушу биздин заманга чейинки IV кылымдан башталып, көп кылымдар бою, б.а. 1644-жылга чейин уланган жана аякталган.

## Мачу-Пикчу

Перудагы бийиктикте жайгашкан жана байыркы инктердин жоголгон шаары болуп эсептелет. Шаардагы бардык курулуш имараттары салттуу инк техникасынын негизинде курулган: жылмаланган түрдүү өлчөмдөгү таштар бири-бирине тыгыз жабыштырылган жана алардын арасына кандайдыр бир аралашма кошулбаган.



## Орто Азиядагы Селжуктар

Тарыхчы жана географ аалым Хамидуллах Казвиний Абул-Ала Ахваланын “Тарых” чыгармасына негизделип селжуктар уруусу IX кылымда Бухара жана Самарканд шаарларына келип жайгашкандыгын айтып өткөн.

Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





# II БӨЛҮМ

# V-XIII КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ ЖАНА АМЕРИКА




Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 8-тема

# Жаңы диндин бешиги



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **арабдардын жашоо мүнөзү;**
- **дүйнөнүн жаңы дини – Исламдын пайда болушу;**
- **Ислам дининин түркүктөрү жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## АРАБСТАН ЖАНА АНЫН ЭЛИ

Араб уруулары Арабстан жарым аралы жана ага туташ аймактарда жашашкан. Алар сомий (семит) тилдүү элдерден болуп, бул тилдик үй-бүлөдө арабдардан сырткары, еврейлер, ассириялыктар, финикиялыктар жана арамийлер да сүйлөшкөн. Бул элдер узак өтмүштө Чыгыштын эң байыркы мамлекеттери: Аккад, Вавилон, Израиль падышалыктарын түзгөн.

Көчмөн арабдар – бедуиндер (чөлдүктөр) башка чарбачыл уруулар сыяктуу төө багуучулук, кой багуучулук жана жылкычылык менен алектенишкен. Алар чөлдөрдө, чөп-чарлар өсүүчү жайлоолордо уйларын багып, көчүп жүрүшкөн. Арабстандын чоң бөлүгү адамдар төөсүз жүрө албай турган аймактардан турган. Бедуиндер төөнүн сүтүн жана этин жешкен, жүнүнөн кездеме жана чатыр үчүн кийиз даярдашкан, төөнү минип согушушкан жана аракеттенишкен.




*Арабдардын жашоосу*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жарым аралдын түштүгү жана батышындагы отурукташкан жана дыйканчылык менен алектенген эли дарыя, жылгалар, кудуктардын боюнда курма бактарын жана жүзүмзарларды жаратышкан. Түндүктөн түштүккө – Византиядан Африканын чыгышына, Индияга кербен жолдору дал ошол аймактар аркылуу өткөн. Улуу Жибек жолунун боюндагы мамлекеттерде тынчтык учурунда кербен жолдору Арабстанга жылган. Мезгилдер өтүп кербен жолдорун бойлой калктуу конуштар, шаарлар пайда болгон. Аларда жашаган эл соода кербендери жана саякатчыларга кызмат көрсөтүшкөн. Алардан бири – Мекке шаары көчмөндөр жана жергиликтүү элдин товар айырбаштоо жана соода борбору болгон. Арабстандын өтө өнүккөн аймактары – Емен жана Хижаз болгон. Емен мол түшүмдүү жерлери, мөмөлүү бактары, курмазарлары менен даңкы кеткен. Арабдарда Емен "чындык", "бактылуу" деген маанилерди билдирген. Индиядан Византияга татымалдар, жибек кездемелер, бермет жана башка буюмдар ташылуучу жолдун үстүндө жайгашкандыктан, Хижаз жана Емендин деңиз жээктеринде шаарлар пайда болгон. Кургакчылык маалында чөлдөгү көчмөндөр эл отурукташкан конуштарга, алсак, Хижаз жана Еменге талоончулук чабуулдарын да уюштуруп турушкан. Арабдардын көпчүлүгү көп кудайлык диндерине сыйынышкан. Алар күн, ай жана жылдыздарга ишенишкен. Ар бир уруу түрдүү кудайларды ардакташкан. Меккедеги Кааба жалпы зыярат жайы болуп, анда уруулардын кудайлары, бут (идол) жана айкелдер сакталган. VI-VII кылымдарда элдин саны көбөйүп, уруулардын арасында суу булактары жана жайлоолор үчүн күрөш күчөгөн. Согуштарда алынган аскердик олжолор уруу жетекчилери жана аскер кол башчылардын баюусун, мүлктүк катмарлануу күчөп, уруулук тартиптин ыдыроосун тездеткен.

**БИЛГИЧТЕР ҮЧҮН!**


*Бедуиндер байыркы замандардан бери бир өркөчтүү төөлөрдү багышкан. Төөлөр бир нече күн суусуз жүрүшү, азык катары жантак менен канааттануусу жана ошол учурда жонундагы бир нече жүз килограмм жүктү ташуусу мүмкүн эле. Тарыхчылардын маалыматтарына көрө, териден даярдалуучу суу сактоочу меш (чанач) ти бедуиндер ойлоп тапкан. Төөлөр жана мештер аларга алыс жайлоолорго жетип баруу жана узак сапарларга кербендерди даярдоо мүмкүнчүлүгүн берген.*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Арабдарда соода-сатык

## ПАЙГАМБАР МУХАММАД (С.А.В.)

Ислам тарыхчылары анын негиздөөчүсү – келечектеги пайгамбар Мухаммад (с.а.в.) ды 570-жылы Меккеде Курайш уруусунун хашимийлер уругуна таандык, анчалык бай болбогон, бирок ак сөөктөргө жакын үй-бүлөдө төрөлгөнүн жазышкан. Мухаммад (с.а.в.) энесинин курсагында эки айлык түйүлдүк маалында атасы Абдуллах – бул учурда соода иштери менен Сирияда эле, Меккеге кайтаарда кокустан каза болгон. Салтка көрө, Мекке эли куйкалаган ысыктан асыроо үчүн ар жылы ымыркайларды тоодогу жайлоолордо жашоочу Бану Саад уруусуна таандык аялдарга берип жиберишкен. Мухаммад (с.а.в.) да алты айлыгынан Бану Саaддык Халима аттуу аялдын тарбиясына өтүп, көчмөндөрдүн арасында төрт жыл жашаган. Соң Меккеге кайтып апасы менен бирге жашаган. Алты жашында апасы Амина да каза болуп, аны чоң атасы Абдулмутталиб өз карамагына алган. Чоң атасы Абдулмутталиб да көп өтпөй каза болгон, ошондон кийин тарбиялоону аталаш агасы Абу Талиб өз мойнуна алган. 12 жашында Мухаммад (с.а.в.) бир мөөнөт Абу Талибдин чарбасын баккан, кийин соода иштерине кошулган. Соода иштери менен Сирияга сапарга, алсак, Халаб жана Дамаск шаарларына барган. Мухаммад (с.а.в.) кырк жашында пайгамбар болуп, жыйырма үч жыл бою адамдарды ислам динине үгүттөгөн. Мухаммад (с.а.в.) 632-жылы Мадина шаарында каза болгон жана ошол жерге көмүлгөн.



## "КУРАН"ДЫН ТҮШҮШҮ

Ислам дини булактарында жазылышынча Мухаммад (с.а.в.)га 610-жылдан баштап Алла тааладан диний аяттар түшө (аян келе) баштаган. Ал кудуреттүү, жападан жалгыз Кудайдан, б.а. Алла тааладан башка эч кандай кудай жок деп, өзүн Расулуллах – “Аллахтын элчиси, пайгамбары” деп жарыялаган.


**ЭСТЕ САКТА!**

*__“Куран”__ (арабча, “кыраат”, “окуу”) – ислам динине ынануучулардын ыйык китеби болуп, Алла таала тарабынан Мухаммад (с.а.в.)га аян аркылуу берилген. “Куран” жыйырма үч жыл бою аян кылынган болуп, 114 сүрөдөн турат.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Соодагерлер мажусийликтен жеке кудайлык динине өтүүсү аларга материалдык зыян келтиришинен коркуп, Мухаммаддын (с.а.в.) насыяттарын душмандык менен каршы алышкан. Меккенин басымдуу эли, айрыкча, Курайш уруусунун ак сөөктөрү анын үгүттөрүнө тикелей каршы чыгышкан. Натыйжада, ал башка жерлерден өзүнө жактоочуларды издөөгө мажбур болгон. Ушундай түрдө Мухаммад (с.а.в.) жана анын сахабалары б.з.ч. 622-жылы Ясрибге хижрат (көчүү) жасашкан жана шаарга Мадина (пайгамбарлык шаары) деген ат беришкен. Хижрат аталышын алган бул окуя ислам тарыхында бурулуш жасаган. Б.з.ч. 622-жылы хижрат – "көчүп өтүү" мусулман жыл эсебинин башталышы деп кабыл алынган. Көчүп өткөн адамдар мухажирлер (көчүп келгендер), Мадинада исламды кабыл алгандар ансарлар (жактоочулар) деп аталган. Ясрибдик арабдар жеке кудайлык окуусуна жакшы мамиледе болушкан. Мухаммад (с.а.в.) шаардын ээсине айланып, ал жерде алгачкы мечитти курдурган. Аллага ибадат кылуу тартибин жолго койгон, сүткордук, ичкилик, кумар оюндарына тыюу салган. Ушундай түрдө буддизм жана христиандыктан кийинки дагы бир дүйнөлүк дин пайда болгон.

## ИСЛАМ ОКУУСУ

Ислам (арабча – моюн сунуу, баш ийүү, өзүн Алланын эркине тапшыруу) – VII кылымдын башында Арабстан жарым аралында жалгыз Аллахка ишенүүнүн негизинде калыптанып, дүйнөгө кеңири жайылган диндерден бири болуп эсептелген. Ислам динине ишенүүчүлөр арабча "муслим" ("исламды кабыл алган", "тартиптүү", "туруктуу") – мусулман деп аталган.

Ислам дини беш негиз же түркүк (arkon ad-din al-islomiy) кө ээ:

1) Алланын жалгыз экенине, Мухаммад (с.а.в.) Анын пайгамбары экенине ыйман келтирүү;
2) акыл эси ордунда жана эрезеге жеткен ар бир мусулмандын беш маал намаз окуусу;
3) эрезеге жеткен жана дени сак адамдын Рамазан айында бир ай орозо кармоосу;
4) байлыгы (шариат жактан белгиленген өлчөмдө) чегине жеткен адамдын зекет бериши;
5) жолуна жана акчасына жөндөмдүү болсо, ажыга барышы.

Мусулмандар үчүн эң чоң майрам – Рамазан айты бир айлык орозодон кийин майрамдалат. Андан жетимиш күн өтүп Курман айт өткөрүлөт. Мусулмандар аптанын жума күнүн "sayyid al-ayyom va haj al-masakiyn" – "күндөрдүн улуусу жана мискиндер үчүн ажылык" деп эсептешкен.


Мухаммад (с.а.в.) Мадина жана анын айланасындагы шаарлардын калкын исламга өткөргөндөн соң, 630-жылы Мекке шаарын согушсуз ээлейт. Анын буйругу менен сахабалар Мекке элине амандык берип, Каабадан бардык бут жана эстеликтерди чыгарып ташташкан. Каабада сакталып жаткан Кара нефрит ташы Алланын "чыныгы динин"дегилерге белеги деп жарыяланган. Ошондон бери Кааба бардык мусулмандар үчүн негизги зыярат жайына айланган.

Арабстандын шаарлаары жана көчмөн уруулар кийинки жылдарда исламды кабыл алып, VII кылымда бирдиктүү мамлекетке бириккен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Орто кылымдарда Мекке шаары*

## ИСЛАМДАГЫ МАЗХАБДАР

Мазхаб сөзү арабча "багыт", "агым", "жол" маанисин билдирип, Ислам динине кандайдыр бир диний маселе, көйгөй боюнча белгилүү бир аалымдын пикирине ээрчүү, "анын жүргөн багытынан баруунУ" билдирет.

Ислам негизинен эки багыт – сунниийлик жана шиялыкка (Алинин жактоочулары) бөлүнүп, алардын ар биринде бир канча мазхабдар бар. Үчүнчү багыт – харижийлер (хавориж – бөлүнүп чыккандар) VII кылымдын экинчи жарымында кыйрап, кийинчерээк жоголуп кеткен.

Сунниийлик деп, диний мыйзам-эреже жана тартиптерди сактоодо "Курааны карим" жана пайгамбар Мухаммад (с.а.в.) дын хадистери – "Сунна"га бирдей амал кылуучуларга айтылат. Сунниийлик багытынын жактоочулары "Ахли сунна вал жамоа" деп айтылат. Бул аталышта Пайгамбар мухаммад (с.а.в.)дын сүннөтүн сактоо жана мусулмандардын негизги көпчүлүк бөлүгүнүн маанилери чагылдырылган. Бүгүнкү күндө мусулмандардын негизги бөлүгү сунниийлик багытында болуп, ал төрт фикхий мазхаб: Ханафий, Шафеий, Мааликий, Ханбалий жана эки көз караштан Ашарий жана Маатуридий акыйдалык окууларынан турат. Мазхабдар агым (фирка)дардан айырмаланат. Сунниийликтеги төрт мазхаб да тең эсептелет. Мазхабдар жалпысынан салттуу диний укуктун чегинен чыкпаган түрдө, шарият маселелеринде жеңилирээк же катаалыраак өкүм чыгаруулары менен бири-биринен айырмаланат. Орто Азияда, алсак, Өзбекстанда ханафийлик мазхабы кеңири жайылган.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Арабдардын тили, алектенген иши жөнүндө эмнелерди эсте сактап калдың?**
2. **Бедуиндердин социалдык турмушунун өзгөрүүсүнө кандай факторлор себеп болду?**
3. **Мухаммад (с.а.в.)дын өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?**
4. **Араб урууларынын биригүүсүнүн себептерин айтып бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 9-тема

# Араб халифаты: ислам ааламынын пайда болушу



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **“Хулафаи-Рашидиндердин” иш-аракети жөнүндө;**
- **калкты исламдаштыруунун жолдору жөнүндө;**
- **Уммавийлер жана Аббасийлер династиясы жөнүндө;**
- **Араб халифатынын кризисин.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Арабдар алып барган басып алуулар VII–VIII кылымдарда чоң аймактарды өз ичине алган Араб халифаты мамлекетинин түзүлүшү менен аяктаган. Халифатты алгач “Хулафаи-рашидиндер” – “туура жолдон баруучу халифалар”, соң Уммавийлер (661-750) жана Аббасийлер (750-1258) династиясы башкарган. Халифаттын курамындагы мамлекеттерде бай маданият жаратылып, ал түрдүү элдердин ийгиликтеринин биригүүсүнүн негизинде пайда болгон. Халифаттын аймактарында илим-билим, адабият жана искусство абдан өнүккөн.

## ЧАРЯРЛАР ДООРУ


Мухаммад (с.а.в.)дын өлүмүнөн соң бардык арабдарды бириктирген мамлекеттеги бийлик анын эң жакын сахабаларынын колуна өткөн. “Хулафаи-рашидиндердин” доорунда мамлекеттин башчысы – халифа (“орунбасар”), мамлекет болсо Халифат деп атала баштаган. Арабдар бириктирилгенден соң ислам дининин жалпы максаты башка диндегилерди исламга өткөрүү болгон. Алгач **Абу Бакр** (632–634) халифалыкка шайланган. Анын башкаруу доорунда Арабстан жарым аралынын калкы исламды толук кабыл алган, араб уруулагынын бийликке каршы көтөргөн козголоңдору бастырылган. Анын халифалыгы доорунда арабдар Ирак жана Сирияны басып алышкан. Абу Бакр Ислам мамлекетинин башкаруусун өркүндөткөн. Мисалы, мамлекетти башкаруу үчүн “Кеңешүү тобу” түзүлгөн, ар бир аймакка ваалий (аким) дайындалган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кийинки халифа **Умар ибн Хаттабдын** (634–644) доорунда Византиянын кошуундары баш ийдирилип, бирнече жылда Сирия, Палестина, Египет, Ирандын чоң бөлүгү жана Жер ортолук деңиздин Африка жээктери басып алынган. Анын доорунда салык-олпоң режими түзүлүп, канцелярия тизмесине киргизилген бардык мамлекеттик кызматчыларга айлык маяна төлөө жолго коюлган. 637-жылы апрелде жаңы мусулман жыл эсеби – хижрий жыл календары колдонууга киргизилген. Мусулмандар Умарды – такыбалуу, дин маселелеринде адилеттүү болгондуктан – "Адилеттүү Умар", ал бийлик жүргүзгөн доорду болсо исламдын "алтын кылымы" деп мүнөздөшкөн.



*Реформалардын ишке ашырылышы*

## ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!

*Тарыхый булактарда жазылышынча, халифа Умар ибн Хаттабдын доорунда исламдык басып алуулар абдан кеңейген. Мусулмандар Персия жерлерин багындырып алууда Тустар деген шаарды басып алууга туура келген. Саад ибн Абу Ваккас башчылыгындагы араб аскерлери шаарды узак убакыт курчоого алып, алты айда да ээлей алышпаган. Кошуундун согушчандык маанайы түшүп кетет, курал-жарак жана тамак-аш запасы да түгөнө баштайт. Бардык мусулмандар кандай жол тутууну билбей турганда, бетине беткап таккан бир адам кирип келет. "Мен шаарды кантип ачууну билем. Менин айтканымды кылсаңар силерге жардам берем", – дейт. Ошондо кошуундун амири: "Эмне кылууну айт – биз ыраазыбыз", – деп жооп берет. Беткаптуу адам: "Мени палакманга (катапультага) отургузуп, шаардын ичине ыргытасыңар, мен силерге шаардын дарбазаларын ачып беремин",– дейт. Жарым түндө аскерлер аны палакмандын калагына отургузуп, ыргытышат. Аман калган беткаптуу адам сакчыларды өлтүрүп, дарбазаларды ачып берет. Согушка даяр турган аскерлер шаарга кирип келишет, шаар ээленет, мусулмандар өтө чоң олжолорду колго киритишет. Кошуундун амири олжолорду бөлүштүрүүнү жарыялайт, анын эң чоң бөлүгү баягы беткаптуу адамга бериле турган болот. Бирок арадан үч күн өтсө да, беткаптуу адам келбейт. Ошондо Саад ибн Абу Ваккас бүткүл кошуунга: "Жалпыга жеткиргиле: амирге моюн сунбаса, Алланын алдында күнөөлүү болот", – деп буюрат. Натыйжада амирдин чатырына бир адам кирип келип: "Эй амир, мен беткаптын ээсин тааныйм, анын үч шарты бар экен, ушуларды аткарсаңыз, келет экен жана өзүн тааныштырат экен, – дейт: биринчиси – ал сиз менен сүйлөшөт экен, сөз экөөңөрдүн гана араңарда калат экен; экинчиси – ал адамдын атын тарых китептерине жаздырбайт экенсиз; үчүнчүсү – жадагалса анын ким экенин халифага да айтпайт экенсиз".*

*Саад ибн Абу Ваккас баарына ыраазы болот. Ошондо баягы адам: "Мен элем ошол беткаптуу адам" дейт. Мусулмандар Мадинага кайтып баргандан соң, халифа Умар беткаптуу адам жөнүндө Саад ибн Абу Ваккастан сурайт, бирок Саад убадасында туруп, эч нерсе айтпайт.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Усман ибн Аффандын** халифалыгы доорунда (644–656) Иран Сасанийлери мамлекетин басып алуу аяктап, Амударыянын жээктерине жетишкен, мусулмандардын Тунис жана Кавказ арты өлкөлөрүндөгү бедели чыңдалган. Халифанын буйругу менен “Курааны каримдин” тексти топтолуп, бир бүтүн китеп түрүнө келтирилген жана түрдүү өлкөлөргө таратылган. Азыркы күндө алардан бири ыйык эстелик катары Ташкенттин эски шаар бөлүгүндө жайгашкан «Mo‘yi muborak» медресесинде сакталууда.

“Хулафаи-рашидиндерден” кийинкиси **Али ибн Абу Талибдин** халифалыгы (656–661) доорунда анын бийлигин “чыныгы диндин” бардык өкүлдөрү тааныпбаган. Алинин жактоочулары шиялар, атаандаштары болсо харижийлер наамын алышкан. Натыйжада Али харижийлер тарабынан өлтүрүлгөн. 661-жылы бийликти уммавийлер династиясынын негиздөөчүсү Муавия I ээлеген.




## УММАВИЙЛЕРДИН БИЙЛИГИ

Уммавийлер доорунда борбор Дамаск шаары болуп, Сирия халифаттын борбордук аймагына айланган. Уммавийлердин башкаруу доорунда халифа кызмат орду үй-бүлөлүк мураска айландырылган, мамлекеттин казынасы жана мамлекеттин архиви түзүлгөн, араб тили мамлекеттик тил деп жарыяланган. Халифаттын Жадал ат-Тарык башчылыгындагы кошууну 711–714-жылдары Пиреней жарым аралындагы (азыркы Испания) Вестгот королдугун баш ийдирген. Арабдардын түндүккө карай жүрүштөрү 732-жылы Пуате салгылашуусунда токтотулган. Чы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Арабдар тарабынан башка аймактардын ээлениши



Харун ар-Рашид

гышта алар Табарстан, Журжан, Маварауннахр жана Инд дарыясынын жээгине чейинки (Молтон шаары) жерлерди, Батышта Түндүк Африка жана Испаниянын чоң бөлүгүн басып алышкан. Бирок Уммавийлерге каршы бир нече жолу элдик козголоңдор болуп өткөн. Бул болсо алардын бийлигин алсыратып, Аббасийлердин бийлик башына келишине мүмкүнчүлүк берген.

## АББАСИЙЛЕРДИН БИЙЛИККЕ КЕЛИШИ

Халифаттагы саясий жагдайдын курчушу натыйжасында VIII кылымдын ортолорунда бийлик Аббасийлер (Мухаммад (с.а.в.) дин аталаш агасы Аббастын муундары) ге өткөн. Аббасийлер өз резиденциясын Багдад ("Кудайдын белеги") шаарына көчүрүшкөн. Бул династиянын эң атактуу халифасы Харун ар-Рашид (786–809) болгон. Мусулман болбогондорду халифатта мамлекеттик кызматка алышпаган жана алар көбүрөөк салык төлөшкөн. Натыйжада көпчүлүк исламды кабыл алып, араб тилин үйрөнүшкөн, ушундай түрдө элдин негизги бөлүгү мусулман болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ХАЛИФАТТЫН КРИЗИСКЕ УЧУРАШЫ

Элдик козголоңдор жана бийлик үчүн күрөш халифаттын саясий кризисин баштап берген. Халифаттан көз каранды эмес алгачкы амирлик Испанияда 756-жылы бөлүнүп чыккан. Ал X кылымдан Курдаба (Кордова) амирлиги деп атала баштаган. IX кылымдан Египет, Иран, Маварауннахр жана Хурасан эгемендүүлүккө жетишкен, Аббасийлердин кол астында Жакынкы Чыгыш жана Арабстан жарым аралы гана калган. Селжук түрктөрү 1055-жылы Багдадды ээлеп, халифаны дүйнөлүк (диний эмес) милдеттерден четтеткен. Монгол ханы **Хулагу** 1258-жылы Багдадды ээлегенден соң, Араб халифаты жоюлган.



*Араб жоокерлери*

### ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Чарярлар – (персче – “төрт дос”) туура жолдон барган алгачкы төрт халифа.**

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Картадан Араб халифаты басып алган аймактарды көрсөт.**
2. **Араб халифатын башкарган династиялар жөнүндө айтып бер.**
3. **Халифаттын кризисинин себептери эмнелерде деп ойлойсуң?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10-тема

# Селжуктардын мамлекети



Султан Маликшах

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **Огуз урууларынын биригиши жана жаңы династиянын пайда болушу жөнүндө;**
- **Селжуктар мамлекетинин түзүлүшү жана өнүгүүсү жөнүндө;**
- **Селжуктардын аскердик жортуулдары жана ири империянын түптөлүшүн;**
- **Түрк этносунун калыптануу шарттары жана себептери жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Селжуктардын аскердик жортуулу*

## МАМЛЕКЕТТИН ПАЙДА БОЛУШУ

Селжуктар түркий огуз уруусунун курамында баштап азыркы Түштүк Казакстандын аймагы жана Сырдарыянын орто агымындагы аймактарда жашашкан. Алар көптөгөн уруу-уруктарга бөлүнүп, жер которуп жашашкан. Түндүктөн түрдүү уруулардын кысымы натыйжасында Сырдарыянын төмөнкү агымындагы Жанд шаарынын тегерегине (азыркы Наваий областынын аймагы) көчүп өткөн огуздар Селжукбектин башчылыгында ислам динин кабыл алышкан. Караханийлер Маварауннахрды ээлегенден соң, селжуктар Махмуд Газнавийдин ыраазылыгы менен 1025-жылда Хурасан аймагына көчүп өтүшкөн. Караханийлер менен газнавийлердин ортосундагы согуштан пайдаланган селжуктар аскердик күчтөрүн бириктирип, акырындык менен Хурасанды ээлеп, Селжуктар мамлекетин түзүшкөн. Алар Селжуктун небереси Тогрулбекти падыша деп жарыялашкан.

**ТАРЫХ ЧӨНТӨК ДЕПТЕРИҢЕ ЖАЗ!**

***Селжуктар*** *– Хурасан, Жакынкы жана Орто Чыгыш, Кичи Азия, бир аз Маварауннахрда бийлик жүргүзгөн түркий династия (1038—1308). Династиянын аталышы чарбачыл түркий уруу – огуздардын башчысы Селжукбек ибн Дөкактын атынан алынган. Селжуктар мамлекетине 1038-жылда Селжуктун небереси султан Тогрулбек негиз салган.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тогрулбек иниси Чагрыбекти Хурасанда калтырып, өзү батышты карай жүрүш баштаган. Бул доорго келип Иранда согушчул түркий урууларга каршы тура алуучу күч жок эле. Натыйжада селжуктар кыска убакытта Батыш Иран, Азербайжан жана Иракты өздөрүнө баш ийдиришкен. 1055-жылы Багдадда Тогрулбектин атына кутпа окулган, Аббасийлер селжуктарга көз каранды болуп калышкан. Халифа Ал-Кайым (1031–1075) бийликти Тогрулбекке тапшырып, аны султан жана "Чыгыш менен Батыштын падышасы" деп таанууга аргасыз болгон. Ушундай түрдө селжуктар Амударыядан Фрот дарыясына чейинки аймакта өз бийлигин орнотушкан.

## МАМЛЕКЕТТИН КҮЧКӨ ТОЛУШУ

Селжуктар мамлекети Алп Арслан жана анын уулу Маликшахтардын доорунда ого бетер күчөгөн. Алп Арсландын (1063–1072) доорунда Кичи Азияга жортуулдар уюштурулган. Селжуктардын эң күчөгөн доору Султан Маликшах (1072–1092) бийлик жүргүзгөн жылдарга туш келген. Ал атасы баштап берген чыгышка жасаган жортуулдарды уланткан, Караханийлерге сокку берип, 1074-жылы Бухара жана Самаркандды ээлеген. Соң Фергана өрөөнүн басып, Чыгыш Түркстанга чейин жетип барган. XI кылымдын аягында мамлекеттин аймагы Чыгыш Түркстандан Жер ортолук жана Мрамор деңизине чейинки чоң аймакты өз ичине алган. Бул мамлекет Византия менен Кытайдын ортосунда жайгашкан болуп, кресттүүлөрдүн Чыгышка жасаган чабуулдарын кайтаруудагы кызматтары чоң болгон.

Маликшахтын өлүмүнөн соң, такты үчүн күрөш күчөп, мамлекет алсырай баштаган. Ички келишпестиктер күчөп, мамлекет XII кылымдын башында чыгыш жана батыш бөлүктөргө бөлүнүп кеткен.

## АНАТОЛИЯДАГЫ ТҮРК БЕЙЛИКТЕРИ

XI кылымдын аягында Анатолияны толук басып алган огуздар ал жерде Кония султандыгын түзүшкөн. О.э, Кичи Азия аймагында селжуктардын бир топ бейлик (бектик)тери да түзүлгөн. Бейлер расмий түрдө Селжуктар династиясынын бийлигин таанышса да, иш жүзүндө өз мүлктөрүн өз алдынча башкарышкан.

Кония султандыгынын борбору алгач Никея шаары болуп, кийинчерээк Конияга көчүрүлгөн. Султан Алауддин Кайкубаддын доорунда султандык өз өнүгүүсүнүн туу чокусуна чыккан. Султандыктагы Кония, Кайсария, Сивас шаарлары кол өнөрчүлүк жана сооданын борборлору болгон.

Кичи Азиядагы бейликтердин эли этникалык жактан бир түрдүү эмес эле. 1071-жылдагы Мансикерт салгылашуусунда селжуктардын Византиялыктардын үстүнөн жеткен жеңишинен кийин башка каршылык жок болгондуктан, бул жерге огуз түрктөрүнүн чоң бөлүгү көчүп келип, отурукташып жашоого өтө баштакан. Отурукташып жаткан






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

түрктөр өлкөнүн түпкү эли сыяктуу дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен алектене баштаган. Кичи Азия гректери жана армяндардын бир бөлүгү болсо ислам динин кабыл алып, түркий уруулар менен жакындашышкан. Ушундай түрдө Кичи Азияда XI кылымдын аягынан огуз түрктөрү менен түрктөшкөн грек, перс, армян жана грузиндердин кошулушунан түрк улуту калыптана баштаган. Бирок 1243-жылда чыгыштан моңолдордун бастырып келиши султандыкты кыйла алсыратып койгон. Натыйжада 1308-жылы мамлекет бир нече бейликтерге бөлүнүп кеткен. Алардан бири Осмон бейлиги болуп, кийинчерээк ал Осмон түрк империясынын пайда болушунда негизги ролду ойногон.

## МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ



*Селжуктардын падышасы Кайхусрав II нин тыйыны*

Селжуктар мамлекеттик башкаруу, салык жана жерге ээлик кылуу мамилелерин чыгыштагы мусулман мамлекеттеринен кабыл алышкан. Мамлекетти жогорку өкүмдар – султан (sulton ul-a'zam) башкарып, такты атадан балага мурас болуп өткөн. Анын атынан кутпа окулуп, тыйын согулган. Мамлекеттик башкаруу режими экиге – резиденция жана канцелярияга бөлүнгөн. Премьер-министрдин администрациясы (жогорку администрация - devoni a'lo) бардык канцеляриялардын ишине башчылык кылган. Премьер-министр "раис ур-руасо" деп аталып, мамлекеттин ички жана сырткы саясатындагы бардык багыттарды көзөмөлдөгөн. Селжуктардын эң белгилүү премьер-министри Низамулмулк болуп, ал мамлекетти башкаруунун негиздерине байланыштуу **"Саясатнаама"** чыгармасын жазып калтырган.

Мамлекет административдик жактан аймактарга бөлүнүп, аны султан тарабынан дайындалган *валийлер* башкарган. Алар да өз мекемелерине ээ болуп, аймактын турмушу менен байланыштуу бардык тармактарга жетекчилик кылышкан.




### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Селжуктар мамлекетинин түзүлүү шарттарын түшүндүр.**
2. **Түрктөрдүн социалдык режими жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?**
3. **Селжуктар мамлекетинин башкаруусу кандай болгон жана аны кимдерден кабыл алышкан?**
4. **Түрк элинин калыптануусу жөнүндө эмнелерди билесиң?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 11-тема

# Моңолдордун мамлекети



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ!**

- **моңол урууларынын социалдык турмушу;**
- **Чыңгызхандын мамлекетинин түптөлүшү;**
- **моңол урууларынын аскердик жортуулдары жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Онон дарыясынын жээгиндеги курултай*

## СОЦИАЛДЫК ТУРМУШ

Моңол уруулары байыртадан Түштүк Сибирь, Манчжурия жана Моңолстандын аймактарында жашап келген. Алардын көпчүлүгү көчмөн чарбачылык менен алектенген, токойлордо жашаган айрым уруулар аңчылык жана балыкчылык менен күн кечирген.

Моңолдордун турмушунда байыркы үрп-адаттар, диний түшүнүктөрүндө болсо ата-бабалардын рухуна сыйынуу, шамандык ынанымы жакшы сакталып калган. XII кылымда моңолдордун социалдык турмушунда али уруулук өзгөчөлүктөрү күчтүү болсо да, бирок ошол кылымдын экинчи жарымынан баштап моңолдордун социалдык мамилелеринде жаңы өзгөчөлүк – мүлктүк катмарлануу күчөй баштаган. Уруулук жамаалары өзүнчө көчмөн чарба – **айл**дарга бөлүнүп, ар бир айл эми өз кожолугу – чарбаларынын ээсине айланган. Урук-урууларда бай үй-бүлөлөр, болочок моңол ак сөөктөрү калыптана баштаган. Көпчүлүк уруу башчылары – ноёндор өз урууларынан нөкөрлөр, аскерлер алып, аскердик бөлүмдөрдү түзгөн. Мүлктүк катмарлануу шартында турмуштун өзү аларды аскердик уруу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




союздарына биригүүгө мажбур кылган, алар-ды **хандар** башкарган. Күчтүү уруу союздары өздөрүнө көз каранды болгон кошуундардан бажы-төлөмдөр алып турушкан. Мындай уруу союздары өз жыйындары, курултайларында эң маанилүү: согуш, келишим, союз түзүү, ханды шайлоо, кээде күнөөлүү деп табылган айрым ноёндор жана жадагалса хандардын өздөрүн да соттоо сыяктуу маселелерди чечишкен.

## ЧЫҢГЫЗХАНДЫН МАМЛЕКЕТИ

Моңол урууларынын арасындагы өз ара согуштарда **Темучин** (1155–1227) жеңип чыккан. 1206-жылы Онон дарыясынын жээгиндеги курултайда ал улуу хан деп жарыяланган. Башчы шаман бүткүл элдин алдында Темучинге **Чыңгызхан** наамын берген. Чынгыз сөзү “күчтүү”, “кудуреттүү”, “таза” маанилерин билдирген. Мамлекетти борборлоштуруу максатында Чыңгызхан **Каракурум** шаарын өз мамлекетинин борборуна айландырган.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МОҢОЛДОРДУН КОШУУНУ

Моңолдор кошуунду күчтөнтүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Моңолдордун көчмөн чарбачылык менен тиричилик кылышы аларда эң мыкты атчандар кошуунун түзүү жана көбөйтүүгө шарт жараткан, дыйканчылык менен алектенүүчү коңшу элдер болсо бул атчан аскерлер менен беттешүүгө алсыз болушкан. Тынч учурда чарба менен алектенген моңолдор согуш башталаары менен ондук режимден турган туруктуу кошуунга айланышчу. Талоончулук чабуулдары көчмөн моңолдор үчүн негизги иши болуп саналган. Кытай менен коңшучулукта жашаганы, ал жерге жасаган жортуулдары моңолдорго Кытайдын көптөгөн аскердик жабдыктары: согуш куралдары менен таанышуу жана аларды өздөштүрүп алуу мүмкүнчүлүгүн берген. Мисалы, моңолдор кошууну дубал тешүүчү атайын курулма – палакман жана жалын чачуучу куралдардын жардамында шаарларды кыйратуу өнөрүн эң мыкты даражада ээлеген болчу. Моңолдордун сүйүктүү куралы жаа эле, аскер атаандашын жүздөгөн



*Моңол аскери*



метрден бутага алууну билген. Аскерлердин көпчүлүгү найза жана кылыч менен куралданган. Ар бир көчмөндүн күндөлүк турмушунда да, согуш учурунда да, албетте, арканы болушу керек эле. Көчмөндөр кошууну адатта үч бөлүккө бөлүнгөн: борбордук жана эки канат. Кошуун жүз башы, миң башы, түмөн башылар тарабынан башкарылган. Согуш башталганда борбор жалгандан чегинген, душман аны кууп баштаса, эки канаттан чабуулга туш болчу, чегинип жаткандар да токтоп, салгылашууга киришчү. Негизги кошуундан сырткары, Чыңгызхандын ыктыярында **"кешик"** деп аталган атайын гвардия да түзүлгөн. Кешик өзгөчө кырдаалдар үчүн дайыма күжүрмөн абалда турчу.


Согушту чебердик менен башкаруу, күчтүү жана тартиптүү аттуу кошуун, коңшу мамлекеттердеги саясий бытырандылык моңолдорго жеңиш алып келген.

*Моңол аскери жана анын курал-жарактары*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Моңолдордун орус жергесине аскердик жортуулу*

## БАСЫП АЛУУЛАР

Чыңгызхан алгач наймандарды, кийинчерээк уйгур, якут, кыргыз жана бурят урууларын баш ийдиргенден соң, 1211-жылы Түндүк Кытайга каршы согуш баштайт. Жети-Суу жана Чыгыш Түркстанга каршы 1218-жылы башталган баскындар, Харезмшахтар мамлекетине жасалган 1219–1221-жылдардагы басып алууларга уланып кеткен. Кийинчерээк Ооганстан, Чыгыш Иран ээленип, Кавказ аркылуу Дашти Кыпчакка чыгышкан. Калька дарыясынын жээгинде кыпчактарга жардамга келген шериктеш орус кошууну жеңилет.

1224-жылы Чыңгызхан басып алынган аймактарды улустарга бөлүп, өз уулдары: **Жочи, Чагатай, Актай** жана **Тулу**га бөлүштүрүп берген. Актайды тактты мураскору кылып дайындаган.

Чыңгызхандын небереси Батухан 1237–1242-жылдары Чыгыш Европада баскынчылык согуштарын жүргүзгөн. Анын кошуундары алгач Русь княздыктарын, кийинчерээк Польша, бир аз Сербия жана Болгарияны басып алышкан. Басып алынган аймактарда “Алтын Ордо” мамлекетине негиз салынган. Жакынкы Чыгыш жана Кичи Азияда аскердик аракеттерди Тулунун уулу Хулагу уланткан. Ал 1256-жылы Иранды басып алып, Хулагулар мамлекетине негиз салган. Эки жыл өтүп Хулагу Араб халифатына чабуул уюштуруп, Багдадды ээлеген. Моңолдор шаарды үч аптадан көбүрөк талап-тоношкон, маданият жана искусство чыгармалары жок кылынган. Шаардагы чоң китепкананы өрттөп, китептерди Дажла дарыясына таштап жиберишкен. Дарыяга ушунчалык көп китеп ыргытылгандыктан, дарыя алардын сыясынан карарып кеткен, дешет.

Соң, моңолдор Жакынкы Чыгышка бастырып кирип Сирияны ээлешкен, Халаб кыйратылган. Багдад жана Халабдын кыйратылганын көргөндөн соң, Дамаск согушсуз багынып, Ислам дүйнөсүнүн борбору түштүккө, Каирге көчүп өткөн. Мусулмандардын арасында моңолдордун согушчандыгы жөнүндө маалыматтар кеңири тарап, алар жеңилбес, аларды токтотуп болбойт, – деген ушак-айың кептер жайылган.

Хулагу Египетке элчилерин жиберип, багынуу шартын койгон. Египеттин султаны буга макул болбогон. 1260-жылдагы кагылышууда Султан Сайфиддин Кутуздун эрдиги себеп египеттиктер моңолдордун кошуунун жеңип, алардын Жакынкы Чыгыш жана Африкага болгон жортуулдарын токтотуп калышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!

### “МОҢОЛДОРДУ ЖЕҢҮҮЧҮ”

*Сайфиддин Кутуз Харезмшахтардын урпагы болуп, Жалалиддин Мангубердинин эжесинин уулу болгон. Ал Жалалиддиндин моңолдорго каршы күрөшүн, алардын колунда туткун болууну каалабастан, өз жакындарын дарыяга чөктүрүүгө мажбур болуп, азап тартуусуна күбө болгон. Бул аянычтуу окуя Кутуздун эсинде түбөлүк сакталып калган. Ал моңолдордон өч алууга ант ичип, соңку харезмшах Жалалиддин Мангуберди менен чогуу журт кезген жана моңолдорго каршы көптөгөн кармаштарда катышкан.*

*Бирок таякесинин аянычтуу өлүмүнөн соң Кутуз Дамасктын кул базарында сатып жиберилген. Аны египеттик кул соодагери Египет султаны Ас-Салих II нин мамлюктардын кошуунуна кызмат кылуу үчүн сатып алган.*

*Кутуз мамлюктардын мектебинде окуган жана аскердик өнөрдүн сырларын үйрөнгөн. Мурдагы кул мамлюктардын кошуунунда чоң амир даражасына жеткен, Египет султанынын жардамчысы кызмат ордуна көтөрүлгөн.*

*Египет тактысына 15 жашар Ал-Мансур Али отургандан соң, иш жүзүндөгү башкаруу анын камкор өкүлү болгон Кутуздун колуна өткөн. Кутуз Египет кошуунунун башкы кол башчысы кызмат ордун ээлеген.*

*Сайфиддин Кутуз жеңилүү эмне экенин билбей келе жаткан моңолдорду Айн-Жалуттагы салгылашууда талкалоо аркылуу тарыхта “Моңолдорду жеңүүчү” деген ардактуу наамга татыктуу болгон.*

## ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Улус (моңолчо – мамлекет, эл, адамдар) – Чыңгызхан балдарына мүлк катары бөлүп берген моңолдор басып алган аймактар.**

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Моңол уруулары жашаган аймактарды жазуусуз картага түшүр.**
2. **Моңолдор негизинен кандай иш менен алектенишкен?**
3. **Чыңгызхандын мамлекети кандайча түптөлгөн?**
4. **Моңолдордун кошуунунун түзүлүшүн айтып бер.**
5. **“Моңолдорду жеңүүчү” текстин талда.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 12-тема

# Индия – “Миң укмуштар мамлекети”



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **орто кылымдардагы Индия элинин күндөлүк турмушу;**
- **орто кылымдарда Индиядагы мамлекеттер;**
- **Индиядагы катмарлар жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**ЭСТЕП КӨР!**

- **Байыркы Индияда коомдун түзүлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар эле?**

## СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙ

Сага маалым болгондой, Индиянын көпчүлүк бөлүгү Кушан империясынын курамына кирген. Ал талкалангандан соң, индия ражаларынан бири Чандрагупта (320–340) Гупталар династиясына негиз салган. Анын мураскорлорунун доорунда Индия коомунда жерге ээлик кылууга негизделген феодалдык режим калыптана баштаган. Гупталар империясы IV–V кылымдарда Арабстан деңизине чейинки болгон аймактарды бириктирген.

Европа, Азиянын көптөгөн мамлекеттеринде болгону сыяктуу, Гупта өкүмдарларынын да жер-мүлктөрдү тартуулоосу натыйжасында мансап ээлери жана аскерлерден турган ири жер ээлери катмары пайда болгон, алар элден салык чогултуудан сырткары, дыйкандардын эмгегинен пайдалануу укугун да колго киритишкен.



*Гупта мамлекетинин тыйыны*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАМАА-КАСТАНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ




Индияда дүйнөнүн башка мамлекеттеринде кезикпей турган каста режиминин байыркы салттары сакталган болчу. Натыйжада айыл элинин түрдүү катмарларга таандыктыгы анын жеке менчик мүлкүнүн аз же көп экени менен ченелбей, кишинин кайсы каста катмарына таандык экени менен белгиленген.

Индияда алгачкы катмарлануу тартиптери байыркы арийлердин басып алуусунан соң ражалыктардын түзүлүү дооруна барып такалган. Адамдар касталарга белгилүү бир белгилер: мураска калган өнөр-кесип, этникалык жана диний таандыктыгы, үрп-адаттардын ар түрдүүлүгү жана башкалардын негизинде бөлүнгөн.

Каста мүчөлөрүн алгач кесип бириктирген, ал болсо атасынан баласына өткөн. Бир кастадан башкасына өтүү жана түрдүү каста өкүлдөрүнүн арасындагы нике каралаңган.

Орто кылымдардын башталуу доорунда Индияда кул ээлөөчүлүк да сакталып калган. Кулдар көп учурларда үй кызматкерлери болушкан. Индуизм дининин ынанымдарына көрө, кулдун эмгегинен дыйканчылык жумуштарында да пайдалануу мүмкүн болгон. Кожоюн кулду тамак-аш менен камсыздоодон сырткары, жылына бир жолу кийим-кече алып берүүсү талап кылынган.

Гупталар империясы саясий жактан күчтүү эмес болчу, андыктан VI кылымда мамлекет түндүк-батыштан келген эфталдардын чабуулдары натыйжасында талкаланып кеткен.

## ИНДИЯДАГЫ 4 КАТМАР



**Брахмандар („даанышман“):** кечилдер, мугалимдер, дарыгерлер.

**Кшатрийлер („жоокерлер“):** жоокерлер, мамлекеттик мансап ээлери, ири жер ээлери.

**Вайшилер („эркин жамаа“):** соодагерлер, чарбачылар, дыйкандар.

**Шудралар („кызматкерлер“):** теричилер, токуучулар, чабандар, карапачылар, музыканттар.

**Чандалдар („жек көрүлгөндөр“):** таштандыларды тазалоочулар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Инддердин жашоо мүнөзү*

## ХАРША МАМЛЕКЕТИ

VII кылымдын башында Индиянын түндүгүндө жаңы империя – Харша империясы түзүлгөн. Бул империяга Кануджа ражасы Харша (606-647) тарабынан негиз салынган. Империя Ганг дарыясынын өрөөнүн бойлой чыгыш Панжабдан Бенгалия булуңуна чейинки аймактарды өзүнө камтыган.

Харша акын жана драматург болуп, сарайында көптөгөн сүрөтчү жана акындарды топтоп, борбор калаа Уджайини шаарын маданий борборго айландырган. Ал жыл сайын дүйнө аалымдарынын жыйынын өткөрүп, аларга көп белектер берген. Харшанын ата-бабалары индуист болсо да, ал будда динин кабыл алган. Будда ибадатканаларын куруу үчүн чоң ишчи күчүн жана акча каражатын бөлгөн.

Анын доорунда Борбордук Индия ражалары да баш ийдирилген. Вассал ражалар кыркка жакын болгон. Харша империясы көпкө жашабаган. Вассал ражаларынын бөлүнүп чыгууга болгон аракеттери империяны алсыраткан. Акырындап ражалар иш жүзүндө бүткүл көз карандысыз болуп алышкан. Харшанын өлүмүнөн соң мамлекет күчсүз болуп калган болсо да, мамлекет XIII кылымдын башына чейин Индиянын аймагындагы соңку ири империя катары жашаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖЕРГЕ ЭЭЛИК КЫЛУУ МАМИЛЕЛЕРИ

Индияга VII кылымда келип кеткен кытайлык тарыхчы Цян Цзяндын жазышынча, анда 70 ке жакын чоң-кичине княздыктар болгон. Княз-ражалар кооз сарайларда жашашкан. Ражалар өз жакындары, мансап ээлери жана аскерлеринин кызматтары үчүн жер-мүлктөрдү тартуулашкан. Орто кылымдарда Индияда кечил-брахмандар жана ибадатканаларда да ири жер аянттары болгон. Ошол доорго таандык булактарда ражалардан бири ибадатканаларга 1400 айылды жер-мүлк катары тартуулаганы жазылган. Ражанын эң жакын тууугандары, абройлуу мансап ээлерине, алардын туткан беделине карап, ондогон, кээде жүздөгөн айылдар берилген болсо, жөнөкөй ражпут (аскер)ка бир же бир айылдын жарымы да берилген. Тартуу кылынган жер ***“грасс”*** (“жутум” же “бөлүк”) деп аталган, аны алган адамдын негизги милдети туруктуу аскердик кызматка даяр туруу, согуштарда катышуу эле. Ражалардын үйүнө таандык болбогон кызматкерлерге жерди белгилүү бир кызмат мөөнөтүнө беришкен. Жерге ээлик кылуунун бул түрү **талон *(патта)*** (“жарлыкка алынган жер”) дейилген. Талон жеринен өзгөчө кызмат көрсөткөндөрдү сыйлоо үчүн да пайдаланылган. Мүлкчүлүк мамилелеринин өнүгүп барышы менен талонго берилген жерлер да мурастык мүлккө айлана баштаган.

Баскынчы эфталдар акырындык менен жергиликтүү элдин жогорку катмарлары менен аралаша баштаган жана ражпуттар кастасына негиз салган. Ражпуттардын өкүмдарлары түндүк жана борбордук Индиянын бир бөлүгүндө 20 дан ашуун княздыктарды түзүп, аларды ражалар катары башкарышкан. Бул княздыктар өтө чоң байлыктарга ээ болуп, алардын казыналары жөнүндө көптөгөн уламыштар жаратылган. Ражпут мамлекеттеринде басымдуу дин индуизм болгон.

### БИЛГИЧТЕР ҮЧҮН!

*Ражпуттар (“падышалардын уулдары”) Орто Азиядан келген көчмөн эфталдар жана жергиликтүү ак сөөк гужараттардын муундары болгон. Алардын көпчүлүгү Ражпутанда (азыркы Ражастан) жашашкан. Көптөгөн инди княздары да өздөрүнүн аларга таандык экенин баса белгилешкен. Бул инди рыцарлары дыйкан, кол өнөрчү жана соодагерлердин эмгегин менсинбеген. Алар аң уулоо жана аскердик иш менен гана алектенишкен, бул иштерди жаштайынан өздөштүрүшкөн. Алар европалык рыцарлар сыяктуу денелерин болот чопкуттарга оробостон, жеңил соот гана кийишкен. Ок атуучу куралдарды коркоктордун куралы деп эсептеп, кылыч, найза, канжарлар менен гана согушушкан. Душман менен жеке кармашып, эр жүрөктүк менен күрөшүшкөн. Ражпуттар башка уруу жана касталардан өздөрүн жогору коюшкан. Аларда өз ар-намыс эрежелери калыптанып, ал керт башынан жогору коюлган. Ар-намыс эрежелери ражпутту өз башчысына туруктуулугун, эр жүрөк, берешен жана ахлактуу болуусун талап кылган. Ражпуттар коркоктун өлүгүнө таз жору да карабайт деп эсептешкен. Алардын аялдары да эр жүрөктүүлүктүн үлгүсү болуп саналышкан. Батыш Европа рыцарларынан айырмаланып, ражпуттардын көпчүлүгү маданияттуу жана сабаттуу болушкан.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ражпуттардын турмушу*

Индиядагы саясий бытырандылык маал-маалы менен бастырылса да, мындай түрдөгү мамлекеттер бир нече княздыктардан туруп, борбордук бийликтин алсыздыгы себеп бат кыйраган. Ражалар кээде союздарга биригишкен, кээде өз ара тирешүүлөргө барышкан. Мындай өз ара кармаштардан алсыраган мамлекет жаңы баскынчылар үчүн ыңгайлуу өлкө болуп калган. Атап айтсак, Газнанын башчысы Махмуд XI кылымдын башында Индиянын түндүгүнө 17 жолу аскердик жортуул жасаган. Ушундай түрдө Индиянын түндүгүнө мусулмандар орношуп, алар ээлеген аймактарда XIII кылымдын башына келип Дели султандыгы түзүлгөн, бул окуя Индиянын келечегинде маанилүү орунга ээ болгон.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Орто кылымдарда Индиянын биригүүсүнө кандай факторлор тоскоол болгон?**
2. **Батыш Европа рыцарлары менен инд ражаларынын ортосундагы окшоштук жана айырмаларды жадыбал түзүп салыштыр.**
3. **Харшанын реформалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?**
4. **Орто кылымдарда Индияны кимдер басып алганын картадан аныкта.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 13-тема

# Кытай – “Асман асты империясы”: өнүгүү жана кризистер



*Тан династиясы*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **конфуцийлик, даосизм, буддизм сөздөрүнүн маанилери;**
- **Кытайдагы жерге ээлик кылуу мамилелери;**
- **шаарлар, кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүгүшү жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Улуу Кытай дубалы

**ЭСТЕП КӨР!**

- **Байыркы Кытайда кайсы династиялар өкүм сүргөн?**

Биздин заманга чейинки V кылымда Кытайда даанышмандар – Конфуций жана Лао-цзилердин ахлактык-саясий жана диний-философиялык окуулары калыптанган. Адамдар арасындагы мамилелерде кытайлыктар конфуцийликтин көрсөтмөлөрүнө амал кылышкан: ага ылайык, адам үчүн эң маанилүүсү инсандыгын сактап калуу болгон.

Бул үчүн ата-бабалар жараткан иш-чараларга (адеп эрежелерине) туруктуулук менен, кылчактабай баш ийүү сунушталган. Эгерде каза болгон маркумду жибек кездемеден тигилген кийимде көмүү айтылса, жакын туугандары акыркы акчаларына бир бүдүр нан эмес дал ошол жибек кездемени сатып алышкан. Ар бир адам коомдо өз ордун табууга – улуулардын тилин алууга, кичүүлөргө камкордук кылууга умтулушкан. Конфуцийликтеги тарбиялык маанидеги чыгармалар аркылуу императорду (Асман уулун) калкты адамдарга болгон мээрим рухунда башкаруу, изгиликке изгилик, караөзгөйлүккө адилеттүүлүк менен жооп берүүгө үндөгөн.

III кылымда Хан империясы кризиске учурап, мамлекет күчсүздөнө баштагандан соң, түндүк жана батыштан көчмөн түрк




Сун династиясынын тыйыны



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Конфуцийдин ибадатканасы*

урууларынын чабуулдары күчөгөн. Натыйжада Хан империясы үч падышалыкка бөлүнүп кеткен. Бир аз убакыт өткөндөн соң үч падышалык доору аяктап, бирдиктүү мамлекетке бириккен.

Бирок түндүк талааларынын көчмөн уруулары IV–V кылымдарда Кытайдын аймагын көздөй жыла баштоосу натыйжасында, мамлекетте саясий бытырандылык күчөп, империя көптөгөн өз ара атаандашкан падышалыктарга бөлүнүп кеткен. Алардан бири Вей падышалыгы болуп, анын борбору Лоян шаары эле. Бул династиянын тушунда Кытайда жерге ээлик кылуу мамилелери өнүгүп, мамлекеттик чек жер системасы калыптана баштаган. Ага ылайык император мамлекеттеги бардык жерлердин ээси болуп эсептелип, жерди дыйкандын үй-бүлөсүнө — андагы эмгекке жарамдуу адамдардын санына карап бөлүп берген. Мунун акысына дыйкандар өздөрү жетиштирген түшүмдүн бир бөлүгүн салык катары мамлекетке төлөшү керек болгон. Бир топ реформалар өткөрүлгөнүнө карабай, Вей династиясы да Кытайдагы саясий бытырандылыкка чек коё албаган. Мамлекетте көч-

*Даанышман Лао-цзи*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мөндөрдүн чабуулу уланып, Түрк каганатынын басып алуу коркунучу күчөгөн.

Конфуцийлик жана даосизм даанышмандары өз бейпилдигин жоготкон адамдарды тынчтандыра алышпаган. Аларга үмүт берүүчү сөздөр Индиядан келген буддалык дин кызматкерлеринен чыккан. Алар турмуштагы бардык азап-тозоктор адамдардын каалоо-тилектери аркылуу пайда болгон, адам өз каалоолорун жылоолошу, жамандык кылбастыгы жана өз ара жардамдашышы керек, деп түшүндүрүшкөн.

Шаарларда конфуцийлик жана даосизм ибадатканалары менен бирге будда ибадатканалары да курула баштаган. Конфуцийлик ибадатканаларында Конфуцийдин накыл сөздөрү менен катар даосизмдеги Лао-цзи жана Будда айкелдери жанаша турган.

Ушундай түрдө кытайлыктардын аң-сезиминде үч окуу – конфуцийлик, даосизм жана буддизм жуурулушуп кеткен.

Ошол учурда Кытайды курчап турган мамлекеттер – Корея, Япония, Вьетнам, Тибетте алгачкы шаарлар жана мамлекеттер пайда боло башатаган. Өздөрүнүн абдан өнүккөн коңшуларынан алар: иероглиф жазуусун, мыйзамдарды жана үч улуу окууну өздөштүрүшкөн. Бул окуулар дүйнөнүн түзүлүшүн байыркы уламыштарга караганда жакшыраак түшүндүрүп берген. Акырындык менен Ыраакы Чыгышта өзүнө мүнөздүү маданият калыптанган, аны Кытай же Ыраакы Чыгыш цивилизациясы деп атоо мүмкүн. Бул цивилизациянын негизи конфуцийлик, даосизм жана буддизмдин бирикмесинен пайда болгон.



*Даанышман Конфуций*

## АСМАН АСТЫ ИМПЕРИЯСЫ

VI кылымдын аягынан Кытайдагы майда падышалыктар Борбордук Азияда пайда болгон Түрк каганаты баскыны коркунучу астында бириккен. Асман асты империясын удаалаш Суй (589–618), Тан (618–907), У Дай (907–960) жана Сун (960–1279) династияларынын падышалары башкарган. Императордук тактысына чыккан адам “кудайдын перзенти” – Асман уулуна, бүткүл Асман асты салтанатынын падышасына айланган.

Жөнөкөй адамдар Асман уулу менен чөгөлөп гана, көздөрүн ылдыйга каратып сүйлөшүүсү шарт болгон. Императордун сөздөрү мыйзамга айланган. Ал ар бир өз алдынча дыйканды бирдей 80 **му**дан эгин аянты менен сыйлаган. Дыйкан жерди сатышы мүмкүн болбогон. Бул эгин аянтынын ордуна дыйкан мамлекетке түшүмдүн бир бөлүгү катары салык төлөөдөн сырткары, жалпы иштерде эмгектенүү жоопкерчилигин да алган. Алар Хуанхэ жана Янцзи дарыяларын бириктирген Улуу каналды курушкан жана Улуу Кытай дубалын оңдоодо катышышкан. Тартипке салынган айыл чарбасы, тынчтык жана тартип айыл калкынын тез темпттер менен өсүүсүн камсыздаган. Ири шаарлар андан да өнүккөн. Тегиз жана түз таш жолдордо ибадатканалар, сарайлар тургузулган. Байыркы ачылыштардан сырткары (жибек кездемелер токуу, кагаз өндүрүү) кытайлыктар аппак жана жылмакай фарфор жасоонун сырын, иероглифтер оюп чыгылган атайын тактайлардын жардамында китеп басууну жана порохту ойлоп табышкан, компасты өркүндөтүшкөн.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Императордун кийиминин түсү ал падыша болгон жердин символу болгон, кештелердеги ажыдаарлар асман жана жерди туюнткан*



## МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУНУН ТАРТИБИ

Императордун мыйзамдарына ылайык, бардык кытайлыктар жамааларга (айыл, кол өнөрчүлүк, соода багыттары боюнча) бириктирилген. Жамааларды башкаруу, салыктарды чогултуу менен империянын мансап ээлери алектенишкен.

Мамлекеттин тынчтыгы жана казынанын толук болушу эмгекчилердин жакшы жашоосу менен байланыштуу экенин алар дайыма эсте тутуулары зарыл эле. Ошондуктан Конфуций окуусуна ылайык, мансап ээси сабаттуу жана билимдүү гана эмес, о.э, жакшы кулк-мүнөзгө ээ адам да болушу зарыл эле. Ал адилеттүү, акпейил, элдин кызыкчылыгы үчүн бардык нерседен баш тарта алуучу адам болушу керек эле.

Мансап ээлери ушул сыяктуу талаптарга төп келе тургандарды мамлекеттик сынактар аркылуу тандап алышкан. Сынактарды ар бир адам тапшырышы мүмкүн эле. Жүздөгөн талапкерлер кооз иероглифтер менен мамлекетти башкаруу өнөрү боюнча дилбаян жазышы, Конфуций жана башка даанышмандардын чыгармаларынан үзүндүлөрдү жаттап айтып бериши, атайын ырым-жырымдары билиши жана адамдык бурчун көрсөтө алышы зарыл эле. Эң мыкты, тандалган адамдар гана мансап ээси наамы, кызмат орду жана мамлекеттик салыктардын эсебинен айлык алуу укугуна жетишишкен. Алардын көпчүлүгү айыл жамаасы менен биригип, таланттуу балдардын – келечекте алардын колдоосунан үмүт кылып – билим алуусу үчүн экономикалык жардам беришкен.

Ошол заманда эл арасында мындай макал пайда болгон: “Мамлекеттик башкармалар деңиздей терең, алардагы кыянаттыктар болсо асмандай бийик”. X–XII кылымдарда мансап ээлеринин кыянаттыктары жана жердин жетишсиздиги себеп өлкөдө дыйкандар козголоңу башталган. Мамлекеттин күчсүздөнүүсү натыйжасында 1279-жылы моңол өкүмдары Хубилай тарабынан толук басып алынган.

Кытай орто кылымдарда конфуцийлик салттарына таянган кудуреттүү мамлекет болгон деп тыянак чыгаруу мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Моңол жоокерлеринин Кытайга чабуулу*

## ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Му – кытайча жер аянтынын өлчөө бирдиги: 1 му болжол менен 6 сотыхка тең.**

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Орто кылымдарда Кытайдын түндүк жана түндүк-батыштагы коңшулары – көчмөн элдер менен мамилелери кандай болгон?**
2. **Орто кылымдардагы Кытай маданияты, дыйкандар жана мансап ээлеринин жашоосу жөнүндө айтып бер.**
3. **Кытайда III – XIII кылымдарда мамлекетти башкаруу кандайча ишке ашырылган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 14-тема

# Корея орто кылымдарда



## СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:

- алгачкы Корея мамлекетинин пайда болушун;
- үч королдуктун пайда болушун;
- Когурё, Пэкче, Силла жана Корё мамлекеттери жөнүндө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Кёнбоккун сарайынын негизги дарбазасы*

## ЧОСОН МАМЛЕКЕТИ

Чосон (корейсче *"Таңкы салкындык"*) алгачкы корейс мамлекети болуп эсептелген. Бул мамлекеттин негиздөөчүсү легендарлуу Тангун болуп, ал борбору Пхенян болгон Чосон королдугуна негиз салган. Уламыштарга ылайык, "Көктөн түшкөн падышанын уулу шаазада Хванун Тхебохсан тоосунда ыйык турак жай курдурган. Ал адамдарды окутуп, дыйканчылык, медицина, устачылык, токуучулук, балыкчылык сыяктуу зарыл өнөр-кесиптерди үйрөткөн. Күндөрдүн биринде тоодо адамга айланууну каалаган жолборс менен аюну кезиктирген шаазада аларга: "Ким тоодо жүз күн эрмен (өсүмдүк) жана сарымсак пиязды гана жеп жашаса, анын максаты сөзсүз орундалат" дейт.

Аюу коюлган шартты аткаргандан соң кызга айланат жана Хванун ага үйлөнүп, Тангун аттуу уулдуу болот. Жигит чоңоюп, Пхенбинде (Пхенянда) **Чосон мамлекетин** түптөгөн". Корейстер Тангундун доорун корейс элинин куралуу мезгили деп эсептешкен.

## ҮЧ КОРОЛДУКТУН ДООРУ

Байыркы Чосон мамлекети б.з.ч. I кылымда өз ара чыр-чатактар, карама-каршылыктар жана кытайлыктар менен болгон согуштар себеп талкаланып, үч королдукка – Пэкче, Силла жана Когурёго бөлүнүп кеткен. Бул доор корейс тарыхчылары тарабынан *"Үч королдуктун доору"* деп аталып, дээрлик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жети кылымга созулган. Бул мамлекеттердин узак убакыт бийлик жүргүзүүсүнө жарым аралдагы саясий чөйрө жана тарыхый өзгөчөлүк менен бирге, маданияттын жалпылашуусу да таасир эткен. Эл адатта эки топко бөлүнгөн: эркин эл жана согушта туткунга алынган кулдар. Кулдардын тобуна кирүүчүлөр адатта чачтары кыска кылып алынган жана алар дайыма көзөмөлдө болушкан.




## КОГУРЁ КОРОЛДУГУ

Биздин заманга чейинки I кылымдан Түндүк Кореядагы уруулардын кайра биригүүсү натыйжасында дагы королдуктар түзүлө баштаган. Алардан бири түндүк-батыштагы Когурё I-II кылымдарда кудуреттүү мамлекетке айланган. Анын негиздөөчүсү Жумонг (Тонмён) болгон. Алгач Когурёнун борбору Куннесон шаары болгон, V кылымда Пхенянга көчүрүлгөн. Когурё королдугунун кошууну өзүнүн согушчандыгы менен айырмаланып турган. Алар акырындап коңшу аймактарды басып алган. IV кылымдын башында Когурё кытайлыктарды өз аймагынан бүткүл сүрүп чыгарган жана ар тараптуу өнүккөн кудуреттүү мамлекетке айланган. Когурёдо ак сөөктөр тобунун беделинин жогорулугу королдордун аброюнун төмөн болушуна алып келген. Королдук адатта көбү менен беш-алты абройлуу үй-бүлө өкүлдөрүнүн иши болуп, эгерде падыша көз карандысыз болууга умтулса, аны алмаштыруу кыйын иш болбогон. Когурё өз аймагын кеңейтүү жана эгемендүүлүгүн сактап калуу максатында Корея жарым аралындагы коңшу королдуктарды гана эмес о.э, Кытайдагы Хан, Суй жана Тан династияларына каршы тынымсыз күрөштөр алып барган. Бирок 668-жылы Тан династиясы тарабынан Когурё басып алынып, аймагынын чоң бөлүгү Кытайга жана түштүктөгү анчалык чоң болбогон жерлер Силла королдугуна өткөн.

## ПЭКЧЕ КОРОЛДУГУ

Корея жарым аралынын түштүк бөлүгүндө III–IV кылымдарда Пэкче мамлекети пайда болгон. Пэкче королдугу IV кылымда борборлошкон мамлекетке айланган. Алгачкы будда сүрөттөрү Японияга дал ошол Пэкче королдугу доорунда жетип барган. Орто кылымдарда Пэкчелик табып, кол өнөрчү жана аалымдар азыркы Япониянын социалдык жана маданий турмушунун негиздеринин калыптануусуна чоң таасир көрсөткөн. Жадагалса Пэкчелик аалым Ван Ин Япония тактысынын мураскору болгон шаазадага устаттык кылган. Пэкче династиясынын падышалары аркылуу Кореяга кытай жазуусу (иероглифтер) жана буддизм кирип келген.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## СИЛЛА КОРОЛДУГУ

Силла королдугу Корея жарым аралынын түштүк-чыгышында жайгашкан. Алгач Үч королдуктун ичинде Силла королдугу эң күчсүзү жана аз өнүккөнү эле. Силла королдугу 668-жылы Кытайдагы Тан династиясы менен союз түзүп, Корея жарым аралын өз кол астына бириктирген. Бирок Корея Кытайга бажы-жасак төлөп турган. Мамлекеттин биригүүсү Кореяда жерге ээлик кылуу мамилелеринин толук калыптануусунда чоң орунду ээлеген. Өз ара согуштарга чек коюлуусу, коңшу мамлекеттер менен тынчтыктын орнотулушу мамлекетте өндүрүштүн өнүгүүсүнө жол ачкан. VIII кылымдын ортолорунда Силла королдугунун алтын доору башталган. Ошол доордо мамлекет өз өнүгүүсү жана кудуретинин туу чокусуна жеткен.

*Ван Гон – Корё мамлекетинин негиздөөчүсү*

## КОРЁ КОРОЛДУГУ

Үч королдук талкалангандан соң, аскер башчы Ван Гон тарабынан Корё королдугуна негиз салынып, бул династия мамлекетти 918–1392-жылдарда башкарган. Бул доордо мамлекеттин борбору Сонак (Түндүк Кореядагы азыркы Кесон) болгон. Ван Гон өз алдына Когурё королдугунун түндүк-чыгыш Кытайда жоготкон аймактарын кайтарып алуу милдетин койгон. Бирок бул максат ишке ашпай калган. XIII кылымдын башында Корё королдугу өз ара күрөштөрдөн күчсүздөнүп калган эле. Мындан пайдаланган моңолдор 1231-жылы Корё королдугун басып алган.



*Корё королдугунун тыйыны*

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Сенин оюңча, жаныбарлардын адамдарга айланышы жөнүндөгү уламыштар адамзаттын кайсы тарыхый баскычында пайда болгон?**
2. **Үч королдук жөнүндө эмнелерди билип алдың?**
3. **Эмне себептен корейс королдуктары болгон Чосон, Пэкче, Силла, Корё саясий жактан күчсүз болушкан?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

15-
тема

# Күн чыгыш мамлекети – Япония орто кылымдарда



## СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:

- **Япониянын аралдарда жайгашуусу анын тарыхына кандай таасир кылганын;**
- **Японияда феодалдык мамлекет кандай пайда болгонун;**
- **самурайлар кимдер экенин.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Япониянын табияты (Фудзияма тоосу)*

## ЯПОНИЯНЫН ГЕОГРАФИЯЛЫК ЖАЙГАШУУСУ

Япония аралдарда жайгашкандыктан башка мамлекеттерге салыштырмалуу бөлүнүп калганы, ошол доордо көчмөн элдерден табигый түрдө корголгондугуна карабастан Кытайдын таасири астында болгон. Ошентсе да, анын маданий өнүгүүсү көптөгөн өзүнө мүнөздүүлүктөрү менен ажыралып турат.

Япония Кытай жана Кореядан чыгышта, бир нече миңдеген аралдарда (алардан төртөө чоң) жайгашкан. Анын климаты дыйканчылык үчүн ыңгайлуу, бирок ошону менен бирге кыйынчылыктарды жеңүүнү талап кылат. Аралдардын көпчүлүгү тоолордон тургандыктан, иштөө берүүчү жер аянттары аз болгон. Япония кооз пейзаждуу табияты менен ажыралып турган. Ошондуктан да японлор сулуулукту укмуш түрдө туйган жана аны кооз поэзия жана сүрөт өнөрүндө, гүлдөрдөн (икебана) гүлдестелер даярдоо жана бактарды жаратууда көрсөтүшкөн.

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Бак жаратуу өнөрү Японияда өтө өнүккөн. Сейилдөө үчүн чоң бактар менен бирге үйдө эле туруп эргүү алуу мүмкүн болгон чакан бактар да болгон. Декоративдүү жерлерге чебердик менен жасалган павильондор да курулган. Алардын арасында эң белгилүүсү – тамы жука алтын пластиналар менен жабылган "Алтын павильон" болуп эсептелген. Көпчүлүк багбандар будда дини кызматкерлери болушкан. Алар бактын түзүлүшүндө буддизмдин "чындыкка жетишүү табиятты таанып-билүү аркылуу болот" деген идеясын айкалыштырууга умтулушкан.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мамлекеттин тарыхында географиялык жайгашуу көп факторлорду белгилеп берген. Анын аралдарда жайгашуусу Чыгыштын башка мамлекеттеринин тарыхына таасир эткен көчмөндөрдүн чабуулдарынан ишенимдүү коргоо каражаты болуп кызмат кылган. Деңиз япондорду азык менен камсыздаган, бирок океан цунамилери жээктеги шаар жана айылдарды көп жолу кыйраткан. Мамлекет башка табигый кырсыктар – жер титирөөлөр жана вулкандардын атылуусунан да жапа чеккен. Кылымдар бою япондор табигый кырсыктарга каршы турууга үйрөнүшкөн, өздөрүндө аларга каршы эмгекчилдик жана тартиптүүлүк көндүмдөрүн калыптандырган.

Япондордун ата-бабалары аралдарга материктен көчүп өткөндөр жана Түндүктөгү Хоккайдо аралында жашоочу айндар сыяктуу жергиликтүү урууларды сүрүп чыгарышкан. Алар кытайлыктардан чай, шалы, медицинанын ийгиликтерин, аскердик иштерди, иероглифтерди жана дагы көптөгөн нерселерди өздөштүрүшкөн. Кытайдан өткөн буддизм япондордун салттуу диндери менен аралашып кеткен.

Мамлекет VII кылымдан Ниппон (япон тилинде – “Күн чыгыш мамлекети”) деп атала баштаган. Бул атты билдирүүчү иероглифтер Кытайдын түштүгүндө “я пон” деп окулган. Дал ошол себеп Русь жана Европа тилдериндеги “Япония” аталышы келип чыккан.

*Минимото-но Ёритомо – Камакуранын биринчи сёгуну*

## МАМЛЕКЕТТИН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ӨЗҮНӨ МҮНӨЗДҮҮЛҮГҮ



Японияда IV кылымда уруулар союздаштыгы калыптанып, ал болочок мамлекеттин негизи милдетин аткарган. Союздун жол башчысы, уламыштарга ылайык, күн кудайынан таралган атактуу уруу болгон. Кудайдын жердеги өкүлдөрү император ***(микадо)*** наамын алып, мезгилдер өтүп өз бийлигин дээрлик бүткүл Японияда орнотушкан. Императорлор кудай деп эсептелген, бирок реалдуу бийликке ээ болушпаган. Адатта алардын атынан мамлекетти эң ири мүлк ээлери – даймёлор башкарган. Мындай жогорку аскердик өкүмдарлар XII кылымдан ***сёгун*** наамына ээ болушкан.

Япониядагы башкаруу режими кытайдыкынан кескин айырмаланган жана бул императордун бийлигинин күчсүздүгүндө гана болбогон. Мамлекетте ак сөөктөрдүн тобу кыйла күчтүү болуп, көп учурларда мансап ээлери императорго караганда, көбүрөк аларга көз каранды болушкан. Маал-маалы менен борбордук бийлик күчсүздөнчү жана европаныкына окшош саясий бытырандылыктын доору болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## САМУРАЙЛАР

Даймёлордун кызматында согушчан аскерлер – самурайлар болуп, алар мезгилдин өтүшү менен жабык катмарды түзүшкөн. Алгач алар кызматтары үчүн жер-мүлк алышкан, кийинчерээк жер берилбегенде кожоюндун үйүндө жашап, анын камсыздоосунда болушкан.

Аскердик иш самурайлар үчүн кесип жана мурастык ишке айланган. Алар бир нече жактары боюнча Европа рыцарларына окшошкон. Самурайлардын турмушу жазылбаган мыйзамдын ***(бусидо)*** эрежелери: өз бурчуна туруктуулук, эр жүрөктүүлүк жана берилгендик идеяларына негизделген эле.

Алар бүткүл жашоосунда аскердик тажрыйбаларын арттырышкан жана аны жогорку деңгээлге жеткиришкен. Самурайлар өз бурчтарын өмүрүнөн жогору деп эсептешкен. Өз кожоюндарын жоготушса же татыксыз иш-аракет жасашса, өздөрүн өлтүрүшкөн.

XIII кылымдын аягында Японияны моңолдор Кытайдын аскердик кемелери флотунун жардамында басып алууга аракеттенишкен. Баштап деңиз бороону тоскоол болгон болсо, кийинкисинде самурайлардын чечкиндүүлүк менен аягына чейин кармашуулары моңолдордун Японияны басып алуу планын жокко чыгарган.



*Япон аскери*



### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР


1. **Япониянын географиялык жайгашуусу пайдалуу жагдай элеби же тескерисинче, ойлоп жооп бер.**
2. **Японияда феодалдык мамлекет качан пайда болгон, анын өзүнө мүнөздүүлүгү эмнеде?**
3. **Самурайлар жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?**
4. **Орто кылымдагы Япония калкына таандык кошумча маалыматтарды интернеттен тап.**
5. **Сенин оюңча, самурайлар үчүн анын кулк-мүнөзүндөгү кайсы жагы маанилүү болуп эсептелет?**

*Япондордун аскердик жортуулу*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 16-тема

# Америка орто кылымдарда



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **Америка материгине түрдүү уруулардын кирип келишин;**
- **Майя, Ацтек жана Инк мамлекеттеринин пайда болушун;**
- **Америка элинин маданиятын.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Майялар мамлекетинин көрүнүшү*

## АЙЫЛ-ЧАРБАНЫН ӨНҮГҮҮСҮ

Алымдардын оюнча, Америка материгине алгачкы адамдар Түндүк Азиядан азыркы Беринг кысыгы аркылуу улуу муз доорунда, мындан 40 миң жыл мурда өтө баштаган жана бул жараян узакка созулган.

Натыйжада бул жерлерде европалыктар келгенге чейин да көп сандуу уруу жана калктар калыптанган. Бул уруулардын негизги бөлүгү аңчылык жана балыкчылык менен алектенген. Бирок Борбордук жана Түштүк Американын тоо жана тоо алды аймактарында дыйкан чарбачылыгы пайда болуп, кеңири өнүккөн. Бул аймактарда **кечуа, майя, ацтек,** олмек жана толтек уруулары жашаган. Алар таш балталар менен токойдогу дарактарды кыйып, шак-бутактарын күйгүзүп, күлүнөн жер семирткич катары пайдаланышкан. Бул жерлерде Европалыктарга белгилүү болбогон жүгөрү, картошка, күнкарама, помидор, какао, тамеки эгиндери жетиштирилген.

Американын чоң бөлүгүндө колго үйрөтүлгөн жаныбарлар болбогон. Жылкы, уй, кой жана эчкилер материкке кийинчерээк Европадан алып келинген. Алар үй жаныбарларынан түндүктө ит, түштүктө төө сымалдар тибине таандык – ламаны багышкан. Чарбада канаттуулардан индюк жана өрдөк кармалган.

### ОЙЛОП КӨРҮП, ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР!

*Америка элинин чоң бөлүгү уруулук жамаасында жашаган. Дыйканчылык менен алектенген **майя, ацтек жана кечуалар** гана өздөрүнүн мамлекеттерин курушкан.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Майяларга таандык дубалдагы жазуулар*

***Пиктографиялык жазуу*** *(латынча* ***pictus*** *– “сүрөттүү” жана грекче* ***grapho*** *– “жазамын” б.а. сүрөттүү жазуу) – маалыматтын жалпы мазмунун сүрөт аркылуу же сүрөттөрдүн удаалаштыгы аркылуу эстеп калуу максатында сүрөттөө.*

Америкалык индеецтер темир, соку, дөңгөлөк, ок атуучу куралдарды билишпеген. Алардын эмгек жана аңчылык куралдары таш, жез жана жыгачтан жасалган. Элдин чоң бөлүгү уруулук жамаада жашаган.


## МАЙЯЛАР МАМЛЕКЕТИ

Борбордук Американын Юкатан жарым аралында (азыркы Мексика) байыртадан майя элдери жашап келген. Б.з.ч. I миң жылдыкта майяларда шаар-мамлекеттер пайда болгон. Алардын ар бирин ***“улуу адам”*** – падыша башкарган, анын бийлиги мурастык болгон.

Майялардын экономикалык-маданий өнүгүүсү биздин замандын 1-кылымынын башында жазууну жаратуу мүмкүнчүлүгүн берген. Кечилдер кылкалемде иероглифтерди жазып, сүрөттөр менен коооздошкон. Майялардын жашоосунда кечилдер маанилүү орунда турган. Алар жамаа мүчөлөрүнө дыйканчылык иштерин аткаруу мөөнөттөрүн белгилеп беришкен. Майялар эң так календарлардан бирин жаратышкан. Математикага “нөл”дү билдирүүчү белги майялар тарабынан индеецтерден мурда киргизилген. Мамлекеттин борбору **Чичен-Ица**да обсерватория курулган. Анда кечилдер планеталардын күндүн тегерегинде айлануу убактысын эсептеп чыгышкан жана Күн менен Айдын тутулушун алдын ала айтып бере алышкан.

Майялар атайын дөңсөөлөр жасап, бийик пайдубалдардын үстүндө өздөрүнүн тепкичтүү пирамидаларын, сарай жана ибадатканаларын курушкан. Сарай жана ибадатканалардын терезелери болбогон, алар эшиктер аркылуу жарытылган. Шаардын тегиз жана түз көчөлөрү таштан курулган.

## АЦТЕКТЕР МАМЛЕКЕТИ



Борбордук Америкадагы азыркы Мексиканын аймагында жайгашкан. Бул жерлерде түндүктөн келген ацтектер чоң көлдүн ортосундагы аралдарда XII кылымда **Теночтитлан** шаарына негиз салышкан; алар жасалма тогоондор курушкан, ибадатканалар жана сарайларды тургузушкан.

Ацтектерде жер жетишсиз болгондуктан, көлдүн түбүндөгү балыр жана өнүмдүү ылайды алып чыгып, салдарда ***“сүзүүчү талааларды”*** да жаратышкан. Бул өзгөчө эгинзарлардан жылына бир нече жолу түшүм алынган.

Ацтектер уруулук жамаа болуп жашашкан. Жамаа башчылары шайлап коюлган. Эгин аянттары жамаа мүчөлөрүнө бөлүштүрүп берилген. Бийликчил уруу өкүл-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Майя прамидасы*

дөрүнөн **тлатоани** – аскер башчысы шайланып, ал жогорку өкүмдар болуудан сырткары, башкы кечил милдетин да аткарган.


Ацтектер чарбасынын негизи сугарма дыйканчылык болгон. Эң маанилүү эгин жүгөрү болуп, андан мол түшүм алынган.

Ацтектерде кол өнөрчүлүктүн карапачылык, токуучулук, жез жана алтындан зергерлик буюмдарын жасоо сыяктуу багыттары жакшы өнүккөн. Ошол учурда алар металлдарды билишпегендиктен балта жана бычактарды таштан жасоо уланган. Зергерлер баалуу таштарга иштөө берип, кадама оймолор (мозаика) жасап, сарай жана ибадатканапын дубалдарын кооздошкон. Ацтек кол өнөрчүлөрү айрыкча оймо идиштер, укмуш кездемелер, куштун жүнүнөн тоос сыяктуу кулпуруучу кештелерди тигүүгө чебер болушкан.

Куруучулар тогоондор, каналдар куруп, чийки кыш же таштан жасалган мамылардын үстүнө үйлөр курушкан. Базарларда товар алмашуу аркылуу соода жакшы өнүккөн.

Ацтектер коңшу майялардын ойлоп табууларынын негизинде өздөрүнүн күн календарын жаратышкан. Пиктографиялык жазуу калыптанган. Ацтектердин дини көп кудайлыкка негизделген эле. Ибадаткана кечилдери эл арасында айрыкча урмат-сыйга ээ болушкан.

Борбор Теночтитланда ак сөөктөрдүн балдары жана карапайым калктын балдары үчүн өз-өзүнчө мектептер болгон. Карапайым балдар үчүн мектептерде дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана аскердик иши үйрөтүлгөн. Ак сөөктөрдүн балдары болсо тарых, каллиграфия, окуу, эсеп, астрономия, поэзия, чечендик өнөрүнүн негиздерин үйрөнүшкөн. Теночтитланда жыл сайын гимн, аңгемелер жазуучу акын-ырчылардын сынактары өткөрүлүп, жеңүүчүлөр сыйланган.



*Сүзүүчү талаалар*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Инк жоокерлери



## ИНКТЕР МАМЛЕКЕТИ

Түштүк Американын Анд тоолору жанбоорлорундагы өрөөндөрдө инктер мамлекети пайда болгон. Кечуа тилдерине сүйлөөчү инктер XII–XIII кылымдарда Урубамба дарыясынын бассейнинде **Куско** шаарына негиз салышкан.

Инктер башка уруулардын жерлерин басып алып, Анд тоолорунан Тынч океанына чейинки чоң аймакта өз бийлигин орнотушкан. Бул мамлекетти **Жогорку Инка** башкарган. Ал *"Күндүн уулу"*, анын жердеги символу болуп саналган. Эл, о.э, табияттын түрдүү күчтөрү, жер жана суу кудайларына да табынышкан. Басып алынган аймактардын элине инктер өз тартиптерин, маданияттарын сиңдиришкен. Натыйжада мурда уруу аты болгон *"инк"* термини бийликчил топ – ак сөөктөрдүн жалпы аталышына айланган.


Инктерден болбогон эл жамаа болуп жашап, бийликчил топ үчүн иштеген. Жамаа дыйкандардын үй-бүлөлөрүнөн түзүлүп, алардын ар бирине кандайдыр бир жер, эгин аянты бириктирип коюлган. Жамаалар жетиштирген түшүмдүн 2/3 бөлүгүн мамлекет жана ибадатканаларга тапшырышкан. Мамлекетте расмий түрдө кулчулук болбосо да, жамаа мүчөлөрү ырайымсыз иштетилген жана дээрлик укуксуз болушкан.

Тоолуу аймактар дыйканчылык үчүн ыңгайсыз эле. Натыйжада жамаанын эркектери тик аскалардын жанбоорун оюп, таштардын үстүнө өнүмдүү топурак жайышкан. Мындай эгинзарлардын топурагын жамгыр жууп кетпесин үчүн айланасы таш дубалдар менен ороп чыгылган. Инктерде негизги эгиндер картошка менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Инктер шаары Мачу-Пикчу "Эски тоо"*

## ОЙЛОП КӨРҮП ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР!

*Инктерде жетиштирилген түшүм үчкө: бир бөлүгү ибадаткана кечилдери, экинчи бөлүгү Жогорку Инкага берилген, үчүнчү бөлүгү болсо жамаага калтырылган. Мамлекеттин кампаларына топтолгон азыктардан кошуун жана мансап ээлерине берилген. Согуш, түшүмсүз жылдары же түрдүү табигый кырсыктар учурунда бардык жабыркагандарга мамлекеттин запасынан жүгөрү даны менен кургатылган картошка таратылган.*

жүгөрү болгон. Дыйкандар, о.э, аш кабак, пахта, ананас, банан да жетиштиришкен.

Айыл-чарбада чарбачылыктын орду да маанилүү болуп, лама менен алпакаларды эти жана жүнү үчүн гана бакпастан, алардан жүк ташуу үчүн да пайдаланышкан. Инктерде карапачылык, зергерлик, токуучулук, боёкчулук, курулуш багыттары айрыкча өнүккөн.

Борбор **Куско**ну аймактар менен байланыштыруучу, жалпы узундугу 15 миңдеген километр болгон таш жолдор курулган, аймактардын арасында почта кызматы жолго коюлган. Атайын чабармандар чуркаган түрдө бири-бирине кабарды жеткирип, аны узак аралыктарга жеткиришкен.

Ак сөөктөрдүн балдары атайын мектептерде окушкан. Жазуу болбогондуктан, балдар инктердин дини, башкаруу тартиби, мыйзамдары жана салттарына тиешелүү маалыматтарды жатташкан. Инктердин өзүнө мүнөздүү ***"түйүндүү каты"*** (кипу) болуп, анын сырлары кечилдерге гана маалым болчу.

Инктер математика, астрономия, география, медицина, ботаника боюнча терең билимге ээ болушкан. Алардын так календары 12 айга бөлүнгөн. Табыптар адамдын баш сөөгүнө операция жасаганды билишкен.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Американын түпкү эли алектенген иштер жөнүндө айтып бер.**
2. **Майялардын тарыхы жана маданияты жөнүндө эмнелерди билесиң?**
3. **Ацтектер деген ким? Алар жөнүндө айтып бер.**
4. **Инктердин мамлекети качан жана каерде пайда болгон?**
5. **Америка элдеринин таалим-тарбия багытындагы өзүнө мүнөздүүлүктөрү эмнелерде чагылдырылган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Сан-Витале базиликасы

Базилика – «хан сарай» епископ Экклезий тарабынан 527-548-жылдарда Равенна (Италия) да курулган. Бул Батыш Европадагы Византия искусствосунун үлгүсү болуп саналат.



## Орто кылымдагы Европа шаарлары

Ар бир шаарда собор, базар жана бекем сарайлар бар эле. Шаардын дубалдарынын сыртында айылдар, мөмөлүү бактар жана шаар элинин эгин аянттары болгон.



## Антиохия салгылашуусу

1097-жылы 20-октябрьда Богемонд I кол башчылыгындагы кресттүүлөр менен Мосул амири Кербоганын кошуунунун ортосунда Антиохия үчүн салгылашуу болуп өткөн.

...предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





# III БӨЛҮМ

# ОРТО КЫЛЫМ ЭЛДЕРИНИН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ ЖАШООСУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



17-тема

# Орто кылымдарда христиан ааламында болуп өткөн өзгөрүүлөр



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- христиан дининин таралуусун жана христиан дининин агымдарын;
- христиан чиркөөсүнүн бөлүнүп кетүүсүн жана анын себептерин;
- чиркөө менен мамлекеттин ортосундагы мамилелерди;
- динсиздерге каршы күрөш жөнүндө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Орто кылым чиркөө кызматкерлери*

## ХРИСТИАН ДИНИНИН ЕВРОПАДА ТАРАЛЫШЫ

Христиан дини IV кылымдан герман урууларынын арасында да тарала баштаган. V кылымдын аягында Франктар королу Хлодвиг христиандыкты кабыл алган. Англия жана Ирландия монастырларынан жетишип чыккан кайраттуу дин кызматкерлери Европанын эң четки жерлерине да барып, элди христиандыкка өткөрүшкөн.

Киев Русу жана Болгария X кылымдын аягында Византиядан христиандыктын православ мазхабын кабыл алган.

Христиан дини Европада IV кылымдан баштап тарай баштаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧИРКӨӨНҮН БӨЛҮНҮШҮ

Рим империясынын Батыш жана Чыгыш Римге бөлүнүшү чиркөөнүн да бөлүнүшүнө алып келген. Франк королунун жардамында 756-жылы Италияда Рим папалары мамлекети – Папанын аймагы түзүлгөн. Византия чиркөөсү болсо Буга чейин эле мамлекетке баш ийчү, Константинополь патриархы башкара турган диний мекемеге айланган.

Чыгыш Европада болгарларды христиан динине өткөрүүдөгү атаандаш чиркөөнүн расмий түрдө батыш католик (“дүйнө”) жана чыгыш православ (“таза дин”, “чын ынаным”) чиркөөлөрүнө бөлүнүшүнө алып келген. 1054-жылдан баштап азыркы күнгө чейин рим-католик жана грек-православ чиркөөлөрү өз алдынча иш жүргүзүп келүүдө. Батышта чиркөө насааттары латынча, чыгышта болсо грек тилинде алып барылган. Католик чиркөөсү бардык чиркөө кызматкерлерине үйлөнүүгө тыюу салса (“целебат”), православдарда дин кызматкерлери гана үй-бүлө курбаган.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧИРКӨӨ ЖАНА МАМЛЕКЕТ

*Индульгенция тартиби*

Европада V кылымда башталган жерге ээлик кылуу мамилелерине өтүү жараянынан чиркөө да четте калбаган. Эгинзарлардын үчтөн бир бөлүгү ибадаткана жана монастырлардын колунда топтолгон. Мамлекеттик салыктардан бошотулган бул жерлерде чиркөөдөн ижарага жер алган миңдеген көз каранды дыйкандар эмгектенишкен.

Андан сырткары, христиан чиркөөсү элден түшүмдүн ондон бир бөлүгү өлчөмүндө салык өндүргөн. Эл, о.э, баланы чокунтканда, никеден өткөндө, өлүккө аза ырым-жырымы өткөрүлгөндө жана башка иш-чаралар үчүн да акча төлөгөн. Чиркөөгө түшүүчү кирешенин кыйла бөлүгү Рим папасынын казынасына жиберилген. Булардан сырткары, католик чиркөөсү индульгенция (латынча, “кечирүү”) – папа тарабынан адамдарга жасаган жана али жасабаган күнөөлөрүн кечирүү үчүн акчага сатылган же католик чиркөөсүнүн алдындагы кызматтарынын ордуна берилген жарлыктардын эсебинен да байыган.

Европада чиркөө мамлекеттин маанилүү мекемесине айланып, анын саясий жана экономикалык ишмердүүлүгүнө аралашкан, соттун милдетин да аткарган. Чиркөө колдонгон жазалардын эң оору интердикт – мамлекетте ибадат жана ырым-жырымдарга убактылуу тыюу салуу болгон.

Иннокентий III (1198–1216) папалыгы доорунда католик чиркөөсү өз кудуретинин туу чокусуна жеткен. Папанын “Ай өз нурун Күндөн алгандай, королдун бийлиги өз шаан-шөкөтүн папалыктан алат” деген сөздөрү колдонууда болгон. Рим папасы герман, француз жана англис падышаларын интердикт аркылуу ийге келтирип, моюн сундурган. Элге өз өкүмүн өткөрүүдө папа дин кызматкерлерине таянган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ДИНСИЗДЕРГЕ КАРШЫ КҮРӨШ

Чиркөө жана анын окуусуна каршы адамдар еретиктер (грекче, “динсиздер”) деп аталган. Өздөрүн “таза христиандар” деп атаган мындай адамдар чиркөөнүн байлыктары, шаан-шөкөттүү ырым-жырымдарына каршы чыгып, жөнөкөй чиркөө идеясынын жактоочулары болушкан. Алар католик чиркөөсүнүн чоң байлыктарды колго киргизип, шайтандын куралына айланганына ишенишкен. Ошону менен бирге, чиркөө байлыктан баш тартып, Иса Машаяктын апостолдору (хаварийлери) ээрчиген “адилет жана чындык жолунан” баруу керек деп эсептешкен. Коом тарабынан кабыл алынган ынанымдын негиздеринен айырмалуу түрдө, “таза христиандар” поптор керек эместигин жана ар ким кудайга өзү кайрылуусу мүмкүндүгүн жарыялаган. Шаар элинин көпчүлүгү, дыйкандар жана жадагалса рыцарлар католик чиркөөсүнөн кетип, “таза христиандар” жамаасы менен иш-чараларды аткарууга киришишкен. Мындай шартта папалык тарабынан еретиктерге каршы күрөшүү үчүн чиркөө соту – **инквизиция** (латынча – “издөө”) түзүлгөн. Христиан чиркөөсүнүн душмандарын издеп табуу жана жазалоо менен алектенген инквизиция папа **Григорий IX** (1227–1241) доорунда айрыкча күчөгөн.

**ОЙЛОП КӨРҮП ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР!**

*Еретиктерди кармоо жана жазалоо үчүн келген инквизиторлор шаар элин топтоп, ар бир адам бир нече күндүн ичинде күнөөсүнөн каалагандай түрдө тообо кылууу мүмкүндүгүн жарыялашкан. Бул жагдайда адамды жеңил жаза күткөн: бүткүл өмүр бою крест белгисин тагынып жүрүү, ар жекшемби күнү чиркөөдө таяк менен сабалануу, ыйык жерлерге узак мөөнөттүү зыяратка баруу.*



*Рим папасы Григорий IX*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Инквизиция сотунда бир адам кыйноолорго чыдабай, динсиздигин моюнга алганда, ал чиркөөгө кызмат кылуу жоопкерчилиги, өмүр бою камак же устунга байлап коюу жазаларына өкүм кылынган.*

*Инквизиторлор жазаны аткаруучу адамдын кызматы жана өлтүрүү үчүн зарыл болгон бардык нерселерге чиркөөдөн акча ажыратышкан.*

Инквизиция иш-чарасы Испанияда айрыкча кеңири тараган. Папа ар бир шаар жана айылдарга инквизиторду анын жардамчылары менен жиберген. Шаарларга барып, алар элди бирме-бир суракка алышкан. Эгерде кимдир бирөө эки күбө тарабынан еретик деп айтылса, айыпталуучу инквизиция сотуна чакыруу алган жана эреже түрүндө чынжырга байланып, караңгы зынданга ташталган. Инквизиторлор аларды ыймандан чыгып кеткендигин мойнуна коюуга умтулуп, рухий азаптар менен коркутушкан, анын "күнөөкөр денесин" кыйноого салышкан.



*Инквизиция соту*

Айыпталгандарды отто күйгүзүү "autodafe" (португалча – "ынаным же дин иши") деп аталган. Ага ылайык, еретик аянтка алып чыгылган жана устунга байланып, элдин көзүнчө өрттөп өлтүрүлгөн. Өрттө күйүп кеткен адамдын рухун жаман денеден жана анын күнөөлөрүнөн тазалоосуна ишенишкен.

**СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Европада христиан дини качандан кеңири тарай баштаган?**
2. **Католик жана православ чиркөөлөрүнүн пайда болуу себептерин көрсөт.**
3. **Орто кылымдарда чиркөө кандай орун туткан?**
4. **Индульгенция соодасын кандай түшүндүң?**
5. **Инквизиция деген эмне жана ал кимге кызмат кылган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 18-тема

# Кресттүүлөрдүн жортуулдары



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **кресттүүлөрдүн жортуулдары үчүн ыңгайлуу шарттын пайда болушу жана анын себептерин;**
- **кресттүүлөрдүн жортуулунун катышуучуларынын максаттарын;**
- **кресттүүлөрдүн жортуулдарынын өзүнө мүнөздүү айырмалуу жактарын;**
- **Византиянын кайра калыбына келишин;**
- **кресттүүлөрдүн жортуулдарынын аякташы жана кесепеттерин.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КРЕСТТҮҮЛӨРДҮН ЖОРТУУЛДАРЫНЫН СЕБЕПТЕРИ

Кресттүүлөрдүн жортуулдары – Батыш Европа феодалдарынын Жакынкы Чыгышка уюштурган баскынчылык жана талоончулук согуштары эле. Бул жортуулдар 1096–1270-жылдар аралыгында болуп өткөн. Чыгыш жерлерин ээлөө аркылуу чиркөө өзүнүн таасирин дагы да күчөтүүнү максат кылган. Чыгышта XI кылымдын аягында пайда болгон жагдай кресттүүлөрдүн жортуулдары үчүн ыңгайлуу шарт жараткан. Кичи Азия жарым аралы дээрлик толук селжук түрктөрүнүн колунда эле. Бул жерден Батыш мамлекеттеринин зыяратчылары Палестинанын ыйык жерлерине, христиандардын уламыштарына ылайык, Иса пайгамбар көмүлгөн Иерусалимге баруучу жолдор өткөн. Иерусалим болсо дээрлик беш кылымдан бери мусулмандардын колунда эле. Жергиликтүү падышалар жана элдин зыяратчыларга болгон мамилеси жаман болбосо да, XI кылымдын аягынан башталган мусулман падышалардын өз ара согуштары христиандардын зыяраттарына кооп сала баштаган. Византия императору Рим папасы менен келишпесе да, христиандардын душ-

### ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!

***Крест*** – христиандыктын негизги символдорунан бири, православ жана католиктерде диний сыйынуу буюму. Крестке сыйынуу IV кылымда расмий жайылган. Христиандардын уламышы боюнча, Иса крестке тартылган, ошондуктан кресттин сүрөтү христиандыктын символуна айланган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Папа Урбан II нин кайрылуусу*

мандары менен күрөшүү үчүн аскерлер жиберүүнү сурап, Батышка кайрылган. Папа **Урбан II** 1095-жылы Франциянын түштүгүндөгү **Клермон** шаарында чиркөө жыйынына топтолгон миңдеген поптор, рыцарлар жана жөнөкөй элдин өкүлдөрүнүн алдында чыгып сүйлөгөн. Ал Иерусалимдеги "пайгамбардын мүрзөсүн" мусулмандардан бошотууга чакырган. Папа жүрүштө катышкандарга алардын күнөөлөрү кечирилишин, өлгөндөрүн рухунун бейишке түшүүсүнө убада берген. Урбан II Палестина – "ыйык жердин" байлыктарын жана түшүмдүү экендигин да эскертип өткөн. Палестинада *"сүт жана бал дарыя болуп агышы, Иерусалим жердин киндиги, бейиш сындуу түшүмдүү өлкө"* экенин айткан.

Бул сөздөрдү эл "Кудайдын эрки ушул!", "Кудайдын каалоосу ушул!" сыяктуу кыйкырыктар менен тосуп алышкан. Алар кездемеден кресттин сүрөтүн кыркып, өз кийимдерине тиге башташкан. Ошол себептен жортуул катышуучулары "кресттүүлөр", жортуулдардын өзү болсо "кресттүүлөрдүн жортуулдары" аталышын алган.

Католик чиркөөсү жортуулдун катышуучуларына айрым жеңилдиктерди, алсак, дыйкандарга карыздарынын кечирилишин, алардын үй-бүлөлөрү чиркөөнүн коргоосуна өтүшүн жарыялаган.

## КРЕСТТҮҮЛӨРДҮН ЖОРТУУЛДАРЫ КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН МАКСАТТАРЫ

Папа, кресттүүлөрдүн жортуулдарында катышкандар күнөөлөрүнөн тазаланат, деп жарыялагандыктан, анда рыцарлар гана эмес, жөнөкөй эл, жадагалса аялдар жана балдар да катышышкан. Аларды жалпы максат – Иерусалимди мусулмандардан куткаруу идеясы бириктирип турган болсо да, бирок ар бир кресттүүнүн өзүнчө максат жана каалоолору болгон.



*Тамплиер рыцарларынын мөөрү*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мисалы, дыйкандар кресттүүлөрдүн жортуулдарында катышуу аркылуу өздөрүнүн оор жашоосунан кутулуп, Чыгышта мүлккө жана бактылуу турмушка жетишүүгө үмүттөнүшкөн.

Кресттүүлөрдүн көпчүлүгүн негизинен рыцарлар түзгөн, алардын көпчүлүгү бай эмес үй-бүлөлөрдөн болгон. Үй-бүлөнүн кенже уулдары, майорат режими болгондуктан, б.а. мурас чоң уулга калтырылгандыктан, ата-энелеринен калуучу мурастын чоң бөлүгүнө үмүт да кылышпаган. Бул жагдайда рыцарлар өздөрүнө шаан-шөкөт жана байлык көздөп жолго чыгышкан.

Герцогдор, графтар жана айрым королдор менен императорлор да Чыгышка жөнөшкөн. Алар өздөрүнө жаңы аймактарды жана жарандарды баш ийдирип, өздөрүнүн жер-мүлктөрүн дагы да кеңейтип алууну максат кылышкан.

Кошуун менен бирге соодагерлер да жолго чыгып, алар Чыгыш товарлары менен соода кылуу аркылуу тез байып кетүүнү максат кылышкан. Албетте, кресттүүлөрдүн жортуулунун катышуучулары пайданы гана ойлогон десек ката болот. Материалдык керектөө аларда “пайгамбардын мүрзөсүн” мусулмандардан куткаруу ыйык иш экендигине ишеним менен айкалышкан.



*Кресттүүлөрдүн кийими*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Алексей I

## КРЕСТТҮҮЛӨРДҮН БИРИНЧИ ЖОРТУУЛУ

Кресттүүлөрдүн биринчи жортуулунда Франция, Италия жана Германиянын түрдүү аймактарынан келген рыцарлар катышкан. Алар мыкты куралданган, зарыл азык жана акча менен камсыздалышкан. Византиянын борбору Константинополдо 1096-жылдын күзүнөн топтоло баштаган рыцарларды император **Алексей I** Жакынкы Чыгышта түзүлүүчү христиан мамлекеттери Византияга саясий көз каранды болушу жөнүндө вассалдык ант берүүсүн кабыл алдыргандан соң, аларды Босфор кысыгы аркылуу Кичи Азияга өткөрүп жиберет. 1099-жылга чейин созулган жортуулдар Сирия менен Палестинада кресттүүлөрдүн өз мамлекеттерин түзүшү менен аяктаган. Алардын арасында **Иерусалим королдугу** кресттүүлөрдүн негизги мамлекети эле. Кресттүүлөр **Иерусалимди** ээлөө учурунда бир эле жамаатык мечитте 10 миң мусулман кырып ташталган. Еврейлер өз *синагогасында* (ибадаткана) өрттөп жиберилген. Кыргын учурунда көптөгөн аялдар жана балдар да өлгөн. Кыргындар аскердик зарылчылык менен эмес, адамдардын жүрөгүнө коркуу салуу үчүн гана жасалган. Кресттүүлөр жадагалса чыгыш шаарынын эли болгон христиандарды душманга жардам бергендикте айыптап, өз үйлөрүнөн айдашкан. Шаардыктардын үйүнө бастырып кирген рыцар эшикке калканды асып койгон жана бул үй бардык жабдыктары менен жаңы кожоюнга өткөндүгүн билдирген.

## КРЕСТТҮҮЛӨР ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШТА

Европадан келе жаткан рыцарлар агымы христиандарга басып алынган аймактарды 200 жылча колдо сактоо мүмкүнчүлүгүн берген. Жакынкы Чыгышта кресттүүлөр жергиликтүү дыйкандарды көз карандылыкка туш кылышкан. Жаңы кожоюндар түшүмдүн 1/3 бөлүгүн салыкка ала башташкан. Мындан сырткары эл кошумча түрдө королго, христиан чиркөөсүнө да салык төлөөгө мажбурланган. Натыйжада жергиликтүү элде кресттүүлөргө карата жек көрүү күчөп, козголоңдор да болуп турган.



Тевтон ордени

## ДИНИЙ-РЫЦАРДЫК ОРДЕНДЕРИ

Палестинада түзүлгөн диний-рыцардык ордендери адаттагы дин кызматкерлеринин ордендеринен таптакыр айырмаланган. Батышта жөнөкөй дин кызматкерлеринин негизги иши ибадат жана эмгектенүү болсо, диний-рыцардык орденинин мүчөлөрүнүн негизги милдети согуш болчу. Ордендерге кресттүүлөр мүлктөрүн кеңейтүү жана коргоо, жергиликтүү элдин козголоңдорун басыруу милдеттери коюлган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*1099-жылы кресттүүлөр тарабынан Иерусалимдин ээлениши*

Алгачкы диний-рыцардык ордени **госпитальерлер** ордени болгон. Аны **иоаннийлер ордени** деп да аташкан. Мусулмандар Палестинаны кайра ээлегенден соң орден баштап Родос аралына, бир нече кылым өтүп Мальтага көчкөн.

Иерусалимге келе жаткан зыяратчыларды коргоо үчүн түзүлгөн экинчи рыцардык ордени алгач **тамплиерлер** деп аталган. Ал Иерусалимдеги рыцарлар жайгашкан дөңсөөнүн аты менен аталган. Бул орден кайрымдуулук жана белектер алуудан сырткары, сүткорлук менен да алектенген. Европада алардын байлыктары жөнүндө уламыштар токулган.

Үчүнчү ири диний-рыцардык ордени Ыйык Бүбү Марямга арналган. Андагы көпчүлүк рыцарлар Германиядан болгондуктан, аны **Немис** (латынча - **Тевтон**) **ордени** дешкен.



*Госпитальер ордени*

*Тамплиер ордени*

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Диний-рыцардык ордендери жарым аскердик-жарым дин кызматкерлердин бирикмелери болгон. Кечилдик жамынчысынын астында: тамплиерлерде – ак кездемеден кызыл иконалуу, госпитальерлерде – кызыл кездемеге ак иконалуу, тевтон рыцарларында болсо ак кездемеге кара икона сүрөттүү рыцардык сооту кийилген.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Кресттүүлөрдүн Салахиддин Аюбийге жеңилиши*



*Салахиддин Аюбий*

## КРЕСТТҮҮЛӨРДҮН ЭКИНЧИ ЖАНА ҮЧҮНЧҮ ЖОРТУУЛУ

XII кылымдан мусулман амирликтери биригип, кресттүүлөргө каршы күрөш баштаашкан. Селжуктар падышасы Маликшахтын ишенимдүү өкүлү – Имамиддин Зангий кресттүүлөргө сокку берип, Мосул менен Халабдын аралыгындагы жерлерди ээлеген. Анын уулу Нуриддин Зангий 1146-жылы атасынын ордуна тактыга отуруп, дароо кресттүүлөргө каршы согушка аттанган. Аларга каршы күрөшүү үчүн Европа феодалдары 1147–1149-жылдарда кресттүүлөрдүн экинчи жортуулун уюштурушкан. Франция жана Германиянын королдору өз кошууну менен катышкан бул жортуулдар ийгиликсиздикке учураган жана Европанын жеңилбестиги жөнүндөгү уламышты жокко чыгарган. Немис кресттүүлөрү селжуктар тарабынан Кичи Азияда кыйратылган болсо, Францияльктар Дамаскты курчоого алып, багындыра албай, Европага кайтышкан.

Нуриддин Зангий кресттүүлөрдү Чыгыштан бүткүл сүрүп чыгарууну максат кылган эле. Ал кресттүүлөр түзгөн Антиохия княздыгы аймагынын чоң бөлүгүн ээлеген. Эдесса графтыгында да өз бийлигин сактап калган. 1155-жылы Нуриддин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Зангийдин кошууну Дамаскты ээлеши менен мусулмандар Сирияда бирдиктүү саясий бийликке ээ болгон. Бул мезгилде Жакынкы Чыгышта катуу каршылыкка учуруган кресттүүлөр Египетти басып алууга киришишкен. Нуриддин Зангий 1169-жылы Ширкух жана анын жээни Салахиддиндин башчылыгында кошуун жөнөтүп, Египетти ээлеген.

Ширкух өлгөндөн соң, анын жээни Салахиддин Египетте бийликти толук колго алып, Айюбийлер мамлекетин түзгөн. **Салахиддин Айюбий** кресттүүлөргө каршы күрөштү улантып, 1187-жылы кресттүүлөрдөн Иерусалимди тартып алган.

Бул окуя Европада кресттүүлөрдүн үчүнчү жортуулунун (1189–1192) түзүлүшүнө алып келген. Бирок герман императору, Франция жана Англия королдорунун катышуусундагы бул жортуулдар да ийгиликсиз аяктаган.

## КРЕСТТҮҮЛӨРДҮН ТӨРТҮНЧҮ ЖОРТУУЛУ (1202–1204)

XII кылымдын аягында папа **Иннокентий III** кресттүүлөрдүн жаңы жортуулдарын түзүүгө киришкен.

Кресттүүлөр кошуунду Венеция менен деңиз аркылуу кемелерде Палестинага алып өтүүгө келишип, 85 миң күмүш марка акча төлөөнү мойнуна алышкан. Келишилген акчанын дээрлик 1/3 бөлүгүн төлөй албаган кресттүүлөр жортуул башталышында эле Венециянын соодадагы негизги атаандашы – Византияга каршы согуш баштоого аргасыз болгон. Согуш баштоо үчүн болсо иниси тарабынан тактыдан түшүрүлүп, көзүнө жебе тартылган **Исаак II Ангел**ге таажы-тактыны кайтаруу шылтоо болот.

Кресттүүлөрдүн төртүнчү жортуулунда Константинополь негиз салынганынан бери алгачкы жолу душмандын олжосуна айланган. Латындар – византиялыктар кресттүүлөрдү ушундай аташкан – кыйраган Византияда Латын империясы деп аталган мамлекет түзүшкөн. Бирок жергиликтүү гректердин кайраттуу каршылыгы себеп латындар Византия жерлерин толук баш ийдире алышпаган. Латын империясынын өзү да тез арада бир нече майда княздыктарга бөлүнүп кеткен.



*Балдардын кресттүү жүрүштөрү*

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

### БАЛДАРДЫН КРЕСТТҮҮ ЖҮРҮШТӨРҮ

*Франциянын Вандом айылынан Стефан аттуу бир чабан бала чыгып, 1212-жылы бүткүл мамлекетти бойлой жүрүп, балдарды кресттүүлөрдүн жүрүшүнө үгүттөй баштаган. Ал өзүн кудай тарабынан өкүл кылып жиберилгенин жана өзүнө христиандарга башчылык кылып Палестинанын жерлерин ээлөө милдети тапшырылганын жарыялаган. Анын алдына дин кызматкеринин түспөлүндө Иса Машаяк келип, ага Иерусалимди кутка-*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

*руу үчүн балдар гана катыша турган кресттүүлөрдүн жаңы жүрүшүнө баш болууну тапшырганын айткан.*

*Чабан жигит өз артынан балдарды ээрчитүү үчүн алардын арасында күчтүү үгүттөөнү жолго койгон. Ал кудум Египет фараонунун зулумунан качып келаткан Муса пайгамбар башчылыгындагы еврейлердин алдында деңиз чегингендей, Палестинага баруучу кресттүүлөрдүн кошууну жолунда деңиз кургап калышы жөнүндө айта баштаган. Ал өз сөздөрү жана көрсөткөн “укмуштары” менен миңдеген адамдарды таң калтырган. Ата-энелеринин каршылыгына карабай, миңдеген балдар жана кыздар жүрүшкө аттанышкан. Эгерде кимдир бирөө бул акылдан азган балдардан кайда баратканын сураса, деңиздин артына – Кудайдын алдына баратышканы жөнүндөгү жоопту угушкан.*

*Стефандын башчылыгындагы чогулган эл Франциянын түштүгүндөгү Марсель портуна жетип келгенден соң, эки соодагер аларды “Кудайдын ыраазылыгы” үчүн Сирияга жеткирип коюну сунуштаган. Натыйжада алар жети кемеде жолго чыгышкан, ошондон эки кеме жолдо кырсыкка учураган. Калган беш кемедеги балдарды бул эки кул сатуучу Египетке алып келип, кул катары сатып жиберген. Германиянын императору Фридрих II кийинчерээк эки кылмышкер кул сатуучуларды колго алдырып, өлтүрткөн. О.э, ал Египет султаны менен келишим түзүп, балдардын бир бөлүгүн кайтарууга жетишкен.*

## КРЕСТТҮҮЛӨРДҮН ЖОРТУУЛДАРЫНЫН АЯКТАШЫ ЖАНА КЕСЕПЕТТЕРИ




Кресттүүлөрдүн соңку жортуулдары Жакынкы Чыгыштагы жагдайды өзгөртө албаган. Франциянын королу **Людовик IX** нун 1269–1270-жылдардагы кресттүүлөрдүн сегизинчи жортуулу соңкусу болгон. Көп өтпөй кресттүүлөрдүн Чыгыштагы мүлктөрү бир-бирден мусулмандардын колуна кайткан.

Кресттүүлөрдүн жортуулдарынын токтотулушунун негизги себеби XIII кылымдын аягынан Батыш Европа мамлекеттеринде башталган өзгөрүүлөр болгон. Өндүрүш күчтөрү өсүп, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк өнүккөн. Токойлор кыйылып, эгинзарларга айландырылган, эгин аянттары кеңейтилген. Айыл элинин жерсиз бир бөлүгү барган сайын өнүгүп жаткан шаарларга кеткен. Калаберсе, алардын Чыгышта жер жана эркиндикке жетишүү тилектери жортуулдар учурундагы ийгиликсиздиктер себеп жокко чыккан. Король бийлигинин күчөй башташы жана мамлекетти борборлоштуруу саясаты



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рыцарларга король кошуунунда кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүн жараткан. Соодагерлер тынч жол менен соода-сатык алып баруунун артыкчылыгына дагы бир жолу ынанышкан. Батыш Европада борборлошкон мамлекеттерде король бийлигинин күчөшү менен кресттүүлөрдүн жортуулдарынын идеялык жетекчиси жана үгүттөөчүсү болгон Рим папалары өз саясий беделин жогото баштаган жана жаңы жортуулдарды түзө албай калышкан.

Кресттүүлөрдүн жортуулдары өзүнүн негизги, б.а. Чыгышта күчтүү христиан мамлекетин жаратуу максатына жетише албаган. Анда катышкан 100 миндеген адамдар курман болушкан, чоң экономикалык зыян жеткен. Бирок Чыгыштын өнүккөн маданияты менен таанышуу Европа элинин жашоо мүнөзүн кескин өзгөрткөн. Алар Византия жана мусулмандардын өнүккөн маданияты жана техникадагы ийгиликтерин өздөштүрүшкөн. Европага лимон менен өрүк мөмөлөрү жана шалы, гречиха, дарбыз, балкамыш (кант тростниги) сыяктуу эгиндер алып келинип, эгиле баштаган. Техника багытында арбалет, темирди чыңдоо жана айрым кездемелерди токуу усулдары өздөштүрүлгөн. Кресттүүлөр Сирияда көргөн шамал тегирмендери XII кылымдан Европада да курула баштаган. Арабдардан алып келинген байланышчы көгүчкөндөрдөн көптөгөн мамлекеттерде пайдаланыла башташкан. Байыркы доордон соң турмуштагы тазалык талаптарын унутуп муздак сууда жууна турган, кийимдерди алмаштырбай турган европалыктар Чыгыштан таза жана ысык мончолордон пайдаланууну жана кийим алмаштырууну үйрөнүшкөн.



*Соңку кресттүүлөрдүн өз журтуна кайтуусу*

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Кресттүүлөрдүн жортуулдары деген эмне? Алардын уюштурулуу себептерин түшүндүр.**
2. **Католик чиркөөсү кресттүүлөрдүн жортуулдарынан кандай максаттарда пайдаланууну көздөгөн?**
3. **Картадан кресттүүлөрдүн биринчи жортуулунун катышуучулары Жакынкы Чыгышта түптөгөн мамлекеттерди көрсөт.**
4. **Сенин оюңча, кресттүүлөрдүн төртүнчү жортуулунун мурдагыларынан айырмасы эмнеде?**
5. **Кресттүүлөрдүн жортуулдарынан көздөлгөн максатка жетпөөсүнүн себептери эмнеде деп ойлойсуң?**
6. **Балдардын кресттүү жүрүштөрү жөнүндө кандай пикирдесиң?**
7. **Кресттүүлөрдүн жортуулдары Европа жана Азия үчүн кандай натыйжа жана кесепеттерге алып келген?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



19-
тема

# Европада орто кылым шаарларынын өзүнө мүнөздүүлүгү



*Сарапчылык (акча майдалоочу) дүкөнү*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **Европанын айыл-чарбасынын өнүгүүсүн;**
- **орто кылым шаарларынын турмушун;**
- **товардык чарбанын пайда болушун.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Орто кылымдарда Европада соода-сатык*

## ЧАРБАНЫН ӨНҮГҮШҮ

Европада X–XI кылымдарда өндүрүш өнүккөн. Бул, эң оболу, кол өнөрчүлүктө күзөтүлгөн. Эмгек куралдарынын өркүндөшү, усталардын чебердигинин артышы кол өнөрчүлүктү дыйканчылыктан өзүнчө багытка айландырган. Дыйканчылыкта моюнчаны ойлоп таап, сокону атка кошуу жер айдоону тездеткен. Түшүмдүүлүктүн артышы дыйкан чарбасында ашыкча продукциянын көбөйүшүнө жана аны кол өнөрчүлүк буюмдарына айырбаштоого жол ачкан. Кол өнөрчүлөр даярдаган буюмдардын түрү, саны, сапаты артып барган. Бирок айылда феодалдык бийликтин таасиринде кол өнөрчүнүн эркиндиги чектелген. Натыйжада алар айылдардан качып, өз буюмдарын даярдоо жана сатуу мүмкүнчүлүгү болгон жерлерге кете башташкан.



*Орто кылым шаарларынын көрүнүшү*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОРТО КЫЛЫМ ШААРЛАРЫ

Шаарлар, оболу, коопсуз, душмандын чабуулунан коргонууга ыңгайлуу, жадагалса, кол өнөрчүлөр өздөрү жасаган буюмдарын сата ала турган жерлерде пайда болгон. Европада шаарлардын пайда болушу жана өнүгүшү түрдүү мамлекеттерде түрдүүчө болгон. Алгач Италия жана Франциянын түштүгүндөгү **Венеция, Генуя, Флоренция, Марсель, Тулуза** шаарлары IX–X кылымдарда эле өнүгө баштаган. Бул шаарлардын деңиз соода жолунда жайгашканы алардын өнүгүүсүндө маанилүү орун ээлеген. X–XI кылымдарда Франциянын түндүгүндө, Нидерландия, Англия жана Германияда, XII–XIII кылымдарда Венгрия, Балтика бою, Русь жерлеринде жаңы шаарлар пайда боло баштаган. Европа шаарларынын түрдүү кылымдарда пайда болушунун негизги себеби мамлекеттердеги социалдык-экономикалык өнүгүүдөгү айырмалар болгон.



*Орто кылым шаарларынын көрүнүшү*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ШААРЛАРДЫН ТУРМУШУ

Шаарлар көбүнчө феодалдардын жеринде пайда болгон. Алгач феодалдар өз жерлериндеги шаарларга демөөрчү болуп, көчүп келген кол өнөрчүлөрдү салыктардан бошоткон. Бирок шаарлар өсүп, байып баруусу менен кожоюндар алардан көбүрөк киреше алууга умтулушкан. Феодалдар кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүгүшүнө тоскоол боло башташкан. Натыйжада шаардыктар сеньордун башкаруусунан эркиндикке чыгууга умтулушкан. Көбүнчө шаарлар өз эркиндигин төлөм, акчанын эсебинен колго киргизишкен. Мындай мүмкүнчүлүк болбогон учурда эркиндик үчүн козголоң жолу колдонулган. Франциянын бир топ шаарларында XII–XIII кылымдарда сеньорлорго каршы күрөш болуп өткөн. Монастырь жана чептерде жашоочулардын кол өнөрчүлөргө муктаждыгы, душман кооп туудурганда жашырынуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экени алардын айланасында шаарлардын калыптануусуна себеп болгон.



*Орто кылымдын феодалдары*



## ШААРЛАРДЫН КӨРҮНҮШҮ

Шаарлардын айланасы мунаралуу коргонуу дубалы, суу толтурулган аңдар менен курчалган. Кароол-сакчылар мунараларда түнү-күн алмашып турушкан. Душмандан коргонуу максатында шаардын дарбазалары жана көпүрөлөрү бышык темирден жасалган. Түнү аңдын үстүндөгү көпүрөлөр көтөрүп коюлган жана шаардын дарбазасы жабылган. Шаардын борборунда базар аянты, анын жанында ибадаткана жайгашкан. Шаардык кеңештин имараты – **ратуша** да ушул жерде курулган. Шаардын бөлүктөрү өзүнчө кварталдарга бөлүнгөн. Кварталдардын ар биринде белгилүү бир кесиптеги кол өнөрчүлөр жашашкан. Шаардагы үйлөрдүн көпчүлүгү жыгачтан курулган. Алар өтө тыгыз курулгандыктан, көбүнчө бири-бирине туташып кеткен. Көчөлөр тар, айрымдары энине эки метрден да ашпаган. Түндө көчөлөр жарытылбаган, суу түтүктөрү жана канализация болбогон. Таштандылар түз эле көчөгө ташталган. Элдин тыгыз жайгашуусу жана тазалыктын талапка жооп бербөөсү жугуштуу оорулардын тез-тез кайталанып турушуна, көптөгөн адамдардын мезгилсиз өлүмүнө алып келген. Өрт чыкканда жыгачтан тыгыз курулган үйлөрдөн турган көчөлөр, кварталдар толук күйүп кеткен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на UZEDU.ONLINE



## ШААР КАЛКЫ

Шаарлардын калкынын негизги бөлүгүн кол өнөрчүлөр, соодагерлер түзгөн. Ири шаарларда бай ак сөөктөр, феодалдар, мансап ээлери, табыптар, дин кызматкерлери да далай болгон. Шаар калкынын бир бөлүгү дыйканчылык менен да алектенүүнү уланткан. Шаар дубалынын айланасында эгинзарлар, бактар, талаа жана кой, бодо мал, жылкылар оттоп жүргөн жайлоолор жайгашкан. Калкы эң көп ири шаарлар Париж, Константинополь, Милан, Флоренция, Кордова, Севилья болуп эсептелген.

*Цехтердин иши*

## КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ЖАНА ЦЕХТЕР



*Темирчилик устаканасы*

Шаарлардын чарбасынын негизи кол өнөрчүлүк болгон. Кол өнөрчү өндүргөн иш куралдарынын ээси болуп, өз чарбасын эркин жүргүзгөн. Алар базарларды өз буюмдары менен камсыздашкан. Белгилүү кесиптин усталары өз бирикмелери – цехтерге биригишкен. Усталардын жалпы жыйынында баары аткаруусу милдеттүү болгон цехтин жобосу кабыл алынган. Жобонун талабына ылайык буюмдар белгилүү бир үлгү боюнча гана жасалган. Цехти башкаруу үчүн шайланган аксакал кол өнөрчүлөрдүн жобого амал кылуусун, даярдалган буюмдардын сапатын жана санын көзөмөлдөгөн. Жободо устанын станоктору, окуучу-шакирттери, устанын жардамчыларынын саны белгилеп коюлган. Бул түрдөгү иш-чаралар усталар үчүн бирдей шарт түзүү, атаандашка жол бербөө максатында колдонулган. Даяр буюмдардын баасы да цехтин аксакалы тарабынан белгиленген. Уста жардамчысынын мөөнөтү кесиптин татаалдыгына карай 2–7 жыл болуп, өзгөчө буюм жасоо жана аны



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



цех аксакалынын сыноосунан өткөрүү менен аяктаган. Цехтер шаарды коргоодо, согуш учурунда анын коргоосунда өзүнчө бөлүм катары катышкан. Цехтердин өз герби, желеги, ибадатканасы жана кээде өзүнчө көрүстөнү да болгон. Алгач өндүрүштүн өнүгүшүнө кызмат кылган цехтер кийинчерээк ага тоскоол боло баштаган. Шаарларда усталардын көбөйүп барышы алардын ортосунда атаандаштыкты күчөткөн. Кол өнөрчүлөр жана соодагерлердин арасынан бай цех башчылары бөлүнүп чыга баштаган. Европада цехтердин да катмарланышы жүргөн, зергерлик, ноотучулук жана башка бай цехтер пайда болгон. Бул жараяндар Флоренция, Лондон, Бристоль, Париж, Базель сыяктуу ири шаарларда башталган. Кол өнөрчүлөр өз жардамчыларынын өсүп усталыкка өтүшүнө тоскоол боло башташкан. Натыйжада 10–12 жылдап устачылыкка өтө албаган уста жардамчыларынын катмары пайда болгон. Бул жагдай уста жардамчыларынын «боордоштук» коомдорун түзүп, өз укуктарын, 14–16 саатка созулган иш убактысын кыскартып, эмгек шарттарын жакшыртуу үчүн күрөшүн күчөткөн.

## ТОВАРДЫК ЧАРБАНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

Цехтердин көзөмөлүнө карабастан, кол өнөрчүлөрдүн соодалоого даярдаган буюмдарынын саны арткан. Натыйжада чийки зат жана айыл-чарбасы азыктарына талап да артып барган. Өз кезегинде, ири жер ээлери жана дыйкандар жетиштире турган продукцияларынын көбөйүшүнөн кызыкчылыгы арткан. Өз продукцияларын сатып, кол өнөрчүлүк буюмдарын сатып алуучулар көбөйө баштаган. Ири шаарлардын айланасындагы аймактар менен гана эмес, чет мамлекеттер менен да соода мамилелерин орнотушкан. Алгачкы орто кылымдардагы натуралдык чарба өз ордун товардык чарбага бошотуп бере баштаган.

***Товардык чарба*** *– продукцияларды базарда сатуу же айырбаштоо үчүн өндүрүүчү чарба болуп саналат.*

Сооданын жандануусу жолдордун жакшыруусун талап кылган. Францияда королдун указы менен негизги жолдорго таш төшөлө баштаган. Дарыялардын үстүндө жыгач жана таштан көпүрөлөр куруу иштери жолго коюлган.



*Орто кылымдардагы базар*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГЫШ МАМЛЕКЕТТЕРИ МЕНЕН СООДА БАЙЛАНЫШТАРЫ

Сирия, Египет, Иран жана Орто Азияга чейин барган европалык соодагерлер Чыгыш базарларынан жибек кездемелер, жасалга буюмдарын, татымалдарды сатып алышкан. Батыш жана Чыгыш мамлекеттеринин арасындагы мамилелердин өнүгүшүндө Кытайдан башталып, Орто Азиядан өткөн Улуу Жибек жолунун мааниси өзгөчө эле. Бул кербен жолу Жер ортолук деңизинин чыгыш жээгине чейин созулган. Испания, Италия, түштүк Францияны деңиз аркылуу Византия жана Азия мамлекеттери менен байланыштыруу үчүн **Левант**, түндүктө Балтика деңизи аркылуу Лондон, Брюгге, Любек, Новгород шаарларын өз ара байланыштыруу үчүн **Түндүк** соода жолдору болгон. Түндүк соода жолунда жайгашкан Германиянын 70 тен ашуун шаарлары Г**анза шаарлар союздаштыгы**на кирген. Левант жолунда жайгашкан **Венеция жана Генуя**лар күчтүү деңиз флотун түзүп, алардын соодадагы атаандаштыгы кээде согуштарга да айланып кеткен.



*Деңиз жээгиндеги соода шаарлары*



*Орто кылымдардагы базар*

## СООДАГЕРЛЕР ЖАНА БАЗАРЛАР

Шаардыктар өз пайдасына товар сатууну, кимге карызга акча берүүнү, эмнеге акча сарптоону жакшы билишкен. Тыным билбеген соодагерлер байып кетүү максатында алыскы жана кооптуу саякаттарга чыгышкан.

Жер ортолук деңизинин жээктерин бойлой италиялык соодагерлер өздөрүнүн соода турактары – **факторія**лар режимин жаратышкан. Алардын көпчүлүгү Генуялык жана Венециялыктар болушкан. Бул деңиз республикалары укмуштуудай соода жана аскердик флотторуна ээ болушкан. Алардын кемелери Жакынкы Чыгыштан Европага баалуу товарлар: жибек кездемелер, фарфор идиштер, түрдүү татымалдар жана башка нерселерди алып өтүшкөн. Венециялык соодагерлер – Пололор үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү XIII кылымда моңолдор ханынын Азиянын ичкерисиндеги турагына жетип барган. **Марко Поло** 25 жылга созулган саякатынын 17 жылын Кытайды ээлеген моңолдордун ханы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Хубилайдын сарайында кызматта өткөрүп, европалыктардан биринчи болуп бул сырдуу өлкөлөрдү өз китебинде баяндаган. Европалыктар XIX кылымда гана деңиз аркылуу өтүп, XIII кылымда Марко Поло саякаттаган өлкөлөрдү өз көздөрү менен көрүшкөн. Марко Полонун китебиндеги Чыгыш мамлекеттеринин укмуштуудай байлыктары 200 жылдан соң Генуялык деңизчи **Христофор Колумб**да ушунчалык чоң таасир калтыргандыктан, ал кандай болбосун, Индиянын бай жээктерине жетүүнү максат кылат. Европанын көпчүлүк шаарларында алгач базарлар аптанын 1–2 күнүндө болгон. Туруктуу базарлар чоң шаарларда гана иштеген. Товар айырбаштоо жана сооданын өсүшү шаарларда базарлардын курулушуна зарылдык туудурган. Базарлар белгилүү бир буюмдар же продукцияларды сатууга адистеше баштаган. Мына ошентип, Европада кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүгүшү базар, банк, биржаларды пайда кылган.

## ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Цех – бир же бир нече окшош кесип ээлерин бириктирген соода-кол өнөрчүлүк бирикмеси же орто кылымдардын кол өнөрчүлөрүнүн кесиптик негиздеги уюшмасы.**

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Европада кол өнөрчүлүктүн айыл-чарбасынан бөлүнүп чыгуу себептерин көрсөт.**
2. **Европа өлкөлөрүндө жаңы шаарлардын пайда болуу себептерин айтып бер.**
3. **Орто кылымдагы Европа шаарларынын турмушу, көрүнүшү жөнүндө эмнелерди билип алдың? Алардын өлкөбүздөгү XI–XII кылымдардагы шаарлар менен окшош жана айырмалуу жактарын айтып бер.**
4. **Түндүк деңиз соода жолдору жөнүндө эмнелерди эстеп калдың?**
5. **Базарлар орто кылым шаарлары үчүн кандай мааниге ээ болгон?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



20-
тема

# Азиянын орто кылымдагы шаарлары



*Орто кылымдагы шаарлардын көрүнүшү*

**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **Азиянын орто кылымдагы шаарларынын турмушун;**
- **кол өнөрчүлүк жөнүндө;**
- **соода-сатык жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ШААРЛАР

Чыгыш мамлекеттери орто кылымдардын өнүккөн дооруна түрдүү учурларда өткөн. Бул абал ар бир мамлекетте өндүрүштүн өнүгүүсү түрдүү деңгээлдерде болгону менен түшүндүрүлгөн.

Алгач административдик борбор же аскердик шаарлар катары түзүлгөн орто кылымдагы шаарлар, кол өнөрчүлүк жана сооданын өсүп баруусу менен өтө тез өнүккөн.

Азиянын эң ири шаарлары: **Чанъань, Лоян, Ханчжоу, Камакура, Киото, Осака, Дели, Багдад, Бухара** жана **Самарканд** эле. Аларда мектептер, китепканалар түзүлгөн, аалымдар, акындар, сүрөтчүлөр, музыканттар жашап чыгармачылык кылышкан. Азиянын шаарлары мамлекеттин аймактарында пайда болгондуктан, Европа шаарларынан айырмалуу түрдө ири жер ээлерине каршы күрөш алып барышпаган.



*Мечиттин курулушу*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Азиянын ири мамлекеттеринен бири Кытайда орто кылым шаарларынын пайда болушу жана өнүгүшү IX–XIII кылымдарга туура келген. Шаарлар Кытайда императорго баш ийген. Шаарлардын өнүгүүсүнө басып алуучулук согуштары тоскоол болгон. Алсак, Индия жана анын шаарлары орто кылымдарда өтө көп жолу чет эл баскынчыларынын чабуулдарына учураган.

Японияның орто кылымдардагы шаарлары будда ибадатканаларынын айланасында, байланыш бекети жана жолдун үстүндө, деңиз жээгинде, чептердин айланасында пайда болгон. **Хейян** шаары 1177-жылда өрттүн натыйжасында кыйраган. Бул шаар кайра калыбына келтирилгенден соң **Киото** деп аталып, мамлекеттин борборуна айланган. **Киото** көп кылымдар бою Япониянын экономикалык, маданий жана диний борбору болуп калган.



*Орто кылымдардагы Япония*

## ШААРЛАРДЫН ТУРМУШУ

Азиянын шаарлары да өзүнө мүнөздүү өнүгүү жолун басып өткөн. Алсак, Кытайда XI кылымдарда эле шаар куруучулук жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Император жана ак сөөктөр кооз сарайларды курдурушкан. Мамлекетте жыгач жетишпегендиктен, курулушта кыш, чопо жана таштан кеңири пайдаланылган.

Кытайдын ири шаарларында, Батыш Европадан айырмалуу түрдө, тиричилик кызмат көрсөтүүсү жакшы жолго коюлган эле. Эл чопо түтүктөр аркылуу таза суу менен камсыздалган, шаарды шыпырынды жана таштандылардан тазалоо, өрт өчүрүү иштери жолго коюлган.

Азия шаарларынын эли Европаныкына салыштырмалуу көбүрөөк болгон. Алсак, Кытайда орто кылымдарда эле эл өтө тыгыз жашаган.

Чыгыш дүйнөсүндө **Бухара** жана **Самарканд** шаарлары экономикалык, саясий жактан маанилүү борборлордон болгон. Бухара Чыгышта ислам дини, маданият, соода жана кол өнөрчүлүк борборлорунан бири катары таанымал болгон. Ошондуктан, Орто Азияда бийликке келген династиялар бул шаарларды административдик борбор катары тандашкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Шахристан*

Орто Азиянын мусулман мамлекеттери шаарлары жалпы план боюнча: борборунда **арк** – шаар акиминин чеби, анын айланасында – **шахристан** – негизги калк жашоочу турактары менен курулган. Шаардын айланасында **рабад** болуп, анда кол өнөрчүлөрдүн көчөлөрү жана маалелери жайгашкан. Чыгыш шаар куруучулугунда негизги курулуш материалдары таш жана кыштардан турган. Өкүмдарлар, байлар өз сарайларын, короо-жайларын бышкан кыш жана мраморлордон, кедейлер болсо пакса, кесектерден курушкан. Кедейлердин үйлөрү бышык, туруктуу болбостон, бат-бат ремонттоону талап кылган. Мураска калтырылганда, бузулуп, ордуна жаңысы курулган.

## КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК



*Орто кылымдагы кол өнөрчүлүктүн үлгүлөрү. Чыны*

Чыгыш кол өнөрчүлөрү жибек кездемелеринин, жасалга буюмдарынын чоң бөлүгүн чет мамлекеттерге сатуу үчүн өндүрүшкөн.


Азия жана Түндүк Африка шаарларында да кол өнөрчүлүк цехтери шаарлар менен бир учурда пайда болгон. Чыгышта алгач шаар эли салыктардан бошотулган. Мезгил өтүп соодагер жана кол өнөрчүлөрдөн да түрдүү салыктар алына баштаган. Араб халифаты, Япония, Кытайда уста жана соодагерлерден салыктарды цехтин аксакалдары топтоп берген.

Кытайда бардык усталар цехтин мүчөсү болуулары милдеттүү кылып коюлган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Кытай кемеси – Жонка*

Кол өнөрчүлүктүн эң маанилүү багыттары Кытайда жогорку өнүгүүгө жетишкен.

Алсак, кытайлыктар гана 600-700 адам жана дагы көптөгөн жүк сыя турган ири кемелер – **жонкалар**ды курушкан.

Улуу Жибек жолунун кесилишинде жайгашкан Орто Азиянын шаарлары транзиттик сооданын борборлору болгон. Чет элдик соодагерлер Самарканд кагазы жана кездемелерин, Гыждуван карапачылык буюмдарын, мервдик усталардын кездемелерин жана кийимдерин жогору баалашкан.

Орто кылымдарда ирандык усталар парча, жибек кездемелери, жүн килемдери менен даңк тараткан. Ирандан соодагерлер болоттон жасалган курал-жарак, жез жана күмүш идиштерди сатып алышкан.

## СООДА

Араб халифаты, Тан империясы сыяктуу ири борборлошкон мамлекеттердин пайда болушу сооданы жогору киреше булагына айландырган. Ыраакы Чыгыштан Жер ортолук деңизине чейинки аймактарда соода кербен жолдору аркылуу гана жүргүзүлбөгөн. Перс булуңу жана Кызыл деңиз аркылуу араб, инд, кытай соодагерлеринин ондогон кемелери сүзгөн. Азиядан айырмалуу түрдө, Африканын экономикалык жакырлыгы, андагы тынымсыз согуштар материктин чийки зат, туз, алтын, пил сөөгү, татымалдар, бир аз кулдардын булагына айлануусуна себеп болгон. Азиянын базарлары өзүнүн эл көп чогулган жана кызуу соодасы менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



айырмаланып турган. Орто кылым базарлары көбүнчө шаардын дарбазаларына жакын жерде жайгашкан. Шаардын ичинде чакан базарлар болуп, алар конкреттүү продукцияларды сатууга адистешкен. Орто Азия жана Ирандагы ири базарлар бир топ катарларга бөлүнгөн. Ар бир катар белгилүү бир түрдөгү товарды сатуучу соодагерлерди же түрдүү кол өнөрчүлөрдү бириктирген. Алгачкы орто кылымдарда эле Багдадда, Ишбилия (Севилья) жана Гарнота (Гранада – Испания) да мардикер базарлары болгон. Чыгыш базарларында кол өнөрчүлүк устаканалары, дүкөндөрү да жайгашкан. Айрым учурларда көчмө базарлар да түзүлгөн. Ага көчмө соодагерлер жана айланадагы айылдардын өз продукцияларын сатууга чыккан эли топтолгон. Япониянын орто кылымдагы шаарлары: Нара жана Хейян – будда ибадатканаларынын жанында, Отсу – жолдун кесилишинде жана кербен жолун бойлой; Хёго, Сапаи шаарлары – деңиз жээгинде; ал эми шаарга жакын Нагёа шаары курулган.

*Кытайда фарфор өндүрүү*



*Улуу жибек жолу менен бараткан кербен*

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Картадан Азия мамлекеттеринин орто кылымдардагы ири шаарларын көрсөт.**
2. **Азия жана Европадагы шаарлардын пайда болушу жана өнүгүшүндө кандай жалпылык бар?**
3. **Азиянын шаарларынын турмушу жөнүндө эмнелерди окудуң? Сүйлөп бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 21-тема

# Европанын орто кылымдардагы маданияты



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- Улуу Карл эмне себептен элдик мектептерди түзгөнү;
- Эйнгардды эмне үчүн кумурскага окшотушканы;
- Византияда агартуу жана илим-билим кандай өнүккөнү жөнүндө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КАРОЛИНГДЕР ДООРУНУН МАДАНИЯТЫ

Чоң аймактардан турган мамлекеттерди башкаруу үчүн Улуу Карлга сабаттуу мансап ээлери, салыкчылар, судьялар зарыл эле. Ал Рим империясын кайра калыбына келтирүү үчүн маданиятты, оболу байыркы илимдерди кайра калыбына келтирүү зарылдыгын түшүнгөн. Анын доорунда "Каролингдердин кайра жаралуусу" деп аталган маданий өнүгүү башталган.

Карл өз сарайына Италия, Испания, Англия, Ирландиядан билимдүү адамдарды чакырган, ири мансап ээлеринин алдында "элдик мектептерин" ачууну буюруп, мектептерди англ-сакс аалымы, дин кызматкери Алкуинге тапшырган. Алкуин билим берүү системасын жолго коюп гана калбастан, алгачкы китептерди да жазган.

Карлдын Ахендеги сарайында грекче "Академия" түзүлүп, анда падыша жана анын үй-бүлөсү, сарай кызматкерлери, мугалимдер жана окуучулар чиркөө жана байыркы авторлор, "сарай академия"сынын мүчөлөрү жараткан чыгармаларды талкуулашкан.



*Тарыхчы Эйнгард*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аалымдардан бири тарыхчы Эйнгарддын чыгармасынан биз Улуу Карлдын жашоосу жана ишмердүүлүгүнө тиешелүү маалыматтарды алабыз. Эйнгардды – илимге умтулгандыгы жана тырышчаактыгы үчүн – замандаштары **“эмгекчил кумурска”** деп аташкан. Карл Италиядан эки атактуу ырчыларды чакырып, сарайда ырчылар хорун түздүргөн. Император латын жана грек тилдерин билген, жаздыгынын астында дайыма мом сүртүлгөн жазуу тактайы болгон: бош убактысында тамгаларды сулуу жазууга аракет кылган, бирок жазууну өздөштүрө албаган. Карлдын указы менен таштан бир топ сарайлар жана ибадатканалар курулган, алардан Ахендеги сарай копелласы гана (католиктердин кичи ибадатканасы) сакталып калган.



## ВИЗАНТИЯНЫН МАДАНИЯТЫ

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**


*Русь князы Владимир X кылымдын аягында эли үчүн динди тандай баштаганда, анын элчилери Константинополдогу Айя София (Олуя София) ибадатканасы жөнүндө төмөнкүчө эстейт: “Алар бизди өз кудайларына сыйынуучу жерге алып кириши: – биз жердебизби, асмандабызбы – билбейт элек, анткени жер бетинде мындай көрүнүш жана сулуулук жок болгондуктан, ал жөнүндө кандай айтууну да билбейбиз, бир гана нерсени билебиз, ал жерде кудай адамдар менен бирге болот”. Киев князынын христиандыкты Византиядан кабыл алуусунда бул окуя чечүүчү орун туткан болушу ыктымал.*

Орто кылымдардын көп мезгилдеринде Византия өзүнө мүнөздүү жогорку маданияты менен Европанын эң алдыңкы мамлекети болуп калган. Себеби Византия өз кол тийгистигин сактап калгандыктан, анын маданияты Батыш Европаныкы сыяктуу кризисти баштан өткөрбөгөн. Ошол учурда анын маданияты христиан дининин таасиринде өзгөрө баштаган. Байыркы философия бутпарастык деп каралanып, анын ордун дин таануу ээлеген. Мектептер билим берүү даражасынын жогорулугу менен айырмаланып турган. Чыгыш Рим империясынын экономикалык өнүгүшү жаңы окуу жана илимий борборлорду пайда кылган. Константинополдо IX кылымда Магнавр жогорку мектеби, IX кылымдын ортолорунда укук таануу жана философия факультеттери болгон университет ачылган. Борбор калаада жогорку медицина мектеби да иш жүргүзгөн. Византиялыктар географиядан көптөгөн билимдерди топтошкон. Алар карталар жана шаарлардын долбоорлорун сызышкан. Соодагер жана саякатчылар түрдүү мамлекеттер жана элдер жөнүндө мүнөздөмөлөрдү калтырышкан. Византияда тарыхый чыгармалар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Айя София (Олуя Сафия) ибадатканасынын ички көрүнүшү*

жаратууга өзгөчө көңүл бурулган. Кесариялык Прокопий (VI кылым), Лев Дилакон (X кылым), Анна Колениналар (XI кылым) жаркын, кызыктуу чыгармаларды жазышкан. Кол өнөрчүлүк, деңизчилик, соода, медицина, аскердик багыт, айыл-чарбасынын өнүгүшү үчүн кызмат кылуучу табигый илимдер: математика, астрономия, химия өнүк-көн. Мисалы, VII кылымда ойлоп табылган "грек жалыны" (күкүрт, селитра, түрдүү майлардын аралашмасы) деңиз согуштарында узак жылдар үстөмдүүлүктү камсыздаган.

Мозаика (каптама таш, жыгач, мраморлор, түстүү айнектерден иштелген оймо, сүрөт), фреска (ным шыбактын үстүнө түшүрүлгөн түстүү сүрөт) жана иконалар (адатта жыгачтын катуу түрлөрүнөн иштелген Кудайдын, Биби Марям, Инжил сахналары, олуялардын сүрөтү)дын ибадаткана жана монастырлардын архитектурасында колдонулушу Византия маданиятынын эң белгилүү багыты болгон көркөм сүрөт өнөрү багытын жогорку искусство даражасына көтөргөн. Өзүнүн мозаика жана фрескалары менен таанымал Хори монастыры (азыркы Стамбулдун Кахрия мечити) укмуш архитектуралык эстелик болуп саналат. Юстиниан I императорлугу доорунда Константинополдо (532–537-жылдарда) курулган Айя София (Олуя София) ибадатканасы, шексиз, алгачкы орто кылымдардын эң келбеттүү архитектуралык имараты болуп саналат. Анын чоң күмбөзү (диаметри 31,5 метр) болуп, 40 даана терезеси гүлчамбарлар менен курчалган. Ибадаткананын күмбөзү имараттын ичинде ылдыйда турган адамга Асман күмбөзү сыяктуу абада асылып тургандай туюлат.



*Грек жалыны*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Казахстана на сайте UZEDU.ONLINE



## АГАРТУУ

*Орто кылымдарда агартуу*

Орто кылымдарда Европада билим берүү системасы байыркы доордон мурас болуп калган салттардын негизинде түзүлүп, байытылып, жаңы шарттарга ылайыкташтырылып барылган. Бул доордо чиркөө (монастырь, епископтук жана чиркөө мектептери) жана светтик (диний эмес) мектептер ачылган. Мындай мектептерде ак сөөктөр, шаардыктар, дин кызматкерлери жана бай дыйкандардын балдары окуган. Мектептерде "жети эркин өнөр" деп аталган грамматика (бардык предметтердин башаты саналган), риторика (чечендик), диалектика (логика деп аталган), арифметика, геометрия, астрономия жана музыка окутулган. Батыш Европадагы бардык мектептерде орто кылымдардын аягына чейин окутуу латын тилинде алып барылган. XIV кылымга келип ар бир мамлекеттин өз улуттук тилинде окутуучу мектептери ачыла баштаган. Орто кылым мектептеринде окуу жеңил болбогон. Билим алуу жараяны жакшы эс-тутумду, темирдей эрк жана ден соолукту талап кылган. Билим берүү тема боюнча диний көз караштарга негизделген эле. Мектепте окуучулар жаш боюнча класстарга бөлүнбөстөн жаш балдар да, чоңдор да бир класста окуган. Мектептеги балдарга катаалдык менен мамиледе болушкан: аларга үнүн бийиктетип сүйлөөгө, ырдоого, ойноого тыюу салынган, ар кандай туура эмес иш-аракет үчүн жазаланган. Эгерде сабак учурунда тартипке байланыштуу көйгөй жаралса, жардамга таяк алынган жана баш ийбеген окуучулар катуу сабалган. Алсак, Германияда окуучулар устаттарынын жетекчилигинде жылына бир нече жолу токойго таяк даярдаганы барышкан.

Европада борборлошкон мамлекеттердин түзүлүшү менен илим-билимдүү адамдарга болгон талап артып барган. Королдорго мамлекеттин башкаруу иштерин жүргүзүү үчүн тажрыйбалуу мансап ээлери, тажрыйбалуу юристтер керек эле. Өз ишкердик ишин дагы да ийгиликтүү жүргүзүүнү көздөгөн шаардыктар, соодагерлер жана кол өнөрчүлөр болсо математика, астрономия жана медицинадан көбүрөк билимге ээ болууну каалашкан. Бирок чиркөө жана монастырлардагы мектептер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мындай адамдарды даярдай албаган. Ошондуктан заманбап жана сапаттуу билим берүүчү, түрдүү багыттагы илимдер боюнча адистерди даярдоочу жогорку окуу жайлары – университеттер (мугалим жана студенттердин жамаалары) ачыла баштаган. Европада биринчи университеттер XI–XII кылымдарда пайда болгон. Алар мамлекетке да, жергиликтүү чиркөө бийлигине да баш ийбеген. Университеттер Рим папасына гана баш ийип, Рим папасынын демөөрчүлүгүндө болгон.

Европадагы алгачкы университеттер Италияда Болонья жана Франциядагы Париж университети болуп эсептелген. Кийинчерээк Англияда Оксфорд жана Кембриж, Испанияда Севилья, Валенсия, Францияда Тулуза жана Италияда Неаполь университеттери түзүлгөн. Университеттер адатта искусство, медицина, укук жана дин таануу сыяктуу төрт факультеттен туруп, алардын ар бирин декан башкарган. Ал эми бул жамаатын башында шайланган ректор же бийлик тарабынан дайындалган канцлер турган.

Орто кылымдарда университеттин студенттери негизинен медицина, укук жана идеологияны окушкан. Сабактар латын тилинде алып барылып, профессор (тажрыйбалуу мугалим) лекция учурунда латын тилинде жазылган кол жазма жана китептерди бийик үндө окуп, тексттеги татаал тексттерди студенттерге түшүндүргөн. Студенттердин көпчүлүгү университет, чиркөө же бай адамдар тарабынан башкарылуучу коллеждин жатаканаларында (коллегия) жашашкан. Коллегияга кире албаган студенттер шаардыктардан үй-жайды ижарага алууга аргасыз болушкан. Мезгилдер өтүп, Англия жана Францияда коллегиялар жаңы окуу мекемелери – коллеждерге негиз болгон.



*Магнавр жогорку мектеби*

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Ойлоп көрүп жооп бер: эмне үчүн Улуу Карл сарай академиясын түзгөн?**
2. **Византияда (Чыгыш Рим империясында) агартуу жана илим-билимдин өнүгүшүнүн себептери эмнелерден турган?**
3. **Олуя София ибадатканасы дээрлик бир кылым бою музей болгон. Азыркы күндө ал кандай милдетти аткарып жатканын интернеттен аныктап айтып бер.**
4. **Мозаика, фреска жана икона терминдерин энциклопедия жана википедиядан таап, түшүндүрүп бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 22-тема

# Араб халифаты мамлекеттеринин маданияты



**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **эмне себептен арабдар өздөрү ээлеген мамлекеттерден илим жана маданиятты өздөштүрүшкөнүн;**
- **улуу окумуштууларыбыз: Мухаммад ал-Харезмий, Ахмад ал-Ферганий, Абу Райхан Беруний жана Абу Али ибн Синалардын жашоосу жана ишмердүүлүгү;**
- **Чыгыш ойчулдары Абулкасым Фирдавсий жана Умар Хайямдардын илимий мурасын;**
- **Араб халифаты архитектурасы, адабияты, поэзиясы, элдин жашоо шарттары жана үрп-адаттары жөнүндө.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ИЛИМ-БИЛИМ

Арабдар басып алынган мамлекеттердеги илим-билимдин ийгиликтери жана салттарын өздөштүрүп гана калбастан, аларды бирдиктүү абалга келтирип, ислам дини жана араб тилинин негизинде жаңы чокуларга алып чыгышкан. Акырындык менен араб тили багындырылган мамлекеттердин тилдерин четке сүрүп, агартуу, илим жана маданияттын тилине айланган. Араб тилинде документтер расмийлештирилген, талкуулар жүргүзүлгөн, намаз окулган. Дагы бир маанилүү жагы: байыркы доор ойчулдары – Аристотель, Гиппократ жана Евклиддин чыгармалары араб тилине которулган. Байыркы грек авторлорунун көптөгөн чыгармалары бизге чейин араб тилине гана которулган абалда жетип келген. Ушул доордо жетишип чыккан математик, астроном жана башка көптөгөн аалымдар илим-билимдин өнүгүшүнө чоң салым кошушкан.

Бул мезгилде так жана табигый илимдер – математика, астрономия, географиянын өнүгүүсү күзөтүлүп, экономика, кол өнөрчүлүк жана сооданын абдан өнүгүүсүнүн натыйжасында болгон. Бул илимдер өз кезегинде коомдун кийинки өнүгүүсүнө пайдубал жараткан. Мекендешибиз Мухаммад ал-Харезмий (783–850) математиканын тарыхындагы жаңы багыт – алгебрага негиз салган; инд цифра-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ал-Ферганий тарабынан Египетте курулган Нилометр

ларынын негизинде азыркы араб цифраларын жөнөкөйлөткөн, кеңейткен жана биринчи жолу араб тилинде баяндап, анын кеңири таралуусуна салым кошкон. Дагы бир мекендешибиз **Ахмад ал-Ферганий** (797–865) алгач Багдаддагы обсерваторияда иш алып барган, кийин Маамундун тапшырмасы боюнча Дамасктагы обсерваторияда асман телолорунун кыймылын жана ордун аныктоо, жаңыча зиж (астрономиялык жадыбал) жаратуу иштерине башчылык кылган. Ал-Ферганий грек астрономдору, мисал, Птолемейдин “Жылдыздар жадыбалы“ чыгармасында берилген маалыматтарды көрүп чыгуу жана ошол доордогу бардык негизги жерлердин географиялык координаталарын кайрадан аныктоо боюнча алып барылган маанилүү изилдөөлөрдө активдүү катышкан. Булардан сырткары, ал айрым астрономиялык аспаптарды ойлоп табуу, астрономияга тиешелүү араб тилиндеги баштапгыч билимдерди белгилөө жана тартипке салуу иштерине да чоң салым кошкон. **Абу Райхан Беруний** (973–1048) Жердин тоголок экендигин аныктаган, дүйнөнүн борбору Жер эмес, Күн экенин, Жер болсо анын айланасында айланышы жөнүндөгү божомолду илгери сүргөн. Жердин өлчөмүн өлчөөдө жаңы усулду колдоп, бир градус меридиан жаасынын узундугун эсептеп, ошонун негизинде Жердин меридиан айланасынын узундугун эсептеп чыккан. Беруний тригонометриялык усулдардан пайдаланып, тоонун бийиктигин өлчөөдө мурдагы астрономдордон да тагыраак натыйжага жетишкен. Медицина багытында атактуу мекендешибиз **Абу Али ибн Сина** (980–1037) айрыкча таанылган. Аны Европада Авиценна деп аташкан. Ал байыркы дүйнө, инд жана Орто Азиялык табыптардын тажрыйбаларын жалпылаштырып, “Ал-конун фит-тиб” аттуу негизги чыгармасын жараткан.



Илим-билимдин өнүгүшү

География предметин өнүктүрүүгө чоң салым кошкон саякатчылар: **Ал-Маасудий, ибн Даст, ибн Фадлан** жана **ибн Батуталар** дүйнөнү Атлантикадан Тынч океанына чейин, Африкадан Руска чейин кезип, ал жерлердин эли, табияты, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө көптөгөн маалыматтарды калтырышкан. Алардын кемелери ишеничтүү жана бекемдиги, карталары жана деңиз аспап-жабдыктарынын тактыгы менен ажыралып турган.

Батыш Азиянын байыркы жогорку маданияттуу өлкөлөрүнө келген арабдар алгач гректер, еврейлер, сириялыктар, перстер, согдийлерге караганда сабатсыз болгон. Бирок бул элдердин маданиятын өздөрүнө сиңирип, дагы да жогорураак маданияттын пайда болушуна шарт жаратышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Араб халифаты доорунда VIII кылымда Тунисте "Зайтуна", IX кылымда Багдадда "Байт ул-хикма", Фесте (Маракко) "Каровиюн", X кылымда Каирде "Ал-Азхар" сыяктуу илимий мекемелер ачылган. Цивилизациянын чокусу халифа Харун ар-Рашид жана анын мураскору Маамундардын доорунда мамлекеттин борбору Багдадда "Байт ул-хикма" – "Даанышмандык үйүнүн" түзүлүшү болгон. Мусулман дүйнөсүндөгү бул илимий мекемелердин көбү миң жылдан ашык убакыт бою иштеп келүүдө.

**ЭСТЕ САКТА!**


*"Байт ул-хикма" – аалымдарды бириктирген илимий мекеме болуп, анын курамында өтө чоң жана бай китепканасы болгон. Китепканада инд, грек, араб, перс тилдеринде 400 миң томдук кол жазма чыгармалары сакталган. Мекемени байыркы гректердин Платон академиясына салыштыруу мүмкүн.*



*Аалымдардын илимий изилдөөлөрү*

Арабдарда жазма тарых ислам дини менен бир учурда пайда болгон. Мухаммад (с.а.в.) пайгамбардын турмушу, иш-аракети, ислам дини кандай жаратылганы жөнүндө уламыштар, маалыматтар ага негиз болгон. Тарыхчылар арабдар ээлеген аймактардын атын ааламга жайган, ошону менен бирге, Рим, Византия, Иран падышаларынын тарыхын да кыскача баяндашкан.

Арабдар Кытайдан чай жетиштирүүнү, кымбат пергаменттин ордуна арзан кагаз даярдоону, порох жана компастан пайдаланууну үйрөнүшкөн. Деңиз аркылуу араб соодагерлери Индияга баруучу "татымалдар жолун" өздөштүрүп, инддер менен соода-сатык жүргүзүшкөн. Инддерден арабдар цифраларды (тарыхка араб цифралары катары кирген), балкамыштан кумшекер алууну, апельсин жана лимон жетиштирүүнү үйрөнүшкөн.



## АДАБИЯТ

Мусулман адабияты алгач араб тилинде жаратылган. Кийинчерээк X кылымга келип, ал перс тилине которулган жана перс тилинде жазыла баштаган. Мусулман поэзиясы жогорку даражага жетишип, анын көптөгөн түрлөрү калыптанган. Араб соодагерлери жана саякатчылары алыскы өлкөлөрдөн өзгөчө буюмдарды гана эмес, укмуштуу окуялар жөнүндөгү аңгемелер, башка элдердин уламыштары, жомокторун да алып келишкен. Аларды халифа жана ак сөөктөрдүн сарайларында, көңүл ачуучу кечелерде, базар жана көчөлөрдө, баг-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

даддыктардын үйлөрүндө айтып жүрүшкөн. Мына ушундай жомоктор, аңгемелер, уламыштардын негизинде кийинчерээк бүткүл дүйнөгө белгилүү араб адабиятынын ажайып бермети – “Миң бир кече” жаратылган, ал өзүндө көптөгөн элдердин оозеки чыгармачылыгын камтыган.



Арабдарда ислам дини пайда болгонго чейин да бай поэзия болуп, ал өзүндө көчмөн элдин турмушу жана үрп-адаттарын чагылдырган эле. Ар бир уруунун атактуу акындары болуп, алар бардык майрамдарда чыгып сүйлөшкөн. Бул акындар эр жүрөк аскерлерди, өз сөзүнө туруктуу жана берешен адамдарды даңкташкан. Басып алынган элдердин маданияты менен таанышуу арабдардын кызыгууларын өзгөрткөн. Эми акындарга түбөлүктүү темалар: изгилик жана караөзгөйлүк, өмүр жана өлүм, байлык жана жардылык, махабат жана кыянат, дүйнөнүн сулуулугу анын кайгы-түйшүгү илхам берген.

## АРХИТЕКТУРА



Халифатта искусствонун бардык багыттарына караганда архитектура көп өнүккөн. Халифаттын курамындагы мамлекеттерде кооз сарайлар, мечит-медреселер, шаарлар курулган. Испаниядагы бир топ шаарлар: Гранададагы Ал-Хамро сарайы, Севильядагы мечит жана Ал-Касар сарайы, Кордовадагы мечит, Египеттин Каир шаарындагы Хасан мечити, Бухарадагы Исмаил Саманий мавзолейи – араб доорунун архитектурасынын берметтери болуп эсептелген.

Ар бир мусулман шаарында атайын жогорку мектептер – медреселер курулган. Аларда, баштап, “Куран” үйрөнүлгөн. Мусулмандардын түшүнүгүндө, бул билим Алланын адамдарга берген тартуусу болуп саналат. Аны билүү өтө татаал, анткени арабча сөздөрдүн маани-мазмуну көптөгөн түрлөнүүлөргө ээ, жадагалса, адам өзүндө бүткүл ааламдын улуулугун камтышы мүмкүн эмес. Ошол учурда адамдарга мурасты бөлүштүрүү, келишимдер түзүү, жер аянттарын эсептөө, каналдар казуу, намаз жана орозонун убакыттарын аныктоо үчүн зарыл эле. Мечит жана медреселердеги эки мунара – Аллага ишенимде көтөрүлгөн адамдын

*Ал-Хамра сарайынын архитектурасы*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Аалымдардын талкуусу*

колдорунун символу. Мечиттин короосундагы булактагы суудан даарат алган мусулман мечиттин босогосунан кирип, Алла белгилеген туракка кирет. Сыйынып жаткан адам жүзүн Меккени көздөй (аны дубалдагы текче белгилейт) буруп, тиз чөгүп намаз окуйт. Мекке кудум жаркын бермет, Алла жараткан алгачкы турак. Ислам адам жана жаныбарлардын сүрөтүн сызууга тыюу салган, анткени адам сүрөтү сызылган жандыктарга жан тартуулай албайт. Ошондуктан мечит-медреселердин дубалдары "Куран" аяттарын камтыган сулуу араб алиппесиндеги тамгалар менен коозделгон.

## ЖАШОО МҮНӨЗҮ

Халифаттын байлыктары, анын экономикалык өнүгүшү адамдардын, айрыкча, байлардын күндөлүк турмушу үчүн жаңы ыңгайлуулуктарды жараткан. Византия жана перстердин турмушунун көптөгөн салттарын өздөштүргөн арабдар өздөрүнүн турмуштары жана көңүл ачууларын кооз өткөрө алышкан. Кооз буюмдар: назик кездемелер, айнек вазаларды жасоо өнүккөн. Сарайларды жасалгалоо, бактарды жаратууда арабдарга тең келе турган болбогон. Алар китепти сүйүшкөн. VIII кылымда кагаз жасоонун өздөштүрүлүшү китептердин арзан жана жалпы пайдалана ала тургандай болуп баруусун камсыздай баштаган. Ири китепканалар Дамаск жана Багдадда гана эмес, о.э., X кылымда Курдаба халифасынын китепканасында 400 миң кол жазма сакталган.

Арабдардын зыяпаты назиктиги менен ажыралып турган. Дасторкондун айланасында өзүн тутуунун назик адеп-нормалары, тамактарды тартуу, колдорду тамактануудан мурда жана кийин жууш, тиштерди тазалоо эрежелери киргизилген.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Эмне себептен халифаттын илим-билими жана маданияты «араб цивилизациясы» деп аталат?**
2. **Халифатта илим-билим жана маданияттын өнүгүшүндө кайсы факторлор таасир көрсөткөн?**
3. **Орто Азиялык ойчулдардан халифаттык доорунда ишмердүүлүк жүргүзгөндөрү жөнүндө кошумча булактардын негизинде презентация даярда.**
4. **Адабият, архитектура жана искусство багытындагы кайсы ийгиликтер бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 23-тема

# Кытай, Корея, Япония жана Индия элдеринин маданияты




**СЕН БИЛИП АЛАСЫҢ:**

- **кытайлыктардын үрп-адаттарын жана салттарын;**
- **Кореянын маданиятын;**
- **Япониянын маданиятын;**
- **Индиянын маданиятын.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫТАЙЛЫКТАРДЫН ҮРП-АДАТЫ ЖАНА САЛТТАРЫ

Кытайлыктар шыбы жок үйлөрдө жашашкан. Үйдө чийдин үстүндө отурушкан, тамактанышкан жана укташкан. Короо кичи шаарды эстеткен. Уруксатсыз башкалардын короосуна кирүүгө тыюу салынган. Кытайлыктар жөнөкөй, бирдей көрүнүштөгү кийим кийишкен. Тамак-ашты тандабастан, дээрлик бардык нерселерди жешкен. Кытайлыктарда тамактан соң суу ичүү адат болгон. III–IV кылымдарда кытайлыктар чай өсүмдүгүн билгенден соң, бул дары болумдуу өсүмдүккө кызыгып калышкан. Чайды акындар даңазалашкан, ал жөнүндө китептер жазышкан. XIV кылымга чейин чайды суюк тамак сыяктуу бышырышкан.

Кытайда майрамдарды өтө жакшы көрүшкөн. Алардын эң чоң майрамы Жаңы жыл эсептелген. Эски жылды узатуу жана жаңы жылды күтүп алуу күндөрүндө кулактарды тундуруучу домбура жана барабандардын үндөрүнүн астында, түрдүү жомоктогу жандыктар түрүндө кийинген адамдар чогулгандардан белек сурашкан. Андан сырткары, элдик карнавал –



*Кытай дыйканчылыгы*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

"чырактар майрамын" өткөрүшкөн. Бүткүл шаарды кооз чырактар менен кооздошкон. Ошол түндө бардык жалындар өчүрүлүп, муздаган тамактар жейилген жана жаңыдан от күйгүзүлгөн. Түшүм майрамы да салтанаттуу түрдө белгиленген.

Кытайдагы эң кеңири жайылган оюн он кишиден турган жамаалардын топ менен ойнолуучу оюну болгон. Бул оюнду заманбап футболдун алыскы үлгүсү деш мүмкүн. Кытайлыктар чавган оюнун да сүйүп ойношкон.



Кытайда чай жетиштирүү




## ДИН ЖАНА МАДАНИЯТ


Б.з.ч. I миң жылдыктын ортолорунан Кытайдын жогорку катмар өкүлдөрүнүн арасында буддизм дини тарала баштаган. Бирок жөнөкөй эл түбөлүктүүлүктү убада берүүчү, бийлик, байлык жана шан-шөөкөткө берилүүнү каралоочу, теңдикке чакыруучу **даосизм**ди жактаган. Ошол учурда мамлекетте конфуцийликтин бедели ашкан. Конфуцийликке ылайык, кытайлык адам боорукер, башкаларга жамандык кылбоочу, улууларды, айрыкча, ата-энелерин урматтоосу керек. Ошол ахлак эрежелерин туруктуу мыйзамдарга айландырган кытайлыктар өз турмуштарын тигил же бул даражада иретке салышкан.

Мамлекет билим берүүнүн камын көргөн. Анткени ага билим алган мансап ээлери зарыл эле. Маалыматтуу болуу үчүн окуу, жазуу, эсептөөдөн сырткары, жаадан ок атуу, согуш арабасын башкара алуу эрежелерин жана музыканы билүү талап кылынган. Айрым монастырларда согуш өнөрү "у-шу" да үйрөтүлгөн. Кытайлыктар математика, астрономия, медицинада чоң ийгиликтерге жетишкен. Алар порох (андан алгач салют атууда пайдаланышкан), компас жана сейсмографты ойлоп табышкан. Кытайда IX кылымда эле алгачкы бөртмө иероглифтүү китеп басмадан чыгарылган. Алгачкы газета басып чыгарылган. Чоң китепканалар ачылган. Тарых жана география предметтери өнүккөн. 11000 томдуу, 900 миң барактан турган чоң энциклопедиялар түзүлгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*Кагаз даярдоо жараяны*

## КОРЕЙС МАДАНИЯТЫ

Узак өтмүштө корейстер да башка элдер сыяктуу табияттын күчтөрүн ыйык тутуп, алардын катарына түрдүү рухтар жана адаттан тыш күчтөрдү кошушкан. Кытайда кеңири жайылган конфуцийлик окуусунун коңшу мамлекеттерге, алсак, Кореяга таасири күчтүү болгон. Бул жерде конфуцийликке ишенүү байыртадан башталган болсо да, анык убакыты үч королдук дооруна туура келиши: III кылымда Когурё, андан соң IV кылымда Пэкче жана аягында VI кылымда Силлада күзөтүлгөн.

Кореяда буддизмдин таралышы IV кылымдын аягына туура келет. Белгилүү болгондой, буддизмди Кореядан мурда кадамы жеткен жерлеринин ичинде Сурхандарыя да болгон. Оазистеги буддизм ибадатканаларынын курулуш стили Кытайда да колдонулган. Демек, буддизм Орто Азия аймагынан Кытайга жана андан Кореяга өткөнгө чейин түрдүү диний ынанымдардын чөйрөсүнө ылайыкташып барган. Ошондуктан да Буддизм окуусу Кытайдагы сыяктуу, Кореяда да салыштырмалуу тез тараган. Жаңы ынанымдын жергиликтүү падышалардын көңүлүн бурганы дин кызматкерлерин мамлекеттин социалдык-саясий турмушунда олуттуу жана активдүү иш жүргүзүүсүнө шарт жараткан. Силла королдугунда король кеңешчисинин кызмат ордуна башкы будда кечили дайындалган. Бул болсо буддизмдин тартип жана көрсөтмөлөрүн сарай аркылуу таратууга мүмкүнчүлүк берген. Ага мисал кылып төмөнкү бешинчи жана жетинчи буйруктар текстинин нускасын көрсөтүп өтүү мүмкүн.

### БЕШ БУЙРУК:

1. достукка туруктуулукту үйрөнүү;
2. согуш талаасынан чегинбөө;
3. себепсиз кан төгүүдөн сактануу;
4. королго берилгендик менен баш ийүү;
5. ата-энеге берилгендик менен кызмат кылуу.

### ЖЕТИ БУЙРУК:

1. ар кандай тирүү жандыкка зыян тийгизбөө;
2. жалкоо болбоо, бузуктукка берилбөө;
3. ойлонбой сөз сүйлөбөө жана кайдыгер болбоо;
4. мас кылуучу ичимдиктерге берилип кетпөө;
5. өзүн башкалардан эч качан жогору койбоо;
6. жыт таратуучу чөптөрдөн пайдаланбоо;
7. гүлдөр жана жандын жыргалчылыгынан дайыма алыс жүрүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Корея базары*

Буддизм мамлекеттик статуска жетишкен учурда моңол хандарынын баскынчылыктары башталган. Моңолдордон жеңилүүнүн себептерин сарайдагылар буддизмден көрүшкөн. Кече эле салыктардан бошотулган буддизм ибадатканалары мамлекет тарабынан четке кагылган. Дин кызматкерлеринин шаарда жашоосу бийликчил топко жакпагандан соң, алар тоолордун койнунан жай издеп, ошол жерлерде өз ибадатканаларын кура баштакшан. Натыйжада Кореяда XIII кылымдан соң курулган ибадатканалар дал ошол баруу кыйын болгон жерлерде курулган.



*Корейс будда ибадатканасы*

Ислам дининин Корея жергесине кирип келиши VII–X кылымдарда араб соодагерлеринин деңиз жолдору аркылуу Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттери менен соода-сатык мамилелерин орнотуу дооруна туура келген. Тарыхый булактарда жазылышынча, бул жаңы өлкө жана анын эли арабдарга жагып, кийинчерээк жарым аралда мусулман соода катарлары пайда болгон. Алсак, IX кылымга тиешелүү араб деңизчилерине таандык документте: *“Кытайдын артындагы деңиздин наркы жагындагы тоолуу жерлерде алтынга бай Силла мамлекети бар”*, деп жазылган. Араб соода кемелеринде Кореяга негизинен дары болумдуу өсүмдүктөр, дары-дармектер, жез, жүзүм жана жүзүм шербети келтирилген. Соодагерлер бул жерде өз товарларын алтын, күмүш жана кийим-кечелерге айырбашташкан. Арабдардын Кореяга баруулары доорунда өздөрү менен алып келген мусулман маданияты, илим-билимдин ийгиликтеринин ичинде корейстер үчүн эң баалуу жана асылы – бул күн жана айдын тутулуу убактысын аныктоочу мусулман календары эле. Корея жөнүндөгү алгачкы араб жазма маалыматтары европалыктардыкына караганда төрт-беш кылым мурда жазылгандыгы менен баалуу. Араб жана корейс соода-маданий мамилелери Корё династиясынын кулашына чейин созулган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ЯПОНИЯ МАДАНИЯТЫ



Орто кылымдагы Япония шаарынын эли

Кытайдан кирип келген буддизм Япониянын руханий маданиятына, үрп-адаттары жана элдин адеп-ахлак номаларына чоң таасир көрсөткөн. Мамлекетте илимдүү катмар деп буддизм дин кызматкерлери саналган. Бирок VIII кылымда эле Японияда ак сөөктөрдүн балдары үчүн мектептер курула баштаган. Ошого карабастан, жаштардын бир бөлүгү мыйзамдарды жана адабиятты үйрөнүү үчүн Кытайга барышкан. Билимдүү япондор байыртадан кытай иероглифтери менен жазышкан. IX кылымдын ортолорунда япон алиппеси ойлоп табылган. Ал Кытай жазуусуна негизделсе да, жазуу үчүн бир кыйла ыңгайлуу болгон. Японияда да ыр жазуу жана музыкалык аспаптарды чертүү сабаттуу адамдар үчүн зарыл болуп саналган. Шаардыктардын арасында акындар көп болгон, жадагалса алардын конкурстары да өткөрүлгөн.



Япон музыканттары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## ИНДИЯ МАДАНИЯТЫ


*Индиянын Ажанта шаарындагы үңкүр-ибадатканалар*

Орто кылымдарда Индияда табигый илимдер кыйла өнүккөн. Инддер азыркы араб цифралары деп аталуучу эсептөөнүн ондук системасын жаратышкан. Биздин мектеп арифметикасын да инддер ойлоп тапкан. Инддердин байыркы дары болумдуу өсүмдүктөр менен дабалоо усулдарын азыркы күндө да заманбап доктор-аалымдар изилдешет. Бул доордо санскрит тилиндеги адабият өнүккөн. Улуу драматург ***Калидаса***нын пъеса жана чыгармалары көптөгөн заманбап тилдерге которулган. Мусулмандар доорунда мамлекетте перс тилиндеги адабияттар да пайда болгон.

**БИЛГИЧТЕР ҮЧҮН!**

*Санскрит – Индиянын байыркы жана орто кылымдардагы адабий тили. Инд уста-куруучулары аскаларды оюп же таштан улуу ибадатканаларды курушкан. Бул ибадатканалар рельефтер, айкелдер жана оймолор менен коозддолгон. Дели султандыгында укмуштуудай мусулман ибадатканалары жаратылган. Инддер музыка жана бийди жакшы көрөт. Алар бийге бий катары гана карабастан, ал аркылуу махабат, кудайлар жана мифтеги каармандар жөнүндө баяндашкан. Алардын бийинде ар бир дене кыймылы, ар бир мимика (айрыкча кол бармактары аркылуу) терең маани-мазмунду туюнтат. Бийчи же аял бийчи өз кесибин жылдар бою ээлеген.*


*Калидаса*


Инддер да өзүнө мүнөздүү курулуш жана архитектура салттарына ээ болуп, бул багытта чоң ийгиликтерге жетишишкен. Алар курган имараттардын арасында эң белгилүүсү ***Ажанта*** буддизм ибадатканасы болуп, ал тогуз кылым (б.з.ч. II – б.з.ч. VII кылым) бою курулган. Архитекторлор тарабынан бул ибадаткана аскаларга оюп иштелген 29 бөлмөдөн турган болуп, бөлмөлөрдүн дубалдары рельефтер менен капталган, айкелдер жана түркүн оймолор менен коозддолгон.

Бийликке мусулмандардын келиши менен түндүк Индияда жаңы мечит, медресе, мовзелей, мунаралардын геометриялык оймолор жана араб жазуулары менен коозддолгон күмбөздөрү курулган. Алсак, борбордо бийиктиги 70 метрдик Кутб Минар мунарасына ээ мечит курулган. Мусулмандар бийлиги учурунда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



инд айыл жамаалары эски каста мыйзамдары боюнча жашоону улантышкан. Өкүмдарлардын сарайларын инд усталары курушкан, салыктарды инд мырзалары эсептеп, тыйындарды да инддер соккон. Дели султандыгынын сарайында брахман – астрологдор жашап, жакшы күндөрдү алдын ала айтышкан, брахман – табыптар ооруларды дабалашкан.

**ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО!**

*Орто кылымдарда Түштүк Азияда индуизм, буддизм ислам диндеринин таасиринде өзүнө мүнөздүү курама маданият калыптанган.*

## КҮНДӨЛҮК ТУРМУШ, ҮРП-АДАТТАР, САЛТТАР

Бай инддер чоң короо-жайларда жашашкан. Үй эмеректеринен жөлөнгүчтүү жумшак стулдар, кроваттар болгон. Полго чий, килемдер же жаныбардын терилери төшөлгөн. Кембагалдары камыш алачыктарда жашашкан. Эркектер жана аялдардын кийимдери өтө жөнөкөй эле. Эркектер көчөгө чыкканда узун көйнөк жана жамынчы таштап алышса, аялдар денелерин жаап туруучу бир нече метр узундуктагы кездемеден оромо кийим (сари) кийишкен. Мусулмандардын таасиринде кийинчерээк көйнөк кийишкен. Инддер жасалгалар жана упа-эндиктерди өтө жакшы көрүшкөн. Кыз-келиндер майрамдарда өздөрүн гүлдестелер менен жасалгалоону жактырышкан. Инддердин көпчүлүгү сүттүү жана өсүмдүктөрдөн даярдалган тамактар менен азыктанышкан. Уй эти жана спирттүү ичимдиктерди дээрлик ичишпеген. Себеби алар дин тарабынан тыюу салынган. Алар шахматты ойлоп табышкан, ашык оюнунан эргүү алышкан. Спорт оюндарына жетишинче маани беришкен.

**СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Кытайлыктардын күндөлүк турмушу, үй-жайы, кийимдери, тамактары жөнүндө сүйлөп бер.**
2. **Кытай маданиятынын орто кылымдардагы негизги ийгиликтерин айтып бер.**
3. **Кореяда таралган конфуцийлик, буддизм жана ислам диндерине салыштырма баа бер.**
4. **Япониянын маданияты жөнүндө эмнелерди билип алдың?**
5. **Инд цивилизациясынын өнүгүү даражасына баа бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# МАЗМУНУ

**Киришүү** ........................................................................................ 3



## I БӨЛҮМ. ОРТО КЫЛЫМДАРДА ЕВРОПА ЭЛДЕРИ (V-XIII кылым)

**1-тема:** Герман уруулары жана Рим империясы ........................................ 6
**2-3-тема:** Франктар мамлекети: королдуктан империяны көздөй ................ 12
**4-тема:** Британиядан – Англияга ........................................................ 22
**5-тема:** Ыйык Рим империясы ................................................................ 30
**6-тема:** Византия: Батыш менен Чыгыштын арасында ............................ 36
**7-тема:** Славян мамлекеттеринин түзүлүшү ........................................... 42



## II БӨЛҮМ. V-XIII КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ ЖАНА АМЕРИКА

**8-тема:** Жаңы диндин бешиги ................................................................ 50
**9-тема:** Араб халифаты: ислам ааламынын пайда болушу ...................... 56
**10-тема:** Селжуктардын мамлекети ......................................................... 62
**11-тема:** Моңолдордун мамлекети .......................................................... 66
**12-тема:** Индия – “Миң укмуштар мамлекети” ........................................ 72
**13-тема:** Кытай – “Асман асты империясы”: өнүгүү жана алсыроо............ 78
**14-тема:** Корея орто кылымдарда ........................................................... 84
**15-тема:** Күн чыгыш мамлекети – Япония орто кылымдарда ...................... 88
**16-тема:** Америка орто кылымдарда ........................................................ 92



## III БӨЛҮМ. ОРТО КЫЛЫМ ЭЛДЕРИНИН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ ЖАШООСУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

**17-тема:** Орто кылымдарда христиан ааламында болуп өткөн өзгөрүүлөр.. 100
**18-тема:** Кресттүүлөрдүн жортуулдары ..................................................... 106
**19-тема:** Европада орто кылым шаарларынын өзүнө мүнөздүүлүгү.......... 116
**20-тема:** Азиянын орто кылымдагы шаарлары ......................................... 124
**21-тема:** Европанын орто кылымдардагы маданияты ................................ 130
**22-тема:** Араб халифаты мамлекеттеринин маданияты ............................ 136
**23-тема:** Кытай, Корея, Япония жана Индия элдеринин маданияты.......... 142



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дүйнө тарыхы 7 [Матн] : 7-класс үчүн окуу китеби / Л.М. Насруллаев [жана башк.].
-Тошкент: Республика таълим маркази, 2022.-152 б.

ISBN 978-9943-8371-5-7 УЎК 94(100)(075.3)
КБК 63.3(0)я72

***O'quv nashri***

**Tursun Salimov, Laziz Nasrullayev,**
**Nurhayot Hakimov, Sanjar Kushbekov, Bahodir Mahmudboyev**

# JAHON TARIXI

*Umumiy o'rta ta'lim maktablarining*
*7-sinflari uchun darslik*
*(qirg'iz tilida)*

Которгон: Айнура Зулпихорова

Редактору: Кайратбек Токтобаев

Корректору: Анваржон Зулпихоров

Сүрөтчүсү: Дилназа Мирхакимова

Техникалык редактору: Акмал Сулейманов

Дизайнери: Артур Нуруллаев

Компьютерде беттеген: Артур Нуруллаев

Басууга уруксат берилди 28.06.2022. Форматы 60x84 1/8.
«Arial» гарнитурасы. Кегли 12 шпондуу. Офсеттик ыкмада басылды.
Шартуу басма табагы 17,67. Эсептик басма табагы 19,76.
Тиражы ______ нуска. Буйрутма № ____.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |
| 7 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандыраарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандыраарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандыраарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандыраарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE